КЫРГЫЗ БАНКЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЁТ 2024

Бишкек-2025

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2024-жыл үчүн жылдык отчёту.**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2024-жыл үчүн жылдык отчёту Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 11-августундагы № 92 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 50 жана 64-беренелерине ылайык даярдалган.

Улуттук банктын 2024-жыл үчүн жылдык отчёту Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 19-мартындагы №2025-П-10-11-1-(ВД) токтому менен бекитилген.

**Редакциялык кеңеш:**

| | |
|---|---|
| Төрага: | Ж.С. Сулайманбекова |
| Кеңештин мүчөлөрү: | У.Т. Жамалидинов |
| | А.Б. Абылгазиева |
| | М.Ш. Акулуева |
| | Э.М. Жапарова |
| | А.М. Карабаева |
| | У. Капаркул уулу |
| | А. Мамбеткул кызы |
| | А.О. Орозалиев |
| Жооптуу катчы: | Н.М. Сырдыбаева |

Сандарды тегеректөөдөн улам, акыркы катардагы суммалар дал келбей калышы мүмкүн.

Басылманы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен гана кайра басууга уруксат берилет, ал эми цитата келтирүүдө булагын милдеттүү түрдө көрсөтүү талап кылынат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2025-жыл.

Басылманын мазмунуна жана аны таркатууга байланыштуу суроолор менен 720001, Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168 дареги боюнча жайгашкан Улуттук банктын Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын басылмалар бөлүмүнө кайрылуу зарыл.

| | |
|---|---|
| Телефон: | (+996 312) 61 08 59 |
| Электрондук почта: | nsyrdybaeva@nbkr.kg |
| | www.nbkr.kg |

"M-MAXIMA" ЖЧК тарабынан калыпка
салынган жана басылып чыгарылган.
Бишкек ш., Тыныстанов көчөсү, 197/1.
Тиражы: 200 нуска.

# МАЗМУНУ

## 1-китеп

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасынын кириш сөзү .................................................... 4**

**Жыл жыйынтыктары (инфографика) ............................ 6**

**I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2024-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2024-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮШҮ .......................................................................... 10

1.1. Экономиканын реалдуу сектору .................................. 10

1.2. Мамлекеттик финансы сектору .................................. 13

1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми .................. 15

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2024-ЖЫЛДАГЫ ИШИ**

2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ ........................... 20

2.1. Акча-кредит саясатынын максаты жана милдеттери .. 20

2.2. Акча-кредит саясатын ишке ашыруу .......................... 21

2.2.1. Ачык рынокто ишке ашырылган операциялар...... 22

2.2.2. Банктар аралык акча рыногунда ишке ашырылган операциялар .................................................. 24

2.2.3. Банктарды кайра каржылоо операциялары ........... 25

2.2.4. Ички валюта рыногунда ишке ашырылган операциялар ........................................................................ 26

2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар .................................. 28

2.3. Эл аралык резервдерди тескөө..................................... 28

2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары ...................... 30

3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮ ........................................................................ 34

3.1. Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама.......... 34

3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү боюнча баяндама ................................................................. 46

3.3. Ислам каржылоо принциптеринин өнүгүшү................ 51

4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ .................................. 54

4.1. Төлөм системасы боюнча баяндама ............................ 55

4.1.1. Төлөм инфраструктурасы ........................................ 55

4.1.2. Накталай эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар ......................................................... 61

4.1.3. Төлөм системасынын ишин көзөмөлдөө (оверсайт) ....................................................................... 62

4.2. Санарип төлөм технологияларынын өнүгүшү ............. 63

4.3. Санарип сом ................................................................... 64

5-ГЛАВА. НАК АКЧА ЖҮГҮРТҮЛҮШҮ ....................... 66

5.1. Нак акчаны жүгүртүүнү уюштуруу ............................. 66

5.2. Коллекциялык монеталар ............................................ 69

5.3. Аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалар ................ 71

5.4. Аффинаждалган алтын куймалар ................................ 73

6-ГЛАВА. КӨЗӨМӨЛГӨ АЛЫНГАН УЮМДАРДЫ ЖӨНГӨ САЛУУ ............................................................... 74

6.1. Лицензия-уруксат берүү иши....................................... 74

6.1.1. Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо ..74

6.1.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялоо ................................................................ 75

6.1.3. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялоо жана каттоо ..... 76

6.2. Көзөмөлгө алынган уюмдардын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө методологиясы ..................................... 77

6.2.1. Коммерциялык банктардын ишин жөнгө салуу методологиясы ............................................................. 78

6.2.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салуу методологиясы ................................ 80

6.2.3. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин жөнгө салуу методологиясы .................................................................... 81

6.3. Жөнгө салуу жана көзөмөлдөө .................................... 82

6.3.1. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө ....82

6.3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө ...................................................................... 83

6.3.3. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө.................. 84

7-ГЛАВА. КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮН УКУГУН КОРГОО ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК САБАТТУУЛУКТУ ЖОГОРУЛАТУУ ......................................................................... 85

7.1. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо................................ 85

7.2. Финансылык сабаттуулукту жогорулатуу ................... 86

8-ГЛАВА. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ .................... 89

9-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК ӨНҮГҮШҮ ......................................................................... 93

9.1. Уюштуруу түзүмүн өнүктүрүү..................................... 93

9.2. Улуттук банкта чечимдерди кабыл алуу системасы ....97

9.3. Тобокелдиктерди тескөө системасы жана ички контролдоо....................................................................... 97

9.4. Мыйзамдарды өркүндөтүү .......................................... 99

9.5. Коммуникациялык саясат .......................................... 100

**III. ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уюштуруу түзүмү........................................... 104

2-тиркеме. Негизги комитеттер жана комиссиялар....... 105

3-тиркеме. Статистикалык маалыматтар (таблицалар) 109

4-тиркеме. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын маалымат каражаттары................................ 134

5-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси............... 137

***Урматтуу окурмандар!***

*Сиздердин назарыңыздарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2024-жыл үчүн жылдык отчёту сунушталды, анда биздин ишибиздин негизги жыйынтыктары, өлкөнүн финансы секторунун учурдагы абалы чагылдырылган.*

*Тышкы шарттар 2024-жылы Улуттук банктын акча-кредит саясатын аныктаган негизги факторлордун бири бойдон калган. Геосаясаттагы чыңалуунун күчөшү жана дүйнөлүк сооданын фрагментация процесстери азык-түлүккө жана чийки зат товарларына баанын жогорку деңгээлде өзгөрүлмөлүү болушун шарттаган. Региондогу бир катар өлкөлөрдө инфляциялык процесстердин жана валюталык тобокелдиктердин жогорулагандыгы байкалган.*

*Мындай шарттарда Улуттук банктын салмактанып алынган акча-кредит саясаты биздин башкы максатыбыз – инфляция деңгээлин 7,3 пайыздан 6,3 пайызга чейин төмөндөтүүгө, улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн сактап калуу менен өлкөдө баа туруктуулугун камсыз кылууга жетишүүгө мүмкүндүк берди. Бул, өз кезегинде, макроэкономикалык туруктуулукту сактоого жана экономиканын узак мөөнөткө туруктуу өсүшүнө өбөлгө түздү.*

*Жалпысынан, колдоого алынган монетардык шарттар банктар аралык акча жана валюта рынокторунда туруктуулукту сактоону шарттады. Ликвиддүүлүктү жана коопсуздукту камсыз кылуу принциптерине негизделген эл аралык резервдерди натыйжалуу тескөө эл аралык резервдердин көлөмүн 57,2 пайызга – 5,1 млрд АКШ долларына чейин көбөйтүүгө мүмкүндүк берди, бул тарыхый максимум болуп саналат.*

*Коммерциялык банктар жана банк эмес финансы-кредит уюмдары негизги көрсөткүчтөрдүн кыйла өскөндүгүн жана финансылык ортомчулук деңгээлин жогорулатуу үчүн потенциал бар экендигин көрсөтүү менен туруктуу өнүгүүнү уланткан.*

*2024-жылы банк секторунун чогуу алгандагы активдери 32,8 пайызга, ал эми кредит портфели 32,2 пайызга өскөн. Банк секторунун депозит базасынын көлөмү 37,3 пайызга өскөн, бул калктын банк системасына ишеними бекемделгендигин түшүндүрөт.*

*Жыл жыйынтыгы боюнча банк эмес сектордун активдери 29,7 пайызга, ал эми кредит портфелинин көлөмү 23,2 пайызга жогорулаган.*

*Улуттук банк коммерциялык банктар, банк эмес финансы-кредит уюмдары, төлөм уюмдары жана алмашуу бюролору тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарынын, анын ичинде террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзам талаптарынын сакталышын көзөмөлдөө ишине өзгөчө көңүл бурган.*

*Кыргыз Республикасынын төлөм системасы 2024-жылы туруктуу режимде иштеген. Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программаны ишке ашыруунун алкагында калкты накталай эмес төлөм ыкмаларын колдонууга, санарип банктык кызмат көрсөтүүлөрдү жана төлөм инфраструктурасын өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү боюнча иш-чаралар өткөрүлгөн. Бул Кыргыз Республикасына улуттук*

*стандарттагы QR-коддор аркылуу төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү үчүн ар кандай төлөм системаларынын системалар аралык интеграциясын камсыз кылуу жагында ЕАЭБ өлкөлөрүнүн банк секторунда алдыңкы орундарга чыгууга шарт түзгөн.*

*Отчёттук жылы QR-коддорду колдонуу менен жүргүзүлгөн төлөмдөр өткөн жылга салыштырганда 20,9 эсеге көбөйгөн. Банктык төлөм карталарынын саны жыл ичинде 2,3 млн даанага өсүү менен 9,2 млн даанага жеткен.*

*Улуттук банктын калк үчүн накталай эмес төлөмдөрдүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу жана санарип банктык кызмат көрсөтүүлөрдү кеңири жайылтуу максатында кабыл алган маанилүү чечимдеринин бири мобилдик тиркемелер жана интернет-банкинг аркылуу ишке ашырылуучу акча которуулар үчүн комиссияларды алып салуу болгон.*

*2024-жылы "Санарип сом" долбоорун ишке ашыруу боюнча иштер жигердүү алдыга жылган. Санарип сомдун укуктук статусун аныктаган мыйзам долбоорлору иштелип чыгып, Жогорку Кеңештин кароосуна сунушталган. Санарип сомду жайылтуунун укуктук жана жөнгө салуучу маселелерин иштеп чыгуудан тышкары технологиялык иштер дагы жүргүзүлгөн. Анын алкагында платформага карата коюлган негизги талаптар аныкталып, санарип сомдун прототибинин техникалык талаптары жеткире иштелип чыккан.*

*Ошону менен бирге, отчёттук жыл ичинде финансы кызматтарын керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо Улуттук банктын артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп эсептелет. Жарандарды алдамчылык операцияларынан коргоо максатында аралыктан кредит берүүдө кредит берүүнү "токтотуп туруу мезгили" киргизилген.*

*Улуттук банк өз ишин тиешелүү бардык багыттар боюнча мындан ары да уланта берет, аны менен өлкөнүн экономикасын туруктуу өнүктүрүүгө салымын кошот.*

*Бул отчёт маалыматты ачык, ишенимдүү жана толук сунуштоо принциптерине негизделип даярдалган жана көз карандысыз эл аралык аудит тарабынан тастыкталган финансылык отчётту камтыйт.*

**Төрага**  **М. Тургунбаев**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

КЫРГЫЗ БАНКЫ

## АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ

Керектөө бааларынын индекси

2024-жылдын декабры
2023-жылдын декабрына карата **6,3%**

## ЭЛ АРАЛЫК РЕЗЕВДЕР

Эл аралык резервдер көлөмү

**57,2%** пайызга көбөйгөн
(5 088,1 млн АКШ доллары)

## КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮН УКУГУН КОРГОО

**1 217** адамга консультациялык-укуктук жардам көрсөтүлгөн

## ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

QR-кодду колдонуу менен өткөрүлгөн төлөмдөрдүн жана которуулардын саны 64,8 млн

**20,9** эсе өсүү

QR-кодду колдонуу менен өткөрүлгөн төлөмдөрдүн жана которуулардын көлөмү 85,2 млрд сом

**26,2** эсеге өсүү

## ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮ

ФКУ активдери

**32,6%** көбөйгөн (876,1 млрд сом)

ФКУ кредит портфели

**31,0%** көбөйгөн (389,6 млрд сом)

ФКУ депозиттик базасы

**37,4%** көбөйгөн ( 599,9 млрд сом)

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2024-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

# 1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2024-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮШҮ

Кыргыз Республикасынын экономикасында 2024-жыл ичинде жогору өсүш арымы катталган – өлкөнүн ички дүң өнүмү (ИДӨ) реалдуу мааниде алганда 9,0 пайызга жогорулаган. Буга экономиканын негизги секторлору, өзгөчө кызмат көрсөтүүлөр жана курулуш секторлору алгылыктуу салым кошкон. Калктын айкын кирешеси өсүп, ички керектөө көлөмү андан ары жогорулаган.

2024-жылдын акырына карата Кыргыз Республикасында инфляция жылдык мааниде 6,3 пайызды түзүү менен акча-кредит саясатынын орто мөөнөттүү максаттуу көрсөткүч диапазону – 5-7 пайыз чегинде сакталып турган, буга Улуттук банктын өлкөдө баа туруктуулугун камсыздоо чараларынын негизинде жетишилген.

Салык-бюджет секторунда фискалдык консолидациялоо саясаты сакталган – 2024-жылы мамлекеттик бюджет профицити ИДӨгө карата 2,4 пайызды түзүү менен 2023-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда ИДӨгө карата 1,0 пайыз деңгээлине жогору түптөлгөн.

Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык ишмердүүлүгү регионалдык соодадагы кырдаалдын өзгөрүшү менен мүнөздөлгөн. 2024-жыл ичинде экспорттун өсүшү менен катар импорттун кыскаргандыгы байкалган, мунун натыйжасында күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосу ИДӨгө карата 25,2 пайызды түзгөн.

Дүйнө жүзү боюнча жогору белгисиздик жана геосаясый факторлор сакталып тургандыктан, отчёттук жыл ичинде жалпы алганда Кыргыз Республикасынын экономикасына тышкы шарттардын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүндө жогору инфляциялык шарттардын, дүйнөлүк чийки зат товарлар рынокторунда баалардын кескин өзгөрүүсү жана эл аралык финансылык рыноктордо ар тараптуу тенденциялардын таасири уланган. Тышкы экономикалык тобокелдиктерге карабастан өлкөнүн экономикасында арымдуу өнүгүү тенденциясы сакталып турган.

## 1.1. Экономиканын реалдуу сектору[1]

*ИДӨ*

2024-жылы Кыргыз Республикасында бир жыл мурдагыдай эле, реалдуу ИДӨнүн өсүш арымын 9,0 пайыз деңгээлинде сактап калууга жетишилген, мында ИДӨнүн номиналдуу көлөмү 1,5 трлн сомду түзгөн.

Ички суроо-талаптын артышы калктын реалдуу кирешесинин өсүшүнүн, өлкөгө жеке адамдардын акча которууларынын таза агымынын жана керектөө максаттарында кредиттөө көлөмүнүн жогорулашынын натыйжасында экономика субъекттеринин керектөө жигердүүлүгү жогорулагандыгын мүнөздөгөн.

---

[1] КР УСКнын статистикалык маалыматы боюнча: 2024-жыл үчүн – алдын ала, 2023-жыл үчүн – такталган маалыматтар келтирилген.

***1.1.1-таблица.***

Ички дүң өнүмүнүн түзүмү

| Экономика секторлору | Салыштырма салмак, *пайыздар* | | Өсүш арымы, *пайыздар* | | Өсүшкө салым, *пайыздык пункттар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023 | 2024 | 2023 | 2024 | 2023 | 2024 |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 9,5 | 8,6 | 0,6 | 6,3 | 0,1 | 0,6 |
| Өнөр жай | 16,3 | 16,5 | 4,8 | 5,6 | 0,8 | 0,9 |
| *Пайдалуу кендерди казып алуу* | *2,0* | *1,9* | *3,4* | *4,0* | *0,1* | *0,1* |
| *Иштетүү өндүрүшү (Кайра иштетүү өнөр жайы)* | *12,6* | *12,6* | *4,6* | *4,4* | *0,6* | *0,6* |
| *Электр энергиясы, газ, буу жана тазаланган аба менен камсыздоо (жабдуу)* | *1,5* | *1,7* | *8,2* | *15,8* | *0,1* | *0,2* |
| *Суу менен камсыздоо, калдыктарды тазалоо, иштеп чыгуу аркылуу кайра пайдалануучу чийки затты алуу* | *0,2* | *0,2* | *4,8* | *17,7* | *0,0* | *0,0* |
| Курулуш | 7,3 | 8,3 | 22,7 | 18,0 | 1,6 | 1,3 |
| Кызмат көрсөтүү | 51,3 | 52,1 | 7,9 | 9,3 | 4,0 | 4,8 |
| *Дүң жана чекене соода; автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо* | *16,6* | *17,6* | *16,2* | *16,3* | *2,5* | *2,7* |
| *Транспорт иш чөйрөсү жана жүктөрдү сактоо* | *3,0* | *3,0* | *7,7* | *5,5* | *0,2* | *0,2* |
| *Маалымат жана байланыш* | *2,5* | *2,4* | *11,3* | *6,7* | *0,2* | *0,2* |
| *Жана башкалар* | *29,2* | *29,1* | *3,6* | *6,0* | *1,1* | *1,7* |
| Азык-түлүктөн таза салыктар | 15,6 | 14,5 | 17,9 | 9,2 | 2,5 | 1,4 |
| **ИДӨ** | **100,0** | **100,0** | **9,0** | **9,0** | **9,0** | **9,0** |
| **ИДӨ (номинал, млрд сом)** | **-** | **-** | **1 333,7** | **1 523,2** | **-** | **-** |

*Булагы: КР УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

Экономиканын негизги секторлорунда салыштырмалуу жогору өсүш көрсөткүчтөрү белгиленген, алар негизинен ички булактардын эсебинен каржыланган инвестициялык жигердүүлүктүн артышы менен шартталган. Мында ИДӨнүн өсүшүнө негизги салым кызмат көрсөтүүлөр (4,8 пайыздык пункт) жана курулуш секторлорунун (1,3 пайыздык пункт) эсебинен камсыздалган. Отчёттук мезгил ичинде продукттарга таза салыктардын ИДӨнүн өсүшүнө салымы 2,5 пайыздык пункттан 1,4 пайыздык пунктка чейин кыскарган.

***1.1.1-график.***

Экономика секторлорунун реалдуу ИДӨнүн өсүшүнө салымы






МАЗМУНУ

*Соода жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү*

Отчёттук мезгил ичинде өлкөнүн экономикасынын түзүмү 2023-жылга салыштырганда анчалык өзгөргөн эмес, басымдуу үлүштү мурдагыдай эле кызмат көрсөтүүлөр сектору ээлеп (52,1 пайыз), экономикалык өсүшкө көбүрөөк салым кошкон. Бул сектор, өзгөчө жигердүү соода жүргүзүүнүн эсебинен, 9,3 пайызга жогорулаган. Дүң жана чекене сооданын көлөмү 16,3 пайызга өскөн, ал эми анын ИДӨ түзүмүндөгү үлүшү 16,6 пайыздан 17,6 пайызга чейин жогорулаган.

*Курулуш жана негизги капиталга инвестициялар*

Отчёттук мезгил ичинде курулуш секторунда жогору өсүш арымы белгиленген, ал инфраструктуралык долбоорлордун жигердүү ишке ашырылып жатышы жана бул секторго инвестицияларды тартуу менен шартталган. Мында, капиталдык салымдардын көбү республикалык бюджеттен жүзөгө ашырылгандыгы белгиленген (+31,5 млрд сом). Инвестициялык долбоорлорду жана 2024-жыл үчүн мамлекеттик инвестициялар программасында каралган чараларды жүзөгө ашыруу да курулушка салым кошкон. Мындан тышкары, банктар кредиттөө ишин жигердүү ишке ашыруусу да бул сектордун өсүшүнө салым кошкон. Тике чет өлкөлүк инвестициялар агымынын жогорулашынын эсебинен негизги капиталга тышкы инвестициялар 11,5 пайызга өскөндүгү белгиленген. Натыйжада отчёттук жылдын жыйынтыгы боюнча курулуш секторунда өндүрүш көлөмү 18,0 пайызга өскөн, мында анын ИДӨ түзүмүндөгү үлүшү 7,3 пайыздан 8,3 пайызга чейин көбөйгөн.

***1.1.2-график.***

ИДӨнүн экономикалык иштин түрлөрү боюнча түзүмү




*Өнөр жай*

Өнөр жай секторунда иштеп чыгаруу өнөр жайында өндүрүш көлөмү жогорулагандыгына байланыштуу алгылыктуу тенденциялар белгиленген. Кароого алынган мезгил ичинде “100 өнөр жай ишканасы – 2024” долбоорунун алкагында жаңы өнөр жай ишканалары ишке киргизилген, бул да жаңы жумуш орундарынын түзүлүшүн шарттаган. Өнөр жай секторунда жалпы өндүрүш көлөмү 2023-жылдагы 4,8 пайызга караганда 2024-жыл ичинде 5,6 пайызга өскөн. ИДӨ түзүмүндө бул сектордун салыштырма салмагы 2023-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 0,2 пайыздык пунктка көбөйүп, 16,5 пайызды түзгөн.

*Айыл чарбасы*

Айыл чарбасынын ИДӨнүн түптөлүшүнө салымы отчёттук мезгил ичинде 0,6 пайыздык пунктту түзгөн, мында айыл чарбасында өндүрүш көлөмүнүн өсүш арымы 2023-жылдагы 0,6 пайыздан 2024-жылы 6,3 пайызга чейин тездеген. Мындай жогору көрсөткүч алгылыктуу жаратылыш-климаттык шарттардын, ошондой эле айыл чарба өсүмдүктөрү түшүмүнүн жогорулашынын, айдоо аянтынын көбөйүшүнүн жана мал чарба продукцияларынын өсүшүнүн эсебинен түптөлгөн. Агрардык сектордо мамлекет айыл чарба тармагын каржылоону колдоо ишин уланткан.

ИДӨ дефлятору 2023-жылдагы 19,9 пайыздан 2024-жылы 4,7 пайызга чейин төмөндөгөн, бул товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баалардын өсүшү басаңдагандыгын тастыктайт.

***1.1.3-график.***

ИДӨ дефляторунун жана КБИ динамикасы




## 1.2. Мамлекеттик финансы сектору[1]

*Бюджет-салык саясаты*

Отчёттук жыл ичинде бюджет-салык секторунда фискалдык консолидациялоо саясаты улантылган. Мамлекеттик чыгашалар мурдагыдай эле бардык социалдык милдеттенмелерди аткарууга жана анча артыкчылыктуу болуп саналбаган чыгашаларды кыскартууга багытталган. Ошентип, чыгашаларды оптималдаштырууга жана мамлекеттик бюджеттин кирешесин көбөйтүүгө багытталган чаралар 2024-жылы мамлекеттик бюджеттин ИДӨгө карата 2,4 пайыз профицит болушун шарттаган, бул көрсөткүч 2023-жылы ИДӨгө карата 1,0 пайызды түзгөн.

Мамлекеттик бюджеттин баштапкы балансы[2] ИДӨгө карата 3,6 пайыз өлчөмүндө алгылыктуу мааниде түптөлгөн.

Операциялык ишкердиктен мамлекеттик бюджеттин кирешелери 2023-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 18,3 пайызга көбөйүп, 463,8 млрд сомду же ИДӨгө карата 30,4 пайызды түзгөн.

Бюджеттик кирешелер түзүмүндө негизги үлүштү ээлеген салыктык түшүүлөр жана салыктык эмес кирешелер мурдагыдай эле бюджеттин ресурстук бөлүгүн толуктоонун негизги булактары болгон. Отчёттук жыл ичинде 2023-жылга салыштырганда салыктык түшүүлөр көлөмү кыйла жогорулагандыгы байкалган, буга салык, бажы жол-жоболорун администрлөө ишин жакшыртуунун жана жогору экономикалык жигердүүлүктүн натыйжасында жетишилген. Салыктык кирешелер көлөмү да 2023-жылга караганда өскөн, ал негизинен мамлекеттик жана муниципалдык менчикти пайдалануудан түшкөн кирешелердин, берилген ссудалар жана кредиттер боюнча пайыздардын көбөйүшүнөн улам, ошондой эле бюджетке Улуттук банктын пайдасын которуунун эсебинен камсыздалган.

2024-жылы Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 28-майындагы №90 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пайдасын которуу маселелери жөнүндө” конституциялык мыйзамына ылайык, Улуттук банк республикалык бюджетке 12,4 млрд сом суммасында пайданы которгон.

[1] Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдын ала маалыматтары.

[2] Баштапкы профицит – бул мамлекеттик карызды тейлөө боюнча пайыздык төлөмдөрдүн суммасын эске албаганда, мамлекеттик бюджет тартыштыгы/профицити.

***1.2.1-график.***

Мамлекеттик бюджетке салыктык түшүүлөр түзүмү




Отчёттук жылы мамлекеттик бюджеттен операциялык ишке чыгашалар 319,9 млрд сомду же ИДӨгө карата 21,0 пайызды түзгөн. Мамлекеттик бюджеттен операциялык ишкердикке чыгашалардын өсүш арымы төмөндөгөндүгү байкалып, 2023-жылдагы 27,8 пайызга караганда 11,4 пайызды түзгөн. Отчёттук жыл ичинде "товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга сарптоолор" статьясы боюнча чыгашалар 54,1 пайызга жана "пайыздар боюнча төлөөлөр" статьясы боюнча чыгашалар 30,7 пайызга жогорулаган. Пайыздар боюнча төлөөлөрдүн жогорулашы негизинен ички карыздар боюнча белгиленген.

Функционалдык классификация боюнча чыгашалар түзүмүндө жалпы чыгашалардын өсүшүнө "саламаттыкты сактоо" жана "экономикалык маселелер" статьяларына сарптоолор олуттуу салым кошкон. Өз кезегинде, жалпы маанидеги мамлекеттик кызматка жана билим берүүгө чыгашалардын кыскарышы күндөлүк чыгашалардын өсүш арымына басаңдатуучу таасирин тийгизген.

2024-жыл ичинде мамлекеттик бюджеттен таза капиталдык чыгашалар 16,2 пайызга же 14,9 млрд сомго көбөйүү менен 107,1 млрд сомду же ИДӨгө карата 7,0 пайызды түзгөн (2023-жылы – ИДӨгө карата 6,9 пайыз).

*Мамлекеттик карыз*

Мамлекеттик карызды тейлөөгө чыгашалар 59,9 млрд сомду же ИДӨгө карата 3,9 пайызды, алардын ичинен пайыздык төлөөлөр – 18,1 млрд сомду же ИДӨгө карата 1,2 пайызды түзгөн.

2024-жылдын акырына карата мамлекеттик карыз 573,3 млрд сом же ИДӨгө карата 37,6 пайыз чегинде түптөлгөн, ал эми 2023-жылы ал 559,5 млрд сом же ИДӨгө карата 42,0 пайыз чегинде катталган. Мамлекеттик карыз түзүмүндө тышкы карыздын үлүшү 68,8 пайызды, ал эми ички карыз – 31,2 пайызды түзгөн.

*МБК рыногу*

Ички карыз алышууларды тартуу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин мамлекеттик баалуу кагаздарын (МБК) чыгаруу жана Улуттук банктын жана "Кыргыз фондулук биржасы" ЖАКтын ("КФБ" ЖАК) тоорук аянтчаларында жайгаштыруу аркылуу жүзөгө ашырылган.

Баалуу кагаздардын кыска мөөнөттүү сегментин мамлекеттик казына векселдери (МКВ), ал эми узак мөөнөттүү сегментти – мамлекеттик казына облигациялары (МКО) түзгөн.

Улуттук банктын тоорук аянтчасында 2024-жылы жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВ аукциону өткөрүлгөн: суроо-талап көлөмү 1,3 млрд сомду (2023-жылы – 125,0 млн сом), аукциондун жыйынтыгы боюнча сатуу көлөмү 1,0 млрд сомду (2023-жылы – 11,7 млн сомду) түзгөн. МКВ рыногунда орточо алынган кирешелүүлүк 2023-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 3,7 пайыздык пунктка көбөйүп, 12,2 пайызды түзгөн.

***1.2.1-таблица.***
МКВ жана МКО рыногунун баштапкы жайгаштыруу параметрлери[1]

| | өлчөө бирдиги | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|
| МКВ | | | |
| Сунуштоо көлөмү | *млрд сом* | 0,5 | 0,5 |
| Суроо-талаптын көлөмү | *млрд сом* | 0,1 | 1,3 |
| Сатуу көлөмү (кошумча жайгаштырууну эске алуу менен) | *млрд сом* | 0,01 | 1,0 |
| Орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк | *пайыздар* | 8,5 | 12,2 |
| МКО | | | |
| Сунуштоо көлөмү | *млрд сом* | 69,2 | 44,3 |
| Суроо-талаптын көлөмү | *млрд сом* | 53,8 | 46,3 |
| Сатуу көлөмү (кошумча жайгаштырууну эске алуу менен) | *млрд сом* | 53,2 | 41,7 |
| Орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк | *пайыздар* | 15,6 | 15,6 |

2024-жылы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруу стратегиясын жүзөгө ашыруунун алкагында Министрлер Кабинети узак мөөнөттүү МКОлорду сунуштоону колдоо ишин уланткан. Мында, 15 жана 20 жылдык баалуу кагаздарды кошпогондо, МКО рыногунда жүгүртүү көлөмү боюнча баалуу кагаздардын бардыгы сунушталган.

Улуттук банктын тоорук аянтчасында МКОну сунуштоо, ага суроо-талап жана сатуу көлөмү 2023-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда төмөндөгөн (тиешелүүлүгүнө жараша 35,9, 13,8 жана 21,8 пайыз).

Отчёттук жылы МКОлорду жайгаштырууда көбүрөөк каражаттар көлөмү 3 жылдык МКОлорду сатуунун эсебинен тартылган, алардын жалпы сатуу көлөмүндөгү үлүшү 52,1 пайызды түзгөн. Жалпы сатуу көлөмүндө 5, 7 жана 10 жылдык МКОлордун үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша 16,5, 15,9 жана 15,6 пайызды түзгөн. 2024-жылы МКОлордун жалпы орточо алынган кирешелүүлүгү 2023-жылдагы деңгээлде сакталып, 15,6 пайызды түзгөн.

2024-жылы 12 айлык МКВларды жана 2 жылдык МКОлорду “КФБ” ЖАКтын тоорук аянтында жайгаштыруу иши улантылган. “КФБ” ЖАКтын тоорук аянтында кыска мөөнөттүү баалуу кагаздарды сатуу көлөмү 13,1 пайыз орточо алынган кирешелүүлүк менен 1,1 млрд сомду түзгөн. Узак мөөнөттүү баалуу кагаздарды сатуу көлөмү 14,2 пайыз орточо алынган кирешелүүлүк менен 3,1 млрд сом деңгээлинде түптөлгөн.

Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 26-январында кабыл алынган №29 токтомунун алкагында курулуш, капиталдык ремонттоо жана реконструкциялоо объекттерин каржылоо үчүн мамлекеттик казына облигацияларын чыгаруу көлөмү 2024-жылы 15,0 млрд сомду түзгөн. 3 жылдык мамлекеттик казына облигациялары 15,3 пайыз жалпы орточо алынган кирешелүүлүк менен сунушталган.

## 1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми[2]

Алдын ала маалыматтар боюнча 2024-жылы күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосу 4 422,0 млн АКШ доллары же ИДӨгө карата 25,2 пайыз деңгээлинде түптөлгөн (2023-жылы ИДӨгө карата күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосу 45,0 пайызды түзгөн). Бул көрсөткүчтүн динамикасына кызмат көрсөтүүлөр балансынын жана экинчилик кирешелер балансынын жакшыруусу менен катар соода тартыштыгынын кыйла кыскарышы аныктоочу таасирин тийгизген.

[1] Улуттук банктын соода аянтында.

[2] 2023-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми ЭВФтин төлөм теңдеми жана эл аралык инвестициялык позиция боюнча колдонмосунун алтынчы басылмасынын (РПБ6) методологиясына ылайык түзүлөт.

***1.3.1-график.***

Күндөлүк операциялар эсеби




*Тышкы соода*

2024-жылы соода балансынын тартыштыгы 2023-жылга салыштырмалуу 21,6 пайызга (8 285,6 млн АКШ долларынан 6 492,6 млн АКШ долларына чейин) азайган.

Отчёттук жыл ичинде товарлардын экспорту (ФОБ баасында), негизинен, 2 506,1 млн АКШ доллары көлөмүндө алтынды экспорттоонун эсебинен 45,7 пайызга көбөйүү менен, 4 922,3 млн АКШ доллары[1] өлчөмүндө түптөлгөн. Алтынды эсепке албагандагы экспорт 15,3 пайызга өсүп, 2 416,2 млн АКШ долларын түзгөн. Отчёттук мезгил ичинде ошондой эле баалуу металл кендерин жана концентраттарын, кийим-кече жана бут кийимдерди, жашылчаларды, авиакеросинди жана башка бир катар товарларды берүү көлөмүнүн көбөйүшү белгиленген. Муну менен катар, металл сыныгы жана баалуу эмес түстүү металлдарды, жаңы бышкан же кургатылган мөмө-жемиш жана жаңгактарды, мал жандыгын, чоюн жана болотту экспорттоо көлөмүнүн кыскаргандыгы байкалган.

Отчёттук жылда негизинен бут кийимди жана кездеме түрлөрүн экспорттоо көлөмүнүн өсүшүнүн эсебинен ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспорттук берүүлөр 13,0 пайызга көбөйгөндүгү белгиленген.

2024-жылы товарлардын импорту (ФОБ баасында), негизинен, жеңил автоунааларды жана транспорттук каражаттарды, ошондой эле слесардык жабдууларын сунуштоо көлөмүнүн кыйла азайышынын эсебинен 2023-жылга салыштырганда 2,1 пайызга төмөндөп, 11 414,9 млн АКШ долларын түзгөн. Муну менен катар өндүрүштүк техника үчүн жабдуулардын бөлүктөрүн, чоюн жана болотту, мунай заттарын, жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелерди импорттоо көлөмүнүн көбөйүшү белгиленген.

Отчёттук жылы өзгөчө мунай заттарын алып келүү көлөмүнүн өсүшүнүн эсебинен ЕАЭБ өлкөлөрүнөн импорттук берүүлөр 6,7 пайызга өскөн.

2024-жылдын алдын ала жыйынтыгы боюнча кызмат көрсөтүүлөр импортунун 22,9 пайызга жана экспорту – 55,2 пайызга көбөйгөндүгү байкалган. Натыйжада кызмат көрсөтүүлөр балансы 110,2 млн АКШ доллары деңгээлинде дефицит менен түптөлгөн. Терс динамиканын негизги факторлору катары “транспорт кызматтары” жана “башка кызмат көрсөтүүлөр” статьялары боюнча алынган кызмат көрсөтүүлөр көлөмүнүн жогору болушу саналат.

[1] Төлөм теңдемин түзүү методологиясына ылайык, Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен.

*Экинчилик кирешелер*

Экинчилик кирешелер балансы боюнча таза агылып кирүүлөр 2023-жылга салыштырганда 20,0 пайызга көбөйүү менен 2 772,3 млн АКШ долларын түзгөн. Экинчилик кирешелер балансынын түзүмүндө түшүүлөрдүн олуттуу көлөмү акча которуу системалары, банктык мобилдик тиркемелер (банктык карталар жана электрондук капчыктар) аркылуу жеке адамдардын чек ара аркылуу акча которууларынын эсебинен "эмгек мигранттарынын акча которуулары" статьясы менен камсыздалган. 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча жеке адамдардын чек ара аркылуу акча которууларынын таза агымы 18,6 пайызга өсүп, 2 543,7 млн АКШ долларын түзгөн.

***1.3.2-график.***

Жеке адамдардын чек ара аркылуу акча которууларынын динамикасы




*Баштапкы кирешелер*

Отчёттук жылдын жыйынтыгы боюнча баштапкы кирешелер эсебинин терс балансы инвестициялык кирешелер боюнча тике инвестор – резидент эместерге төлөөлөрдүн көлөмү кыйла өсүшүнүн таасири астында түптөлүү менен 3 эсе көбөйүп, 591,4 млн АКШ долларын түзгөн.

*Капитал менен операциялар эсеби*

2024-жылдын алдын ала маалыматтары боюнча капитал менен операциялар эсебинин балансы 154,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлүп, 2023-жылга салыштырганда 29,8 пайызга азайган.

*Финансылык эсеп*

Отчёттук мезгил ичинде финансылык эсепте көрсөтүлгөн тыштан таза карыз алышуу 1 010,1 млн АКШ долларын түзгөн (2023-жылдын жыйынтыгы боюнча – 157,8 млн АКШ доллары). Финансылык эсеп балансынын түптөлүшүнө "тике инвестициялар" жана "башка инвестициялар" статьялары негизги таасирин тийгизген.

Тике чет өлкө инвестицияларынын таза агымы уставдык капиталда тике инвестор – резидент эместердин катышуусунун эсебинен (негизинен, кайра инвестицияланган пайданын эсебинен) 573,4 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн (2023-жылга салыштырганда 3,8 эсе көбөйүү).

"Башка инвестициялар" статьясы 435,7 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс сальдодо түптөлгөн (2023-жылдын жыйынтыгы боюнча – (-)15,8 млн АКШ доллары). Мындай тенденция башка секторлордун ссуда жана насыялар, соода кредиттери жана авансы боюнча милдеттенмелерин таза кабыл алуу көлөмүнүн Кыргыз Республикасынын резидент банктарынын чет өлкөдөгү накталай валюта

жана депозит түрүндө финансылык активдерин таза сатып алуу көлөмүнөн артышы менен шартталган.

2024-жылдын алдын ала жыйынтыгы боюнча статистикалык ажырымдардан улам “каталар жана калтырып кетүүлөр” статьясынын сальдосу 3 491,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде түптөлгөн.

*Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу*

Төлөм теңдеминин жалпы сальдосу 234,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде калыптанган (2023-жылы терс баланс 6,4 млн АКШ долларын түзгөн).

Отчёттук жылдын акырына карата дүң эл аралык резервдердин көлөмү 5 088,1 млн АКШ доллары эквивалентин түзгөн, бул товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун келечектеги көлөмүнүн ордун жабуунун 4,3 айына туура келет.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2024-ЖЫЛДАГЫ ИШИ

МАЗМУНУ

# 2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ

2024-жылы Улуттук банктын акча-кредит саясаты тышкы экономикалык чөйрөдө жогору белгисиздик жана дүйнөдө геосаясий факторлордун сакталып турушу шартында Кыргыз Республикасында баа туруктуулугун камсыздоого багытталган.

Улуттук банк акча-кредит жана валюта саясаттарын жүргүзүүдө тышкы экономикалык чөйрөнүн өнүгүү тенденциялары мурдагыдай эле негизги шарттардын биринен болгон. Мында, өлкөдө инфляциялык динамиканын түптөлүшүнө таасирин тийгизген ички факторлор катары жогору керектөө суроо-талабы жана мамлекеттик тариф саясатын план чегинде кайрадан карап чыгуу саналган.

Ички валюта рыногунда жагдай жалпы алганда туруктуу сакталып турган, мында алмашуу курсунун ийкемдүүлүгү да сакталган. Улуттук банк алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө жол бербөө максатында валюталык интервенцияларды өткөргөн.

Отчёттук жылы Улуттук банк экономикада акча сунушунун тең салмактуулугун камсыздоо үчүн банк системасында үстөк ликвиддүүлүктү жөнгө салган монетардык операцияларды жигердүү ишке ашырган.

Акча-кредит саясатынын чараларын жүзөгө ашыруунун натыйжасында 2024-жылы Кыргыз Республикасында инфляция деңгээлин 5-7 пайыздык орто мөөнөттүү максаттуу көрсөткүч чегинде сактоого жана тышкы факторлордун өлкөдө баа динамикасына таасирин азайтууга мүмкүндүк түзүлгөн. 2024-жылдын декабрь айында жылдык инфляция көрсөткүчү 6,3 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

Эл аралык резервдерди натыйжалуу тескөөнүн алкагында Улуттук банк Кыргыз Республикасынын дүң эл аралык резервдер көлөмүн 2024-жылдын акырына карата 57,2 пайызга, 5 088,1 млн АКШ долларына чейин арттырган.

## 2.1. Акча-кредит саясатынын максаты жана милдеттери

*Улуттук банктын максаты*

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык мыйзамына ылайык, Улуттук банктын негизги иш максаты катары тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу баа туруктуулугуна жетишүү жана колдоо саналат.

“Орто мөөнөттүү мезгилге каралган акча-кредит саясатынын негизги багыттары”[1] стратегиялык документинде акча-кредит саясатынын максаттуу көрсөткүчү катары орто мөөнөттүү мезгилде инфляция деңгээлин 5-7 пайыз чегинде колдоо аныкталган.

Улуттук банктын 2024-жылга каралган акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүндө[2] максаттуу көрсөткүч катары инфляцияны орто мөөнөттүү максаттуу көрсөткүчтүн жогорку чегине жакын колдоо белгиленген.

*Акча-кредит саясатынын негизги милдеттери*

Улуттук банктын иш максатына жетүүгө өбөлгө түзгөн артыкчылыктуу милдеттер катары улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн колдоо, тышкы чөйрөнүн инфляциялык басымын текшилөө жана банк системасындагы үстөк ликвиддүүлүктү жигердүү жөнгө салуу аркылуу инфляциянын монетардык факторун чектөө саналган.

---

[1] Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 13-декабрындагы № 2017-П-07/51-1-(ДКП) токтому менен жактырылган.

[2] Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 20-декабрындагы № 2023-П-07/80-1-(ДКП) токтому менен жактырылган.

Отчёттук жылы акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизмин[1] өркүндөтүү, монетардык чечимдерди кабыл алуу үчүн болжолдоо-аналитикалык инструменттерди жакшыртуу жана акча-кредит саясатынын коммуникациялык каналын күчөтүү иштери улантылган.

**Акча-кредит саясатынын 2024-жылдагы негизги милдеттери**

| | | |
|---|---|---|
| акча-кредит саясатынын инструменттеринин натыйжалуулугун жана ийкемдүүлүгүн жогорулатуу | банктар аралык акча рыногун өнүктүрүү | инфляциянын монетардык факторлорун чектөө |
| банк системасында тең салмактуу ликвиддүүлүк деңгээлин камсыздоо | аналитика-модель аппаратын өркүндөтүү | жигердүү коммуникациялык саясатты жүргүзүү |

МАЗМУНУ

## 2.2. Акча-кредит саясатын ишке ашыруу

2024-жылы акча-кредит саясаты геосаясий факторлордун, дүйнөлүк азык-түлүк жана чийки зат рынокторунда баалардын өзгөрүлмөлүүлүгүнүн таасири астында тышкы экономикалык чөйрөдө жогору белгисиздик жагдайынын сакталып турушу шартында жүзөгө ашырылган.

Монетардык чечимдерди кабыл алууда жергиликтүү экономиканын өнүгүү тенденциялары, инфляция факторлорун баалоолор жана ал боюнча болжолдоолор, ошондой эле тышкы экономикалык чөйрөнү иликтөөлөр, анын ичинде Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүндөгү инфляциялык процесстер эске алынган.

2024-жылга каралган акча-кредит саясатынын максаты – инфляцияны орто мөөнөттүү максаттуу көрсөткүчтүн жогорку чегине жакын колдоого жетишүү үчүн Улуттук банктын монетардык инструменттери колдонулган.

*Пайыздык саясат*

Улуттук банктын эсептик чени (негизги чени) мурдагыдай эле, өлкөнүн экономикасында монетардык шарттарды жөнгө салуу жагында негизги инструмент бойдон калууда. Отчёттук жыл ичинде Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен боюнча сегиз отуруму өткөрүлдү. Улуттук банк өлкөнүн экономикасында инфляциялык басымдын төмөндөшүнө жараша эсептик чен өлчөмүн улам төмөндөтүп турган: апрель айында – 13,00 пайыздан 11,00 пайызга чейин, ал эми май айында – 11,00 пайыздан 9,00 пайызга чейин.

Улуттук банктын эсептик чени боюнча пайыздык чек да төмөндөтүү жагына каралган: “овернайт” кредиттери боюнча чен (жогорку чек) – 15,00 пайыздан 11,00 пайызга чейин, “овернайт” депозиттери боюнча чен (төмөнкү чек) – 11,00 пайыздан 4,00 пайызга чейин.

[1] Акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизми – акча-кредит саясаты чөйрөсүндөгү чечимдердин пайыздык, валюталык, кредиттик жана байланыш каналдары аркылуу баа динамикасына таасирин тийгизүү процессин мүнөздөгөн өткөрүү механизми.

Акча-кредиттик шарттарды акырындап жеңилдетүү экономиканын реалдуу секторун кредиттөөгө алгылыктуу таасирин тийгизген, бул өлкөдө инфляциялык процесстерди контролдоону сактоого мүмкүндүк берген.

*Ликвиддүүлүктү жөнгө салуу*

2024-жылы акча-кредит саясатынын тактикалык чечимдери банк секторунда жогору үстөк ликвиддүүлүк деңгээли шарттарында көрүлгөн, ал фискалдык органдардын операцияларынын эсебинен сыяктуу эле, монетардык каналдын эсебинен да түптөлгөн. Отчёттук жылы орточо күндүк үстөк ликвиддүүлүк көлөмү 2023-жылга караганда 26,0 млрд сомго жогорулап, 90,0 млрд сомду түзгөн.

Инфляциянын монетардык факторун чектөө максатында Улуттук банк ачык рынокто операцияларды ишке ашыруу (Улуттук банктын ноталарын чыгаруу) жана коммерциялык банктардын бош ресурстарын Улуттук банктагы “овернайт” депозиттерине жайгаштыруу аркылуу банк системасындагы үстөк ликвиддүүлүк деңгээлин жигердүү жөнгө салып турган. Улуттук банктын үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу операцияларынын орточо күндүк көлөмү отчёттук жыл ичинде 90,3 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн, бул 2023-жылга караганда 25,9 млрд сомго көп.

Улуттук банктын арылтуу операцияларынын түзүмүндө “овернайт” депозиттери басымдуу бөлүгүн ээлеп, алардын салыштырма салмагы 2023-жылдагы 27,3 пайыздан 2024-жылы 56,6 пайызга чейин жогорулаган. Отчёттук жыл аралыгында коммерциялык банктар күн сайын бош каражаттарын Улуттук банктагы “овернайт” депозиттерине орточо алганда 51,1 млрд сом өлчөмүндө жайгаштырышкан (2023-жылы – 17,6 млрд сом).

Рынокто Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 7 күндөн 182 күнгө чейинки ноталары сунушталган. Улуттук банктын ноталарынын эсебинен орточо күндүк арылтуу көлөмү отчёттук жыл ичинде 39,2 млрд сомду түзгөн (2023-жылы – 46,8 млрд сом). Мында жалпы арылтуу түзүмүндөгү ноталардын үлүшү 72,7 пайыздан 43,4 пайызга чейин төмөндөгөн.

***2.2.1-график.***

Улуттук банктын арылтуу операцияларынын түзүмү




Банк системасында үстөк ликвиддүүлүк деңгээлинин жогору болушу шарттарында 2024-жыл ичинде коммерциялык банктар тарабынан Улуттук банктын кредиттик ресурстарына суроо-талап болгон эмес.

## 2.2.1. Ачык рынокто ишке ашырылган операциялар

*Улуттук банктын ноталары*

2024-жылы банк секторунун ликвиддүүлүгүнүн түзүмдүк профицит шарттарында Улуттук банк акча-кредит саясатын жүзөгө ашырууну улантып, Улуттук банк ачык рынокто үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу боюнча колдонгон негизги инструмент катары Улуттук банктын ноталары катталган.

Ноталар – бул Улуттук банктын банк системасында ликвиддүүлүктү жөнгө салуу максатында аукциондук негизде жайгаштырылуучу жана ар кандай мөөнөттөргө ээ дисконттук баалуу кагаздары. Ноталарды жайгаштыруу боюнча аукциондордо сунуштар банк секторунун ликвиддүүлүгүн талдоонун негизинде белгиленген. Банк секторунун ликвиддүүлүгүн ыкчам жөнгө салуу үчүн Улуттук банк негизинен аукциондо 7 күндүк ноталарды сатууну ишке ашырган. 2024-жылы ноталарды жайгаштыруу боюнча 116 аукцион өткөрүлгөн.

2024-жылы Улуттук банк тарабынан сунушталган ноталардын көлөмү 801,6 млрд сомду түзгөн (2023-жылы – 922,4 млрд сом). Ноталарга суроо-талап көлөмү 2023-жылга салыштырганда 49,8 пайызга жогорулап, 1 464,2 млрд сомду түзгөн (2023-жылы – 977,4 млрд сом). 2024-жыл ичинде ноталарды жайгаштыруу көлөмү жалпы алганда 2023-жылга салыштырганда 9,4 пайызга кыскарып, 773,9 млрд сомду түзгөн.

Сатуулардын көбүрөөк көлөмүн Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 7 жана 28 күндүк ноталары түзүп, алардын жалпы көлөмдөгү үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша 63,4 жана 33,0 пайызды түзгөн. Жүгүртүү мөөнөтү 91 жана 182 күндүк ноталарды сатуу үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша 2,4 жана 1,2 пайызды түзгөн.

***<u>2.2.1.1-график.</u>***

Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү жана эсептик чен динамикасы




2023-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда ноталардын орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү 4,8 пайыздык пунктка, 7,1 пайызга чейин төмөндөгөн. 2024-жылы жүгүртүүдөгү ноталардын орточо күндүк наркы 2023-жылга салыштырмалуу (51,3 миллиард сом) 19,3 пайызга кыскарып, 41,4 миллиард сомду түзгөн.

Улуттук банктын ноталарын негизги сатып алуучулар катары коммерциялык банктар катталган, алардын жалпы сатуу көлөмүндөгү үлүшү 2024-жылы 97,6 пайызды түзгөн (2023-жылы – 98,6 пайыз), башка нота ээлери катары институционалдык инвесторлор саналып, алардын үлүшү 2,4 пайызды түзгөн (2023-жылы – 1,4 пайыз).

Мында отчёттук мезгилде мамлекеттик баалуу кагаздардын экинчилик рыногун өнүктүрүү максатында Улуттук банк кайра сатуу милдеттенмелерисиз аутрайт шарттарында экинчилик рынокто 10, 15 жана 20 жылдык МКОлорду сатып

алуу операцияларын жүзөгө ашырган. Мындай операциялардын жалпы көлөмү айкын наркы боюнча 9,8 млрд сомду түзгөн.

### 2.2.2. Банктар аралык акча рыногунда ишке ашырылган операциялар

Банктар аралык акча рыноктогу кыска мөөнөттүү пайыздык чендер банк секторундагы ликвиддүүлүк профицитинин таасири астында түптөлүп, Улуттук банк тарабынан белгиленген пайыздык чектин төмөн чегине жакын мааниде өзгөрүп турган.

***2.2.2.1-график.***

Банктар аралык акча рыногунун пайыздык чендеринин динамикасы




МАЗМУНУ

2024-жылы банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда катышуучулардын жигердүүлүгү банк системасындагы үстөк ликвиддүүлүк деңгээлинин жогорулашынан жана карыздык каражаттарга суроо-талап азайгандыктан кыйла төмөндөгөн.

Мындай шарттарда банктар аралык акча рыногунда коммерциялык банктар көбүнчө чет өлкө валютасын пайдалануу менен репо жана своп-операциялар сегменттерине көбүрөөк артыкчылык беришкен.

*Репо-операциялар*

Отчёттук мезгил ичинде коммерциялык банктар 11,1 млрд сом жалпы суммасына репо шарттарында операцияларды ишке ашырып, 2023-жылга салыштырганда бүтүмдөр көлөмү 56,5 пайызга төмөндөгөн. Банктар аралык репо-операциялар боюнча орточо алынган пайыздык чен 2023-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 4,0 пайыздык пунктка төмөндөп, 7,5 пайызды түзгөн. Бул бүтүмдөр көбүнчө орточо алганда 5 күндүк мөөнөткө түзүлгөн (2023-жылы орточо мөөнөт – 4 күн).

Отчёттук жылы банктар аралык кредиттик рыноктун репо-сегментиндеги кредиторлордун саны 13 банктан 6 банкка, ал эми карыз алуучулардын саны – 11 банктан 10 банкка кыскарган.

Репо шарттарында банктар аралык бүтүмдөр боюнча күрөөлүк камсыздоо катары банктар Улуттук банктын ноталарын (бүтүмдөрдүн жалпы көлөмүнүн болжолу менен 30,8 пайызы) жана мамлекеттик баалуу кагаздар – МКОну

(бүтүмдөрдүн жалпы көлөмүнүн болжолу менен 69,2 пайызы) жигердүү колдонушкан.

Мында 2024-жылы коммерциялык банктардын өздүк портфелиндеги МБК көлөмү[1] 2023-жылдагы 36,7 млрд сомдон 53,3 млрд сомго чейин өскөн. Отчёттук жылдын акырына карата иштеп жаткан 21 банктын ичинен 14 банктын активдеринин курамында МБК катталган (2023-жылы 23 банктын ичинен 15 банк).

Отчёттук жылы банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда улуттук жана чет өлкө валюталарында стандарттык кредиттерди берүү операциялары мурдагыдай эле өткөрүлгөн эмес. Мында жергиликтүү банктар чет өлкө валюталарында кредиттик ресурстарды берүү менен резидент эмес банктардын кредиторлору катары иш алып барышкан. 2024-жылы мындай операциялардын жалпы көлөмү 2023-жылга салыштырганда 38,5 пайызга төмөндөп, 245,3 млрд сом эквивалентин түзгөн.

*Своп-операциялар*

2024-жылы Улуттук банк своп-операцияларды жүргүзгөн эмес. Бирок коммерциялык банктар ички рынокто сыяктуу эле, резидент эмес банктар менен ишке ашырган банктар аралык своп-операциялардын жалпы көлөмү 2023-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 2,1 эсеге жогорулап, доллар эквивалентинде 1 593,1 млн АКШ долларын түзгөн. Улуттук валютаны колдонуу менен ишке ашырылган банктар аралык своп-операциялардын көлөмү 4,6 пайызга, 49,7 млрд сомго чейин төмөндөгөн.

***2.2.2.2-график.***

Банктар аралык акча рыногунда ишке ашырылган операциялар




## 2.2.3. Банктарды кайра каржылоо операциялары

*Кайра каржылоо инструменттери*

Отчёттук жылы банк системасында олуттуу көлөмдө үстөк ликвиддүүлүктөн улам коммерциялык банктарга кредиттер берилген эмес.

Улуттук банктын кайра каржылоо инструменттери катары ар башка кредиттер катталган. Банктарды кайра каржылоо күндөлүк ликвиддүүлүктү колдоо жана коммерциялык банктарга кошумча ликвиддүүлүктү сунуштоо үчүн каралган инструменттердин бири болуп саналат.

“Бир күндүк”, “овернайт” жана “7 күндүк кредиттер” сыяктуу кыска мөөнөттүү кредиттер туруктуу негизде иштеген терезе инструменттери болуп саналат.

[1] Улуттук банктын тоорук аянтында өткөрүлгөн аукциондордун жыйынтыгы боюнча.

Улуттук банк да кайра каржылоо инструменти – кредиттик аукциондорду өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Кредиттик аукциондор Улуттук банктын демилгеси боюнча коммерциялык банктарга ликвиддүүлүктү колдоо жана экономиканын айрым тармактарын кредиттөө үчүн улуттук валютада кредиттик ресурстарды берүү максатында жүргүзүлөт.

Мындан тышкары, Улуттук банк Кыргыз Республикасынын депозиттерди коргоо системасынын финансылык туруктуулугун камсыз кылуу, аманатчылардын кызыкчылыктарын коргоо, системада тобокелдиктерге жол бербөө жана банк системасынын туруктуулугун камсыздоо максатында Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигине, ошондой эле Кыргыз Республикасы башка мамлекеттер менен биргеликте түзгөн эл аралык уюмдарга кредиттерди берүүгө укуктуу.

## 2.2.4. Ички валюта рыногунда ишке ашырылган операциялар

2024-жылы ички валюта рыногунда жагдай туруктуу сакталып турган. Алмашуу курсунун динамикасы сезондук факторлордун таасири астында суроо-талап жана сунуштун рыноктук механизмдери түрүндө түптөлгөн. Улуттук банк рыноктук конъюнктура өзгөчөлүгүнө жана алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө зарылчылыгына жараша валюталык тооруктарда катышкан.

2024-жылы Улуттук банк 675,7 млн АКШ доллары суммасына АКШ долларын сатуу боюнча 13 интервенция жана 369,9 млн АКШ доллары суммасына АКШ долларын сатып алуу боюнча 13 интервенция өткөргөн. Таза сатуу көлөмү 305,8 млн АКШ долларын түзгөн.

Отчёттук жылы улуттук валютанын АКШ долларына карата расмий курсу 2,34 пайызга, 1 АКШ доллары үчүн 89,0853 сомдон 87,0000 сомго чейин бекемделген. Мында алмашуу курсунун ийкемдүүлүгү сакталып турган.

***2.2.4.1-график.***

Улуттук банктын чет өлкө валютасы менен операциялары




*Валюталык интервенциялар*

I чейректе чет өлкө валютасын сунуштоо көлөмүнүн төмөндөшүнүн алкагында чет өлкө валютасына сезондук суроо-талап байкалган, бул алмашуу курсунун өзгөрүүсүн шарттаган. Алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында Улуттук банк отчёттук жылдын I чейрегинде 31,9 млн АКШ доллары суммасына чет өлкө валютасын сатуу боюнча эки интервенция өткөргөн. Бирок I чейректин

акырынан тартып чет өлкө валютасын сунуштоо көлөмү жогорулаган, ушуга байланыштуу 9,0 млн АКШ доллары суммасына чет өлкө валютасын сатып алуу боюнча бир интервенция өткөрүлгөн. I чейрек ичинде таза сатуу 22,9 млн АКШ долларын түзгөн.

II чейректе чет өлкө валютасын сунуштоо көлөмүнүн суроо-талап көлөмүнөн артышы белгиленген, бул өлкөгө акча которуулардын көбөйүшү жана туристтик тармак чөйрөсүндө иштин жигердүүлүгү менен шартталган. II чейректе Улуттук банк көбүнчө чет өлкө валютасын сатып алуу боюнча интервенцияларды жүргүзгөн, мында сатып алуу боюнча тогуз интервенция – 256,0 млн АКШ доллары суммасына жана сатуу боюнча бир интервенция – 6,7 млн АКШ доллары суммасына. II чейрек ичинде таза сатып алуу 249,3 млн АКШ долларын түзгөн.

III чейректе валюта рыногунда жагдай рынок катышуучуларынын өнүккөн өлкөлөрдүн монетардык саясатын өзгөртүүсү боюнча күтүүлөрүнүн алкагында өнүккөн, ушуга байланыштуу алмашуу курсунун динамикасы ар тараптуу калыптанган. Улуттук банк чет өлкө валютасын сатып алуу сыяктуу эле, сатуу интервенцияларын да өткөргөн. Кароого алынган мезгил ичинде Улуттук банк тарабынан 104,9 млн АКШ долларын сатып алуу боюнча үч интервенция жана 111,5 млн АКШ долларын сатуу боюнча эки интервенция өткөрүлгөн. III чейрек ичинде таза сатуу 6,6 млн АКШ долларын түзгөн.

IV чейректе чет өлкө валютасына жогору суроо-талап катталган. Мындай суроо-талап дүйнөлүк финансылык рыноктордо АКШ долларынын позициясынын бекемделишинин, финансылык рыноктор боюнча санкциялык саясаттын катуулатылышы жана Кыргыз Республикасынын соода боюнча өнөктөш айрым өлкөлөрдүн валюталарынын алмашуу курсунун жогору өзгөрүүсүнүн таасири астында түптөлгөн. IV чейрек ичинде Улуттук банк 525,7 млн АКШ доллары суммасына чет өлкө валютасын сатуу боюнча сегиз интервенция өткөргөн.

***<u>2.2.4.2-график.</u>***

Алмашуу курсунун динамикасы жана банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялардын көлөмү




ЕАЭБ жөнүндө келишимдин алкагында Кыргыз Республикасынын милдеттенмелеринин өз убагында аткарылышын камсыз кылуу максатында Улуттук банк ички валюта рыногунда орус рублин сатып алуу боюнча валюталык операцияларды жүргүзгөн. Жалпы сатып алуу суммасы 16,9 млрд орус рублин түзгөн.

### 2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар

Милдеттүү камдык талаптар Улуттук банктын акча-кредит саясатынын инструменттеринин бири болуп саналат жана банк системасында ликвиддүүлүктүн жалпы деңгээлин жана акча рыногунун кыска мөөнөттүү пайыздык чендерин жөнгө салуу максатында пайдаланылат.

Милдеттүү камдык талаптар – бул коммерциялык банктарга жана аманаттарды тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компанияларга карата белгиленген резервдик активдердеги акча каражаттарын милдеттүү түрдө депондоштуруу талаптары. Милдеттүү резервдер өлчөмү жана аларды сактоо тартиби Улуттук банк Башкармасы тарабынан жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын шарттарына ылайык белгиленет.

*Милдеттүү камдык талаптардын ченемдери*

2024-жыл ичинде коммерциялык банктар үчүн милдеттенмелердин бардык түрлөрү боюнча милдеттүү резервдердин ченемдери сакталган: чет өлкө валютасында милдеттенмелер боюнча (армян драмы, белорус рубли, казак теңгеси, Жэньминьби кытай юаны, орус рублиндеги милдеттенмелерден тышкары) – 15,0 пайыз деңгээлинде; улуттук валютада, ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн валюталарында жана кытай юанында милдеттенмелер боюнча – 4,0 пайыз деңгээлинде. Кардарлардын жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча банктардын милдеттенмелери боюнча милдеттүү резерв да мурдагыдай эле нөл деңгээлинде орун алган.

Банктарга карата коюлган милдеттүү камдык талаптарды күн сайын аткаруу үчүн Улуттук банктагы корреспонденттик эсептеги каражаттардын минималдуу чек деңгээлин сактоо боюнча талаптар 2024-жыл бою өзгөрүүсүз – 70,0 пайыз деңгээлинде сакталган.

2024-жылы төмөнкүлөргө карата айыптык санкциялар колдонулган:

- базалык мезгил ичинде милдеттүү камдык талаптар сакталбагандыгы үчүн бир коммерциялык банкка карата (резервдик активдердин милдеттүү резервдерден орточо күндүк четтөө суммасынан Улуттук банктын үч эсе орточо эсептик чен өлчөмүндө);
- тиешелүү күнгө карата белгиленген милдеттүү резервдердин көлөмүнөн минималдуу чектүү деңгээл сакталбагандыгы үчүн үч банкка карата (резервдик активдердин милдеттүү резервдерден четтөө суммасынан Улуттук банктын үч эсе эсептик чен өлчөмүндө).

## 2.3. Эл аралык резервдерди тескөө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына ылайык, Улуттук банк резервдик активдердин ликвиддүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуунун артыкчылыктарын эске алуу менен бардык эл аралык резервдерди өз алдынча түзөт, ээлик кылат жана башкарат.

Эл аралык резервдерди тескөө Улуттук банктын Инвестициялык саясатында жана Эл аралык резервдерди тескөөдө тобокелдиктерди жөнгө салуу саясатында белгиленген.

*Эл аралык резервдер көлөмү*

2024-жылдын акырына карата дүң эл аралык резервдер көлөмү жыл ичинде 1 851,6 млн АКШ долларына же 57,2 пайызга жогорулап, 5 088,1 млн АКШ доллары эквивалентин түзгөн.

***2.3.1-график.***
Дүң эл аралык резервдер динамикасы
*(млн АКШ доллары)*




2024-жыл ичинде Кыргыз Республикасынын тышкы милдеттенмелери боюнча төлөөлөр; эл аралык резервдердин курамына кирген валюталардын курстарынын өзгөрүшү; баалуу металлдарга баалардын өзгөрүшү; эл аралык резервдерди тескөөдөн алынган кирешелер; алтын менен операциялар; өлкөнүн ички рыногунда жүргүзүлгөн Улуттук банктын валюталык операциялары; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин пайдасына валюталык каражаттардын түшүүсү дүң эл аралык резервдердин көлөмүнө таасирин тийгизген.

Улуттук банктын эл аралык резервдеринин курамына алтын, атайын карыз алышуу укуктары (АКУ) жана валюта портфели кирет.

*Эл аралык резервдер түзүмү*

***2.3.1-таблица.***
Эл аралык резервдер түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)
*(пайыздар)*

| | 2023 | 2024 |
|---|---|---|
| Алтын | 44,2 | 62,9 |
| Валюта портфели | 50,4 | 33,0 |
| Атайын карыз алышуу укугу | 5,4 | 4,1 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

Талап кылынган ликвиддүүлүк деңгээлин кармап туруу, ошондой эле эл аралык резервдерди жайгаштыруунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында чет өлкө валютасында резервдик активдерди башкаруу портфелдик негизде жүзөгө ашырылган.

2024-жылы эл аралык резервдердин валюта портфелинде төмөнкү валюталар камтылган: АКШ доллары, евро, британия фунт стерлинги, кытай юаны, япон йени, канада доллары, австралия доллары, швейцария франкы, ошондой эле башка валюталар, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин операцияларын тейлөө үчүн зарыл болгон валюталар.

Валюта портфелин жумушчу жана инвестициялыкка бөлүү резервдердин кирешелүүлүгүн оптималдуу деңгээлде кармап турууну камсыз кылган.

*Жумушчу портфелди жайгаштыруу*

Жумушчу валюталык портфель эл аралык резервдердин бөлүгүн түшүндүрөт, ал күнүмдүк операцияларды жүргүзүү, болжолдонгон кыска мөөнөттүү милдеттенмелерди каржылоо, ошондой эле келип чыгышы мүмкүн болгон кандай болбосун агылып чыгуулар үчүн каралган. Жумушчу портфелдин активдери кыйла ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылып, банктар аралык ички валюта рыногунда операцияларды жүргүзүү, ошондой эле Улуттук банктын жана Министрлер Кабинетинин чет өлкө валютасында төлөөлөрү, анын ичинде мамлекеттик тышкы карыз тейлөө үчүн колдонулган.

*Инвестициялык портфелди тескөө*

Инвестициялык валюталык портфель – резервдик активдердин ликвиддүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуунун артыкчылыктарын эске алуу менен киреше алуу үчүн каралган жана баалуу кагаздар, депозиттер жана башка инструменттер жыйындысынан турган финансылык инвестициялар топтомун билдирген эл аралык резервдердин бөлүгү. Инвестициялык портфелди тескөө бекитилген эл аралык резервдердин эталондук портфелине ылайык жүзөгө ашырылган. Баалуу кагаздар портфели айрым өлкөлөрдүн мамлекеттик баалуу кагаздары, эл аралык финансылык институттардын кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү инвестициялык инструменттерин камтыган. Мөөнөттүү депозиттер эл аралык финансылык институттарда, чет өлкөлөрдүн жогору эл аралык рейтингге ээ борбордук жана коммерциялык банктарында жайгаштырылган.

Борбордук банктар, эл аралык финансылык институттар жана чет өлкөлүк коммерциялык банктар Улуттук банктын контрагенттери болуп саналат.

*Улуттук банктын алтын менен операциялары*

Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, Министрлер Кабинети жана Улуттук банк Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн алтынды сатып алуу боюнча артыкчылыктуу укукка ээ.

Улуттук банк отчёттук жылы ички баалуу металлдар рыногунда операцияларды жүргүзүү ишин улантып, Улуттук банктын алтын түрүндө активдерин толуктоо максатында улуттук валютага алтын сатып алган.

2024-жылдын 31-декабрына карата Улуттук банктын алтын түрүндөгү активдеринин жалпы көлөмү (монетардык жана монетардык эмес алтын, алтын түрүндө запастар) 52,34 тоннаны түзгөн, бул 2023-жылдын 31-декабрындагы ушул эле көрсөткүчтөн 4,3 тоннага көп.

2024-жыл ичинде Улуттук банк ички баалуу металлдар рыногунда 6,08 тонна алтын сатып алган (2023-жылы – 20,72 тонна).

МАЗМУНУ

***2.3.2-график.***
Улуттук банктын алтын түрүндө активдеринин жалпы көлөмү




## 2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары

*Инфляция*

Жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясаты Кыргыз Республикасында 2024-жыл ичинде инфляцияны 5-7 пайыздык орто мөөнөттүү максаттуу көрсөткүч чегинде кармап турууга мүмкүндүк берген.

Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча Кыргыз Республикасында керектөө бааларынын өсүш арымы отчёттук жылдын акырына карата жылдык мааниде 6,3 пайызды түзгөн (2024-жылдын декабрь айы 2023-жылдын декабрына карата).

***2.4.1-график.***

Кыргыз Республикасында инфляциянын деңгээли




Инфляция түзүмүндө азык-түлүк товарларына баалардын өсүшү 2024-жылдын январь айынан тартып август айына чейин басаңдаган, бул дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда алгылыктуу баа коньюнктурасы жана ички айыл чарба түшүмү боюнча алгылыктуу болжолдоолордун жакшырышы менен шартталган. Мында, 2024-жылдын сентябрынан тартып бул товарлар тобуна баалардын өсүш арымы этке баанын өсүшүнөн улам тездеген. Ошентип, отчёттук жылдын акырына карата "азык-түлүк товарлары" тобундагы инфляция жылдык мааниде 5,4 пайызды түзгөн, бул топтун жалпы керектөө баа индексине (КБИ) салымы 2,4 пайыздык пунктту түзгөн, алардын ичинен 1,2 пайыздык пункт этке жана 0,7 пайыздык пункт жашылчага туура келген. Мында, азык-түлүк товарлар тобунда кантка, мөмө-жемишке, нан азыктарына жана акшактарга, сүт азыктарына, сырга жана жумурткага, ошондой эле балыкка баалардын өсүш арымы төмөндөгөндүгү белгиленген.

"Азык-түлүк эмес товарлар" тобунда баалардын жылдык өсүш арымынын 2023-жылдын декабрындагы 12,2 пайыздан 2024-жылдын декабрында 5,1 пайызга чейин олуттуу төмөндөгөндүгү белгиленген, бул ушул топко кирген бардык товарларга, өзгөчө "кийим жана бут кийимге" баалардын өсүш арымынын төмөндөшүнүн эсебинен баалардын өсүш арымынын басаңдагандыгы менен шартталган. Азык-түлүк эмес товарлар тобунун жалпы КБИге салымы 1,5 пайыздык пунктту түзгөн, бул 2023-жылдагы көрсөткүчтөн 2,0 пайыздык пунктка төмөн. Азык-түлүк эмес товарлардын баасынын өсүшүнө негизги салымды "турак жай кызмат көрсөтүүлөрү, суу, электр энергия, газ жана отундун башка түрлөрү" тобуна баалардын өсүшү кошкон, бул мамлекеттик тариф саясаты чараларынын таасири астында шартталган.

Алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге баалардын өсүш арымы 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча бир жыл мурдагы деңгээлде сакталып, жылдык мааниде алганда 11,4 пайызды түзгөн.

2024-жыл ичинде кызмат көрсөтүүлөргө баалар төмөндөө тенденциясында ар тараптуу катталган, бирок отчёттук жылдын сентябрь айында 2021-жылы киргизилген билим берүүгө бааларды жогорулатууга белгиленген мораторий жокко чыгарылгандыгынын натыйжасында билим берүүгө баалар жогорулатылгандыктан

кызмат көрсөтүүлөргө баалардын өсүшү бир аз өскөн. Отчёттук жылдын жыйынтыгы боюнча “акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр” тобуна баалардын өсүшү жылдык мааниде алганда 8,1 пайызды түзгөн.

***2.4.2-график.***

Керектөө баа индексинин өсүш арымына салым




*Акча рыногу*

Акча рыногунун кыска мөөнөттүү пайыздык чендери Улуттук банктын эсептик ченинин багыты боюнча түптөлүп, пайыздык чектин төмөн чегине жакын калыптанган, бул банк системасындагы үстөк ликвиддүүлүккө байланыштуу келип чыккан.

***2.4.3-график.***

Банктар аралык кредит рыногунун чендер динамикасы



*Акча базасы*

2024-жылы монетардык индикаторлор өскөн (акча базасы жана топтомдор). Акча базасынын көлөмү отчёттук мезгилдин акырына карата 17,5 пайызга өсүп, 293,6 млрд сомду түзгөн. Акча базасынын өсүшүнүн негизги фактору катары фискалдык органдардын жана монетардык каналдын операциялары катталган.

***2.4.4-график.***

Акча топтомдорунун жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы




Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөөдө накталай эмес каражаттарды колдонуу көлөмүнүн көбөйүшү, ошондой эле калктын каражат топтоо көрсөткүчүнүн жакшыруусу өзүндө улуттук жана чет өлкө валюталарында депозиттерди камтыган (M2X акча топтому) кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көрсөткүчүнүн өсүшүнө түрткү берген.

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча[1] M2X 31,9 пайызга, 673,1 млрд сомго[2] чейин өскөн. Бул көрсөткүч депозиттердин 40,9 пайызга өсүшү жана банктардан тышкаркы акча көрсөткүчүнүн 15,2 пайызга жогорулашы менен шартталган.

Улуттук валютада кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы (M2 акча топтому) отчёттук жыл ичинде 31,0 пайызга өсүп, 2024-жылдын акырына карата 489,4 млрд сомду түзгөн.

[1] Акча топтомдору боюнча келтирилген маалыматтар мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчёттун/корутунду жүгүртүүнүн баштапкы маалыматтарына киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен корректировкаланышы мүмкүн.

[2] 2024-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча.

# 3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮ

2024-жылы Кыргыз Республикасынын финансы-кредит уюмдарынын (ФКУ) иши туруктуулукту сактап, бекемдиги менен мүнөздөлгөн.

Банк секторунун негизги көрсөткүчтөрү боюнча ишенимдүү өсүш белгиленген. Финансы-кредит уюмдары жогорку ликвиддүү жана жетиштүү деңгээлде капиталдаштырылган бойдон калышкан. Банк системасынын ликвиддүүлүк запасы жана ресурстук базасынын өсүшү банктардын экономиканын реалдуу секторуна жана калкка кредит берүүсүн кеңейтүүгө өбөлгө түзгөн. Банк секторунун депозиттик базасынын олуттуу өсүшү калктын банк системасына болгон ишениминин жогорулагандыгын тастыктап турат.

Отчёттук жылы финансы-кредит уюмдарынын суммардык активдери 32,6 пайызга, 876,1 млрд сомго чейин өскөн, бул ИДӨгө карата 53,5 пайызды түзөт. Суммардык милдеттенмелер 33,9 пайызга өсүп, 712,6 млрд сомго жеткен. Банк системасындагы долларлашуу деңгээли төмөндөөсүн улантууда.

Ислам принциптери боюнча каржылоо портфели 45,3 пайызга көбөйүп, 10,6 млрд сомду түзгөн. Отчёттук жыл ичинде ислам принциптери боюнча каржылоонун өсүшүнүн уланып жатышы банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн бул түрүнө калктын кызыгуусунун жогорулагандыгын тастыктап турат.

## 3.1. Банк системасынын өнүгүшү боюнча баяндама[1]

Отчёттук жыл ичинде негизги көрсөткүчтөр оң динамиканы көрсөтүү менен банк системасы туруктуу бойдон калган.

2024-жылы 21 коммерциялык банк иштеп, анын ичинен 11 банк чет өлкө капиталы менен ишкердигин жүргүзгөн. Банктардын уставдык капиталы 60,1 млрд сомдон 76,9 млрд сомго чейин өскөн, бул банк системасынын туруктуулугунун жогорулагандыгын көрсөтүп турат. Банктардын уставдык капиталындагы чет өлкө капиталынын үлүшү 7,8 пайыздык пунктка өсүп, 28,0 пайызды түзгөн.

*Банк системасынын активдери*

Отчёттук жылдын акырына карата банк системасынын суммардык активдери 32,8 пайызга көбөйүп, 815,6 млрд сомго жеткен. Банк системасынын активдеринин өсүшү кредиттик портфелдин (+32,2 пайыз), корреспонденттик эсептердин жана башка банктардагы депозиттердин (+43,8 пайыз) көбөйүшү, ошондой эле башка активдердин 147,8 пайызга өсүшү менен шартталган. Коммерциялык банктардын активдеринин негизги бөлүгүн кредиттер, корреспонденттик эсептер жана башка банктардагы депозиттер түзөт, алардын үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша 41,8 жана 19,9 пайызды түзгөн.

[1] Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчётко (ПРБО) ылайык.

**3.1.1-таблица.**
Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2023 | | 2024 | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | *Үлүшү, пайыздар* | *млрд сом* | *Үлүшү, пайыздар* |
| Акча каражаттары | 78,0 | 12,7 | 80,3 | 9,8 |
| Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп | 45,2 | 7,4 | 57,1 | 7,0 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 112,8 | 18,4 | 162,3 | 19,9 |
| Баалуу кагаздар портфели | 70,2 | 11,4 | 50,0 | 6,2 |
| Репо боюнча сатып алынган баалуу кагаздар | 0,1 | 0,0 | 0,5 | 0,1 |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 257,8 | 42,0 | 340,7 | 41,8 |
| Финансы-кредит уюмдарына кредиттер | 4,6 | 0,7 | 8,1 | 1,0 |
| Атайын РППУ* | -22,4 | -3,6 | -23,5 | -2,9 |
| Негизги каражаттар | 22,6 | 3,7 | 28,7 | 3,5 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 0,8 | 0,1 | 1,1 | 0,1 |
| Башка активдер | 44,6 | 7,2 | 110,3 | 13,5 |
| **Бардыгы болуп** | **614,3** | **100,0** | **815,6** | **100,0** |

** Атайы РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер (субстандарттык, шектүү, жоготуулар) боюнча жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган резервди түшүнүү зарыл.*

Коммерциялык банктардын жогору ликвиддүү активдерин камтыган акча каражаттардын, кыска мөөнөттүү активдердин жана Улуттук банктагы корреспонденттик эсептердин көлөмү 26,9 пайызга өсүп, 2024-жылдын акырына карата 299,6 млрд сомду же активдердин жалпы көлөмүнүн 36,7 пайызын түзгөн.

Банктардын активдеринин сапаты кыйла жогорку деңгээлде сакталып калган. Классификацияланбаган активдердин жана баланстан тышкаркы милдеттенмелердин көлөмү активдердин жалпы көлөмүнүн 92,9 пайызын же 613,6 млрд сомду, ал эми классификацияланган активдердин жана баланстан тышкаркы милдеттенмелердин үлүшү 7,1 пайызды же 47,1 млрд сомду түзгөн.

**3.1.2-таблица.**
Банктардын активдерин жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерин классификациялоо
*(пайыздарда)*

| Классификациялоо категориясы | Активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер | |
|---|---|---|
| | 2023 | 2024 |
| **Бардыгы болуп классификацияланбагандар** | **93,5** | **92,9** |
| *анын ичинен:* | | |
| Нормалдуу | 71,4 | 65,4 |
| Канааттандырарлык | 11,6 | 17,8 |
| Байкоого алынган | 10,5 | 9,7 |
| **Бардыгы болуп классификацияланганда**р | **6,5** | **7,1** |
| *анын ичинен:* | | |
| Субстандарттык | 2,1 | 3,9 |
| Шектүү | 0,9 | 0,7 |
| Жоготуулар | 3,5 | 2,5 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Кредит портфели*

Банктардын чогуу алгандагы кредит портфели[1] 32,2 пайызга өсүп, 340,7 млрд сомду түзгөн.

***3.1.1-график.***
Банктардын активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Банктардын кредит портфелинин өсүшү улуттук валютада кредиттөө көлөмүнүн 35,5 пайызга өсүү менен 272,4 млрд сомго чейин жетиши, ошондой эле чет өлкө валютасында 20,3 пайызга өсүү менен, 68,4 млрд сомго чейин жетиши менен шартталган.

***3.1.2-график.***
Банктардын кредит портфелинин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




Отчёттук жыл ичинде бардык төлөө мөөнөттөрү боюнча кредиттердин көлөмүнүн өсүшү байкалган. Өсүштүн эң чоң арымы мөөнөтү үч жылдан ашык кредиттер боюнча белгиленген, алар 46,5 пайызга көбөйүү менен 146,0 млрд сомго жеткен. Бир жылга чейинки кредиттер 21,2 пайызга көбөйүп, 52,8 млрд сомду түзгөн,

[1] Мында жана мындан ары банктарга жана ФКУларга берилген кредиттерди эске алуусуз.

ал эми бир жылдан үч жылга чейинки кредиттер 25,4 пайызга, 135,6 млрд сомго чейин өскөн. Натыйжада, мөөнөтү бир жылдан ашкан кредиттердин өсүшү кредиттерди төлөөнүн орточо мөөнөтүнө (дюрациясына) таасирин тийгизген, ал 30,8 айдан 32,0 айга чейин өскөн. Карыз алуучулардын саны 32,2 пайызга өсүп, жеке адамдардын жана юридикалык жактардын саны 1,0 миллионго жеткен.

*Кредит портфелдеги чет өлкө валютасындагы кредиттердин үлүшү*

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча банктардын кредит портфелиндеги чет өлкө валютасындагы кредиттердин үлүшү 2023-жылга салыштырмалуу 2,0 пайыздык пунктка азайган жана 20,1 пайызды түзгөн.

***3.1.3-график.***

Банктардын кредит портфелиндеги чет өлкө валютасындагы кредиттердин үлүшү (бир мезгилдин акырына карата)




*Кредит портфелдин түзүмү*

Кредит портфелдин түзүмүндө керектөө кредиттеринин үлүшү көбөйгөндүгү белгиленген. Кредиттөөнүн негизги көлөмү төмөнкүлөргө багытталган: керектөө кредиттерине – 99,2 млрд сом (77,8 пайызга өсүш); соода жана коммерциялык операцияларга – 89,9 млрд сом (21,5 пайызга өсүш); айыл чарбасына – 47,4 млрд сом (12,4 пайызга өсүш); ипотекага – 39,2 млрд сом (30,5 пайызга өсүш); өнөр жайга – 14,0 млрд сом (4,7 пайызга өсүш); курулушка – 13,6 млрд сом (14,4 пайызга өсүш); транспорт жана байланыш – 9,5 млрд сом (27,1 пайызга өсүш).

***3.1.4-график.***

Банктардын кредит портфелинин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)




*Кредит портфелинин регионалдык түзүмү*

2024-жылы Кыргыз Республикасынын бардык региондорунда банктардын кредит портфелинин көлөмү жогорулагандыгы белгиленген. Кредит портфелдин кыйла өсүшү Талас областында – 41,1 пайыз, Чүй областында – 40,7 пайыз, Ысык-Көл областында – 37,4 пайыз чегинде белгиленген.

***3.1.3-таблица.***

Банктардын кредит портфелинин регионалдык түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)*

| | 2023 | | | 2024 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* |
| Бишкек шаары | 130,5 | 50,7 | 23,8 | 170,4 | 50,1 | 30,6 |
| Ош шаары жана Ош областы | 35,9 | 14,0 | 27,0 | 46,8 | 13,8 | 30,4 |
| Жалал-Абад областы | 28,2 | 11,0 | 32,5 | 37,3 | 11,0 | 32,1 |
| Чүй областы | 19,2 | 7,5 | 25,1 | 27,0 | 7,9 | 40,7 |
| Ысык-Көл областы | 16,8 | 6,5 | 30,3 | 23,1 | 6,8 | 37,4 |
| Баткен областы | 10,1 | 3,9 | 42,1 | 13,8 | 4,0 | 35,9 |
| Нарын областы | 8,5 | 3,3 | 20,1 | 10,6 | 3,1 | 25,3 |
| Талас областы | 7,9 | 3,1 | 27,2 | 11,1 | 3,3 | 41,1 |
| **Бардыгы болуп** | **257,1** | **100,0** | **26,3** | **340,1** | **100,0** | **32,3** |

** Кредит портфели дисконтту эске алуу менен чагылдырылган. Дисконт – бул берилген кредиттин калдыгынын анын амортизацияланган наркынан жогору болгон сумма, ал кредитти реструктуризациялоонун натыйжасында же болбосо кредитти рыноктук ченден төмөн чен боюнча беруүдөн улам келип чыгат.*

Отчёттук жылдын акырына карата коммерциялык банктардын кредит портфели боюнча орточо алынган пайыздык чен улуттук валютада 18,1 пайызды, ал эми чет өлкө валютасында 8,6 пайызды түзгөн. Кредит портфели боюнча орточо алынган пайыздык чен (керектөө кредиттерин эске албаганда) жылдын акырына карата улуттук валютада 16,1 пайызды түзгөн.

***3.1.5-график.***

Банктардын кредит портфелинин орточо алынган пайыздык чендери




*Банктардын кредиттерин классификациялоо жана РППУ*

Банк системасынын кредит портфелиндеги классификацияланган кредиттердин салыштырма салмагы 2023-жылга салыштырганда 1,5 пайыздык пунктка өсүп, 10,8 пайызды же 36,6 млрд сомду түзгөн.

Отчёттук мезгилде кредит портфелинин көлөмүнүн өсүшү шартында РППУга чегерүүлөрдүн көлөмү кредит портфелинин 0,8 пайызын же 2,6 млрд сомду түзгөн.

***3.1.4-таблица.***

Банктардын кредиттерин классификациялоо
*(пайыздар)*

| Классификациялоо категориясы | Кредиттер | |
|---|---|---|
| | 2023 | 2024 |
| **Бардыгы болуп классификацияланбагандар** | **90,8** | **89,2** |
| *анын ичинен:* | | |
| Нормалдуу | 53,2 | 50,4 |
| Канааттандырарлык | 18,7 | 23,0 |
| Байкоого алынган | 18,9 | 15,8 |
| **Бардыгы болуп классификациялангандар** | **9,2** | **10,8** |
| *анын ичинен:* | | |
| Субстандарттык | 3,0 | 6,5 |
| Шектүү | 1,5 | 1,0 |
| Жоготуулар | 4,7 | 3,3 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Жаңыдан берилген кредиттер*

Коммерциялык банктар тарабынан 2024-жылы берилген кредиттердин жалпы көлөмү 39,9 пайызга өсүп, 2023-жылга салыштырмалуу 386,0 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютада берилген жаңы кредиттердин көлөмү 40,9 пайызга (323,3 млрд сомго чейин) жана чет өлкө валютасында – 35,3 пайызга (62,7 млрд сомго чейин) кыйла жогорулагандыгы белгиленген.

Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендин орточо мааниси 19,8 пайызды, чет өлкө валютасында 8,9 пайызды түзгөн. Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча (керектөө кредиттерин эске албаганда) пайыздык чендин орточо мааниси 17,7 пайызды, чет өлкө валютасында 8,9 пайызды түзгөн.

*Кредиттик тобокелдик*

Кредиттик тобокелдик банк ишин коштогон тобокелдиктердин негизги түрлөрүнүн бири болуп саналат, ал активдерди жана balanстан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоонун негизинде бааланат. 2024-жылы классификацияланган кредиттер боюнча атайын резервдердин кредит портфелге карата катышы 4,9 пайызды түзүп, жыл башынан бери 1,3 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Кредит портфелинин сапатынын өзгөрүшүнө карыз алуучулардын финансылык тартибинин жогорулашы жана жаңыдан берилген кредиттердин көлөмүнүн көбөйүшү олуттуу таасирин тийгизген.

*Банк системасынын милдеттенмелери*

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин чогуу алгандагы көлөмү 34,3 пайызга, 684,8 млрд сомго чейин көбөйгөн. Улуттук валютада милдеттенмелердин жалпы көлөмү 405,5 млрд сомду, чет өлкө валютасында 279,4 млрд сомду түзгөн. Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелердин үлүшү 2023-жылга салыштырмалуу 2,6 пайыздык пунктка азайган жана 2024-жылдын акырына карата милдеттенмелердин жалпы көлөмүнүн 40,8 пайызын түзгөн.

***3.1.5-таблица.***

Банктардын милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2023 | | 2024 | |
|---|---|---|---|---|
| | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млрд сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Эсептешүү эсептери | 153,2 | 30,0 | 230,9 | 33,7 |
| Талап боюнча төлөнүүчү депозиттер | 85,8 | 16,8 | 108,7 | 15,9 |
| Мөөнөттүү депозиттер | 91,1 | 17,9 | 125,7 | 18,4 |
| Улуттук банк алдындагы милдеттенмелер | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Банктардын эсептешүү эсептери жана депозиттери | 4,4 | 0,9 | 5,7 | 0,8 |
| Алынган кредиттер | 27,0 | 5,3 | 27,1 | 4,0 |
| Өкмөттүн депозиттери | 39,0 | 7,7 | 51,7 | 7,6 |
| Өкмөттүн кредиттери | 7,8 | 1,5 | 9,1 | 1,3 |
| Резидент эместердин депозиттери | 62,2 | 12,2 | 75,4 | 11,0 |
| Репо келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар | 0,1 | 0,0 | 0,6 | 0,1 |
| Башка милдеттенмелер | 39,4 | 7,7 | 49,9 | 7,2 |
| **Бардыгы болуп** | **510,0** | **100,0** | **684,8** | **100,0** |

Коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин жалпы көлөмүндө депозиттердин үлүшүнүн туруктуу өсүш тенденциясы белгиленген. Милдеттенмелердин жалпы көлөмүндө депозиттик базанын үлүшү 86,5 пайызга чейин көбөйгөн, бул 2023-жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 1,9 пайыздык пунктка жогору.

***3.1.6-график.***

Милдеттенмелердин жана депозиттик базанын динамикасы




*Депозиттик база*

2024-жылдын акырына карата коммерциялык банктардын депозиттик базасынын жалпы көлөмү 37,3 пайызга көбөйүү менен 592,4 млрд сомго жетип, олуттуу өсүштү көрсөткөн. Депозиттердин өсүшү улуттук валютада сыяктуу эле (+44,1 пайыз), чет өлкө валютасында да (+29,3 пайыз) байкалган. Депозиттик базанын өсүшү менен бирге эле жеке адамдардын жана юридикалык жактардын эсептеринин саны 19,0 пайызга, 8,8 миллионго чейин көбөйгөндүгү белгиленген. Байкалган динамика калктын банк системасына болгон ишеним деңгээлинин жогорулагандыгын, ошондой эле жарандардын финансылык сабаттуулугунун өскөндүгүн тастыктап турат.

***3.1.7-график.***

Банктардын депозиттик базасынын көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




Чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 2023-жылга салыштырганда 2,7 пайыздык пунктка төмөндөө менен 42,9 пайызды түзгөн.

*Чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү*

***3.1.8-график.***

Чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү (бир мезгилдин акырына карата)






*Депозиттик базанын түзүмү*

Депозиттердин түзүмүндө кыска мөөнөттүү аманаттардын салыштырма салмагы (бир жылга чейинки мөөнөткө) 19,6 дан 20,0 пайызга чейин өскөн, мында узак мөөнөттүү (бир жылдан ашык) аманаттардын үлүшү 6,7ден 6,0 пайызга чейин төмөндөгөн. Аманатчылар кыска мөөнөттүү аманаттарга артыкчылык бере баштаткан, натыйжада депозиттик базанын дюрациясы 2023-жылдагы 3,2 айдан отчёттук жылда 3,0 айга чейин кыскарган. Мөөнөттүү депозиттердин дюрациясы да 0,6 пунктка, 11,7 айга чейин кыскарган.

*Депозиттер боюнча пайыздык чендер*

Улуттук валютадагы депозиттер боюнча орточо алынган пайыздык чен 2024-жылдын акырына карата 5,3 пайызды (0,2 пайыздык пунктка азаюу), чет өлкө валютасында 1,0 пайызды (0,3 пайыздык пунктка көбөйүү) түзгөн. Улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо алынган пайыздык чен 0,4 пайыздык пунктка – 12,1 пайыз деңгээлине чейин төмөндөгөн, ал эми чет өлкө валютасында, тескерисинче, 0,4 пайыздык пунктка – 3,0 пайызга чейин жогорулаган.

*Жаңы депозиттер*

Банктар тарабынан жаңыдан кабыл алынган депозиттердин[1] көлөмү 2024-жыл ичинде 4 913,3 млрд сомду түзүү менен, 2023-жылга салыштырганда эң башкысы талап боюнча төлөнүүчү депозиттерди тартуу эсебинен 68,2 пайызга көбөйгөн.

Жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү улуттук валютада 95,9 пайызга өсүп, 3 848,1 млрд сомго жеткен, ал эми чет өлкө валютасында 11,3 пайызга, сом эквивалентинде 1 065,2 млрд сомго жеткен. Депозиттердин негизги агылып кирүүсү талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин эсептерине каражаттардын түшүүсү менен камсыздалган.

Улуттук валютада жаңыдан тартылган мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо алынган пайыздык чен 11,0 пайызды түзүп, 2023-жылга салыштырганда 0,6 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Чет өлкө валютасында жаңыдан тартылган депозиттер боюнча орточо алынган пайыздык чен 0,8 пайыздык пунктка жогорулап, 2,8 пайызды түзгөн.

***3.1.9-график.***

Банктардын мөөнөттүү депозиттери боюнча орточо алынган пайыздык чендер




*Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

Банк системасында ликвиддүүлүк тобокелдиги ар бир мөөнөт аралыгында милдеттенмелердин ордун активдер менен жабуу көз карашынан каралоого алынат, бул өз кезегинде, мөөнөттөр жана милдеттенмелер боюнча ажырым орун алган шартта каражаттарга болгон муктаждыкты баалоого мүмкүндүк берет. 2024-жылы активдерди жана милдеттенмелерди төлөө мөөнөттөрү боюнча терс ажырым анча өзгөргөн эмес жана белгиленген мөөнөт ичинде милдеттенмелердин активдерден артышы тобокелдиги узак мөөнөттүү келечекте алгылыктуу ажырымдын эсебинен компенсацияланышы мүмкүн.

[1] Мында жана мындан ары жыл ичинде тартылган депозиттердин көлөмүнө эсептешүү эсептериндеги каражаттар кирген эмес.

***Таблица 3.1.6.***[1]

Активдер жана милдеттенмелер мөөнөттөр боюнча (бир мезгилдин акырына карата)
*(млрд сом)*

| 2023 | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Активдер | 300,4 | 40,8 | 25,0 | 51,4 | 220,4 | 637,9 |
| Милдеттенмелер | 350,2 | 15,4 | 26,5 | 45,7 | 66,0 | 503,8 |
| Активдердин милдеттенмелерден ашкан суммасы | -49,8 | 25,5 | -1,5 | 5,6 | 154,3 | 134,1 |
| активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | -16,6 | 62,4 | -6,2 | 11,0 | 70,0 | 21,0 |
| Кумулятивдүү ажырым | -49,8 | -24,4 | -25,9 | -20,3 | 134,1 | 134,1 |
| активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | -16,6 | -7,1 | -7,1 | -4,9 | 21,0 | 21,0 |

| 2024 | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 күндөн ашык | Бардыгы |
| Активдер | 410,4 | 32,7 | 33,7 | 65,8 | 297,5 | 840,1 |
| Милдеттенмелер | 478,0 | 21,2 | 28,0 | 58,9 | 93,0 | 679,0 |
| Активдердин милдеттенмелерден ашкан суммасы | -67,6 | 11,5 | 5,8 | 6,9 | 204,5 | 161,1 |
| активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | -16,5 | 35,1 | 17,1 | 10,5 | 68,7 | 19,2 |
| Кумулятивдүү ажырым | -67,6 | -56,1 | -50,4 | -43,5 | 161,1 | 161,1 |
| активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | -16,5 | -12,7 | -10,6 | -8,0 | 19,2 | 19,2 |

Отчёттук мезгилде Улуттук банк тарабынан банктарды капиталдаштыруу жана банк системасынын туруктуулугун камсыз кылуу маселелерине өзгөчө көңүл бурулду.

*Коммерциялык банктардын капиталы*

Коммерциялык банктардын таза суммардык капиталынын көлөмү[2] 2024-жылы 24,8 пайызга өскөн жана 132,6 млрд сомду түзгөн. Төлөнгөн уставдык капиталдын[3] өлчөмү 28,0 пайызга, 76,9 млрд сомго чейин көбөйгөн. Коммерциялык банктардын таза суммардык капиталынын жана төлөнгөн уставдык капиталынын көбөйүшү банк секторунун финансылык туруктуулугун жана инвесторлордун ишенимин тастыктап турат. Банктардын капиталдаштыруу деңгээлин өткөн жылдарга салыштыруусу туруктуу жогорулоо тенденциясын көрсөтүүдө, бул жөнгө салуучу талаптарды күчөтүү сыяктуу эле, банктардын рынокто өзүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга умтулуусу менен шартталган.

Банк секторунун капиталынын шайкештик деңгээли (К 2.1.) 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча 22,0 пайызды түзгөн, бул белгиленген ченемден кыйла жогору – кеминде 12 пайыз. Банк системасынын капиталынын шайкештигинин жогорку деңгээлде болушу финансылык ортомчулук деңгээлин андан ары жогорулатуу, банк секторунун туруктуулугун камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү бар экендигин тастыктап турат жана банктар тарабынан экономикалык өсүштү активдүү колдоого өбөлгө түзөт.

[1] Маалыматтар ПРБОнун 12-бөлүгүнүн негизинде берилген.

[2] Туунду уюмдарга жана башка финансы-кредит уюмдарынын капиталына инвестицияларды кошпогондо, банктын уставдык капиталын, отчёттук жана өткөн жылдардагы иштин финансылык натыйжасын, түзүлгөн резервдерди камтыган эсептик көрсөткүчү. Бул көрсөткүч Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген экономикалык ченемдердин маанилерин эсептөөдө колдонулат.

[3] Бул категорияга жөнөкөй жана артыкчылык берилген акциялар кирет.

***3.1.7-таблица.***

Коммерциялык банктардын капиталынын көрсөткүчтөрү (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2023 | 2024 |
|---|---|---|
| Таза суммардык капитал, *млрд сом* | 106,3 | 132,6 |
| Операциялык тобокелдиктердин ордун жабуу үчүн резервделген капиталды эске алуу менен, тобокелдикке ээ таза активдер, *млрд сом* | 382,3 | 603,6 |
| Суммардык капиталдын шайкештик ченеми коэффициенти, *пайыздар* | 24,8 | 22,0 |
| Суммардык капиталдын шайкештик ченеми (кеминде), *пайыздар* | 12,0 | 12,0 |
| Системалык мааниге ээ банктар үчүн суммардык капиталдын шайкештик ченеми (кеминде), *пайыздар* | 14,0 | 14,0 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 30 пайыздан жогору болгон банктардын саны, *даана* | 6 | 3 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 20 пайыздан 30 пайызга чейин болгон банктардын саны, *даана* | 11 | 7 |
| Капиталдын шайкештиги коэффициенти 20 пайыздан төмөн болгон банктардын саны, *даана* | 6 | 11 |

***3.1.10-график.***

Банктардын капитал базасында көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




2024-жылдын жыйынтыгы боюнча банк системасынын алдын ала таза пайдасы 24,2 млрд сомдон 31,1 млрд сомго чейин, 2023-жылга салыштырганда 6,9 млрд сомго (+28,6 пайыз) көбөйгөн.

**3.1.8-таблица.**

Банктардын кирешелеринин жана чыгашаларынын көлөмү

*(млрд сом)*

| Категориясы | 2023 | 2024 |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп кирешелер | 49,5 | 64,0 |
| Бардыгы болуп чыгашалар | 15,3 | 21,9 |
| ***Таза пайыздык киреше*** | ***34,2*** | ***42,1*** |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | -1,1 | 2,6 |
| ***РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза киреше*** | ***35,3*** | ***39,5*** |
| Бардыгы болуп башка кирешелер | 74,1 | 93,4 |
| Бардыгы болуп башка чыгашалар | 50,5 | 55,3 |
| Бардыгы болуп башка операциялык жана административдик чыгашалар | 30,9 | 42,2 |
| ***Таза операциялык киреше*** | ***28,0*** | ***35,4*** |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 1,0 | 0,6 |
| ***Салык алынганга чейинки таза киреше*** | ***27,0*** | ***34,8*** |
| Пайдага салык | 2,8 | 3,7 |
| **Таза пайда** | **24,2** | **31,1** |

**3.1.11-график.**

Банктардын рентабелдүүлүк көрсөткүчтөрү




Коммерциялык банктардын активдеринин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) 0,1 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана 4,3 пайызды түзгөн, капиталдын кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROE), тескерисинче, 0,1 пайыздык пунктка, 32,4төн 32,5 пайызга чейин жогорулаган.

*Банк системасынын финансылык туруктуулугу*

Аналитикалык-моделдик аппаратка негизделген Кыргыз Республикасынын финансылык туруктуулугуна баа берүүнүн натыйжалары банк системасы потенциалдуу тобокелдиктерге жана таасирлерге ийгиликтүү туруштук берүүгө, ошондой эле кредит портфелдин сапатынын олуттуу начарлоосуна туруштук берүүгө мүмкүндүк берген финансылык туруктуулук запасына ээ экендигин көрсөтүп турат. 2024-жыл ичинде тышкы мүнөздөгү белгилүү бир тобокелдиктер сакталып келген, бирок, буга карабастан, банк системасынын финансылык бекемдик запасы жетиштүү.

## 3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын өнүгүшү боюнча баяндама[1]

*БФКУнун активдери*

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча банк эмес финансы-кредит уюмдардын (БФКУ)[2] чогуу алгандагы активдери 2023-жылга салыштырганда 13,8 млрд сомго же 29,7 пайызга көбөйгөн жана 60,5 млрд сомду түзгөн. Чет өлкө валютасындагы активдер 3,4 млрд сомду же жалпы активдердин 5,6 пайызын (1,8 млрд сом же 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 3,9 пайыз) түзгөн.

***3.2.1-таблица.***

БФКУнун активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2023 | | 2024 | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Акча каражаттары | 304,6 | 0,7 | 218,8 | 0,4 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 2 730,4 | 5,9 | 3 777,8 | 6,2 |
| Баалуу кагаздар портфели | 180,9 | 0,4 | 32,1 | 0,1 |
| Финансы-кредит уюмдарына кредиттер | 1 414,9 | 3,0 | 1 582,0 | 2,6 |
| Кредиттер жана кардарларга финансылык ижара | 38 580,9 | 82,7 | 47 555,5 | 78,6 |
| Финансылык лизинг | 6,4 | 0,0 | 3,5 | 0,0 |
| Атайын РППУ* | -992,5 | -2,1 | -1 606,3 | -2,7 |
| Негизги каражаттар | 1 246,2 | 2,7 | 1 014,7 | 1,7 |
| Инвестициялар жана финансылык катышуу | 757,0 | 1,6 | 5 021,9 | 8,3 |
| Башка активдер | 2 407,9 | 5,2 | 2 874,5 | 4,8 |
| **Бардыгы болуп** | **46 636,7** | **100,0** | **60 474,6** | **100,0** |

** Атайын РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер (субстандарттык, шектүү, жоготуулар) боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгымдардын ордун жабууга каралган камдарды түшүнүүгө болот*

*БФКУнун кредит портфели*

БФКУнун кредит портфели[3] 2023-жылга салыштырмалуу 9,2 млрд сомго же 23,2 пайызга көбөйгөн жана 48,9 млрд сомду, анын ичинде чет өлкө валютасында – 1,4 млрд сомду же БФКУнун кредит портфелинин 2,8 пайызын (1,1 млрд сом же 2023-жылдын акырына карата – 2,8 пайыз) түзгөн.

2024-жылдын акырына карата БФКУлардын чогуу алгандагы активдеринде кредит портфелдин үлүшү 80,8 пайыз (2023-жылы – 85,1 пайыз) чегинде катталган.

Отчёттук жыл ичинде БФКУлардын инвестициялары жана финансылык катышуусу 4,3 млрд сомго же 6 эседен ашыкка өстү, бул банк жана финансы-кредит уюмдарына салымдардын көбөйүшү менен шартталган.

[1] Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчётко (ПРО) ылайык.

[2] Кредиттик бюролордун, кепилдик фонддун жана алмашуу бюролорунун активдерин эске албаганда.

[3] Адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын (АФКУ) кредит портфелин жана БФКУнун финансылык лизингин эске алуусуз.

**3.2.1-график.**

БФКУнун активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




2024-жылы БФКУнун кредит портфелинин көлөмүнүн негизги көбөйүшү Бишкекте (өсүш 37,5 пайыз), Баткен областында (өсүш 24,2 пайыз), ошондой эле Талас областында (өсүш 21,5 пайыз) байкалган.

**3.2.2-таблица.**

БФКУнун кредит портфелинин региондор боюнча түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)[1]

| Региондор | 2023 | | | 2024 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | Өсүү арымы, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | Өсүү арымы, *пайыздар* |
| Бишкек шаары | 9 894,4 | 24,9 | 27,5 | 13 603,4 | 27,8 | 37,5 |
| Ош шаары жана Ош областы | 8 052,0 | 20,3 | 21,5 | 9 726,1 | 19,9 | 20,8 |
| Чүй областы | 6 791,3 | 17,1 | 29,4 | 7 903,7 | 16,2 | 16,4 |
| Жалал-Абад областы | 5 330,6 | 13,4 | 33,6 | 6 457,1 | 13,2 | 21,1 |
| Ысык-Көл областы | 3 903,4 | 9,8 | 23,1 | 4 463,1 | 9,1 | 14,3 |
| Баткен областы | 2 245,7 | 5,7 | 31,5 | 2 788,5 | 5,7 | 24,2 |
| Нарын областы | 2 122,2 | 5,3 | 20,9 | 2 309,6 | 4,7 | 8,8 |
| Талас областы | 1 332,9 | 3,4 | 30,6 | 1 619,9 | 3,3 | 21,5 |
| **Бардыгы болуп** | **39 672,5** | **100,0** | **26,8** | **48 871,4** | **100,0** | **23,2** |

Кредиттердин негизги үлүшү же бүтүндөй кредит портфелдин 82,8 пайызы керектөө кредиттери, айыл чарбасына кредиттер, кызмат көрсөтүүлөр, ошондой эле соода жана коммерциялык операциялар категорияларында топтолгон. Мында 2024-жылы эң көп өсүш керектөө кредиттери (4 623,3 млн сомго же 29,8 пайызга), кызмат көрсөтүүлөргө (1 714,0 млн сомго же 44,5 пайызга), курулушка жана ипотекага кредиттер (970,0 млн сомго же 25,3 пайызга) боюнча байкалган.

[1] АФКУ кредит портфелин жана БФКУнун финансылык лизингин эске алуусуз.

***3.2.3-таблица.***

БФКУнун кредит портфели категориялар боюнча[1] (бир мезгилдин акырына карата)

| Категориялар | 2023 | | 2024 | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Керектөө кредиттери | 15 529,0 | 39,1 | 20 152,2 | 41,2 |
| Айыл чарбасы | 8 551,9 | 21,6 | 9 481,0 | 19,4 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 3 852,0 | 9,7 | 5 566,0 | 11,4 |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 4 893,1 | 12,3 | 5 288,1 | 10,8 |
| Курулушка жана ипотека | 3 829,1 | 9,7 | 4 799,1 | 9,8 |
| ФКУлардын кредиттери | 1 091,6 | 2,8 | 1 315,8 | 2,7 |
| Транспорт | 661,0 | 1,7 | 817,6 | 1,7 |
| Өнөр жайы | 335,3 | 0,8 | 493,3 | 1,0 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 3,4 | 0,0 | 10,8 | 0,02 |
| Башка кредиттер | 926,1 | 2,3 | 947,4 | 1,9 |
| **Бардыгы болуп кредиттер** | **39 672,5** | **100,0** | **48 871,4** | **100,0** |

Отчёттук жылдын акырына карата БФКУлардын кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер:

– микрофинансылык уюмдар боюнча – 30,3 пайыз, 2023-жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырганда 1,7 пайыздык пунктка азайган;

– кредиттик союздар боюнча – 25,0 пайыз, 2023-жылдын деңгээлинде сакталып калган.

Отчёттук жыл ичинде БФКУнун кредит портфелиндеги классификацияланган кредиттердин үлүшү 3,9дан 5,0 пайызга чейин өскөн.

***3.2.4-таблица.***

БФКУнун кредит портфелинин сапаты (бир мезгилдин акырына карата)

| Кредиттерди классификациялоонун категориялары | 2023 | | 2024 | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| **Классификацияланбаган кредиттер** | **38 127,6** | **96,1** | **46 433,8** | **95,0** |
| **Классификацияланган кредиттер** | **1 544,9** | **3,9** | **2 437,6** | **5,0** |
| *анын ичинен:* | | | | |
| *Субстандарттык* | *615,5* | *1,6* | *867,8* | *1,8* |
| *Шектүү* | *211,9* | *0,5* | *372,6* | *0,8* |
| *Жоготуулар* | *717,6* | *1,8* | *1 197,2* | *2,4* |
| **Бардыгы болуп кредит портфели** | **39 672,5** | **100,0** | **48 871,4** | **100,0** |

**АФКУнун кредит портфелин жана БФКУнун финансылык лизингин эске албаганда.*

БФКУ карыз алуучуларынын саны 2024-жылдын акырына карата 580 543 адамды түзүү менен (анын ичинде юридикалык жактардын саны – 120), 2023-жылга салыштырмалуу 77 794 карыз алуучуга же 15,5 пайызга көбөйгөн. Карыз алуучу-жеке адамдардын жалпы санында аялдар 55,5 пайызды, эркектер 44,5 пайызды түзгөн.

*БФКУнун милдеттенмелери*

Отчёттук жылдын жыйынтыгы боюнча БФКУнун[2] милдеттенмелери 5,7 млрд сомго же 25,9 пайызга көбөйүп, 27,7 млрд сом чегинде катталган.

[1] АФКУ кредит портфелин жана БФКУнун финансылык лизингин эске алуусуз.

[2] Кредиттик бюролордун, кепилдик фонддун жана алмашуу бюролорунун капиталын эске алуусуз.

**3.2.5-таблица.**

БФКУнун милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2023 | | 2024 | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Алынган кредиттер | 12 200,8 | 55,4 | 14 869,1 | 53,6 |
| *анын ичинен:* | | | | |
| *эл аралык ФКУлардан* | *4 521,1* | *20,5* | *4 732,7* | *17,1* |
| *Кыргыз Республикасынын банктарынан* | *2 670,7* | *12,1* | *4 313,4* | *15,6* |
| *эл аралык финансы уюмдардан жана донорлордон* | *3 474,0* | *15,8* | *3 724,2* | *13,4* |
| *Кыргыз Республикасынын башка ФКУларынан* | *1 197,8* | *5,4* | *1 912,7* | *6,9* |
| *өкмөттөн* | *337,3* | *1,5* | *186,1* | *0,7* |
| Мөөнөттүү депозиттер | 5 397,5 | 24,5 | 7 504,5 | 27,1 |
| Субординацияланган карыздык милдеттенмелер | 99,9 | 0,5 | 203,0 | 0,7 |
| Башка милдеттенмелер | 4 325,2 | 19,6 | 5 160,5 | 18,6 |
| **Бардыгы болуп** | **22 023,4** | **100,0** | **27 737,2** | **100,0** |

БФКУнун депозиттик базасы 2024-жылдын акырына карата 7,5 млрд сомду түзүп, 2023-жылга салыштырмалуу 2,1 млрд сомго же 39,0 пайызга көбөйгөн.

*БФКУ капиталы*

2024-жылы БФКУнун чогуу алгандагы капиталы[1] уставдык капиталдын өсүшүнүн жана бөлүштүрүлбөгөн пайданын эсебинен 24,6 млрд сомдон 32,7 млрд сомго чейин көбөйгөн.

**3.2.6-таблица.**

БФКУнун кирешелеринин жана чыгашаларынын түзүмү
*(млн сом)*

| Категориясы | 2023 | 2024 |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп кирешелер | 10 988,7 | 14 000,3 |
| Бардыгы болуп чыгашалар | 2 984,3 | 3 913,8 |
| **Таза пайыздык киреше** | **8 004,4** | **10 086,5** |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 380,2 | 1 287,0 |
| **РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза пайыздык киреше** | **7 624,2** | **8 799,5** |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес кирешелер | 993,7 | 1 529,6 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес башка операциялык жана административдик чыгашалар | 4 483,1 | 6 319,2 |
| **Таза операциялык киреше** | **4 134,8** | **4 009,9** |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 0,4 | -6,2 |
| **Салык алынганга чейинки таза киреше** | **4 134,5** | **4 016,1** |
| Пайдага салык | 423,7 | 458,5 |
| **Таза пайда** | **3 710,7** | **3 557,6** |

2024-жылдын акырында БФКУлардын алдын ала таза пайдасы 2023-жылга салыштырмалуу 153,1 млн сомго же 4,1 пайызга азайып, 3,6 млрд сомду түзгөн.

[1] Кредиттик бюролордун, кепилдик фонддун жана алмашуу бюролорунун капиталын эске алуусуз.

***3.2.2-график.***

БФКУнун таза пайдасынын жана кирешелүүлүк көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




Банк эмес финансы-кредит уюмдардын активдеринин кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROA) 2023-жылдагы 8,8 пайыздан 2024-жылы 6,6 пайызга чейин азайган, капиталдын кирешелүүлүк көрсөткүчү (ROE) тиешелүүлүгүнө жараша 20,8 пайыздан 16,8 пайызга чейин азайган.

*Кепилдик фонд*

2024-жылы Кыргыз Республикасында бир кепилдик фонд ишин уланткан, анын активдери отчёттук жылдын акырында 7,4 млрд сомду түзүп, 89,4 млн сомго же 1,2 пайызга көбөйгөн.

Кепилдик фонддун милдеттенмелери 347,3 млн сомду түзүп, 2023-жылга салыштырмалуу 136,2 млн сомго же 64,5 пайызга көбөйгөн.

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча таза пайда 371,7 млн сомду түзүп, 64,8 млн сомго же 2023-жылдын жыйынтыгы менен салыштырганда 14,8 пайызга азайган.

2024-жыл ичинде 3,2 млрд сом жалпы суммасында 2 987 гарантия (2023-жылы 2,8 млрд сом жалпы суммасында 4 736 гарантия) берилген. Кепилдик фонддун бүтүндөй иштөө мезгили аралыгында 11 153 гарантия берилген, алардын жалпы суммасы 11,4 млрд сомду түзгөн.

***3.2.3-график.***

Региондор жана экономика тармактарына берилген гарантиялардын саны (2024-жылдын акырына карата)



**3.2.4-график.**
Категориялар боюнча берилген гарантиялардын саны (2024-жылдын акырына карата)




## 3.3. Ислам каржылоо принциптеринин өнүгүшү[1]

2024-жылы Кыргыз Республикасынын аймагында 15 финансы-кредит уюму ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүргүзүүгө укуктуу болсо, 2023-жылы алардын саны 14тү түзгөн.

Отчёттук жылы Улуттук банк ислам каржылоо принциптерин өнүктүрүү боюнча иш-чараларды улантткан.

Ислам каржылоо принциптери боюнча ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү өлкөнүн финансы-кредит системасынын бардык катышуучуларын жөнгө салууда жана көзөмөлдөөдө бирдей мамилени камсыз кылууга багытталган.

Эл аралык уюмдар менен кызматташуунун алкагында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган ислам каржылоо принциптери боюнча айрым банктык продуктуларды натыйжалуу колдонуу иликтенди.

Улуттук банк отчёттук жылы адабияттарды чыгарып, адистердин потенциалын жана калктын ислам каржылоо принциптери боюнча маалымдуулугун жогорулатууга багытталган форум, семинар жана башка иш-чараларды өткөргөн.

Отчёттук жылы беш коммерциялык банк кызматтарын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык улуттук жана/же чет өлкө валютасында сунуштаган.

2024-жылы ислам принциптери боюнча каржылоонун көлөмү 2023-жылга салыштырмалуу 49,3 пайызга көбөйүп, 9 033,4 млн сомду түзгөн.

*ИКП боюнча банк сектору*

**3.3.1-график.**
Ислам принциптери боюнча каржылоонун көлөмү




[1] Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчётко (ПРБО) ылайык.



МАЗМУНУ

*Банктарды каржылоо портфелинин түзүмү*

Отчёттук мезгилде банктарды каржылоо портфелинде ислам принциптери боюнча ипотекалык каржылоонун үлүшү – 17,0 пайыздан 35,7 пайызга чейин кыйла көбөйгөн, ал эми керектөөнү каржылоонун үлүшү тескерисинче – 42,2 пайыздан 17,8 пайызга чейин азайган.

***3.3.2-график.***

Банктарды каржылоо портфелинин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)




Ислам принциптери боюнча каржылоо негизинен ипотекага – 3,2 млрд сом (жыл ичинде 3,1 эсеге өскөн), керектөөнү каржылоо – 1,6 млрд сом (37,0 пайызга төмөндөгөн) жана айыл чарбасына – 1,3 млрд сом (2,1 эсеге өскөн) багытталган.

*Чет өлкө валютасындагы каржылоонун үлүшү*

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча банктардын каржылоо портфелинде чет өлкө валютасында каржылоонун үлүшү 2023-жылга салыштырмалуу 0,7 пайыздык пунктка азайып, 5,3 пайызды түзгөн.

***3.3.3 -график.***

Чет өлкө валютасындагы каржылоонун үлүшү (бир мезгилдин акырына карата)




*Жаңы каржылоо*

Жаңыдан берилген каржылоонун көлөмү 2024-жыл ичинде 2023-жылга салыштырмалуу 13,2 пайызга өсүп, 8 376,7 млн сомду түзгөн, анын ичинен улуттук валютада каржылоо – 10,9 пайыз, 8 004,1 млн сомго чейин, чет өлкө валютасында каржылоо – 109,0 пайыз, 372,6 млн сомго чейин.

*ИКП боюнча БФКУ сектору*

Отчёттук жыл ичинде он банк эмес финансы-кредит уюму: сегиз микрокредиттик компания, бир микрокредиттик агенттик, бир кредиттик союз ислам каржылоо принциптерине ылайык кызмат көрсөткөн.

2024-жылы ислам принциптери боюнча каржылоонун көлөмү 2023-жылга салыштырмалуу 26,1 пайызга көбөйдү жана 1 581,0 млн сомду түзгөн.

***3.3.4-график.***
Ислам принциптери боюнча каржылоонун көлөмү




*БФКУнун каржылоо портфелинин түзүмү*

Отчёттук мезгилде каржылоо портфелинин жалпы көлөмүндө керектөөнү каржылоонун үлүшү 84,6 пайыздан 92,0 пайызга чейин көбөйгөн, мында кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоонун үлүшү 10,9 пайыздан 5,2 пайызга чейин азайган.

***3.3.1-таблица.***
БФКУнун каржылоо портфелинин түзүмү

| Категориялар | 2023 | | 2024 | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* | *млн сом* | Үлүшү, *пайыздар* |
| Керектөөнү каржылоо | 1 060,5 | 84,6 | 1 455,7 | 92,0 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 136,0 | 10,9 | 82,4 | 5,2 |
| Айыл чарбасы | 28,9 | 2,3 | 27,2 | 1,7 |
| Өнөр жай | 10,5 | 0,8 | 5,9 | 0,4 |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 8,0 | 0,6 | 4,1 | 0,3 |
| Башкалар | 4,4 | 0,4 | 4,1 | 0,3 |
| Курулуш жана ипотека | 5,4 | 0,4 | 1,6 | 0,1 |
| **Бардыгы болуп каржылоо** | **1 253,8** | **100,0** | **1 581,0** | **100,0** |

# 4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

2024-жылы Улуттук банк тарабынан төлөмдөрдүн үзгүлтүксүз өтүшүн контролдоо, жаңы санариптик төлөм технологияларын өнүктүрүү, ошондой эле ченемдик укуктук базаны жакшыртуу аркылуу төлөм системасынын натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу иштери улантылган.

Калктын, анын ичинде республиканын региондорунда банк жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү максатында Улуттук банктын жүргүзгөн иш-чараларынын натыйжасы болуп банктык жабдуулардын орнотулушу саналат. Өлкө аймагында, жалпысынан, 2 529 банкомат, 36 330 POS-терминал, банктардын 3 192 төлөм терминалы жана төлөм уюмдарынын 16 635 төлөм терминалы орнотулган. Республиканын аймагында 1 521 калк жашаган пункттун жашоочуларына банктык төлөм карталарынан накталай акча чыгаруу жана айрым кызмат көрсөтүүлөргө төлөө мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн, “Кыргыз почтасы” ААКтын бөлүмдөрүндө 460 POS-терминал жайгаштырылган. Мындан тышкары, соода-тейлөө ишканаларында, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде орнотулган 62,8 миңден ашык унификацияланган QR-код өлкөнүн бюджетине төлөнгөн салыктарды жана айып пулду кошо алганда, накталай эмес төлөмдөрдүн көбөйүшүнө өбөлгө түзгөн.

Кыргыз Республикасы QR-коддорду колдонуу менен төлөмдөрдү өткөрүү жана которуу кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоо үчүн түрдүү төлөм системалар ортосундагы интеграцияны камсыз кылуу жагында ЕАЭБ ичинде алдыңкы орундарды ээлейт. Натыйжада, отчёттук жыл ичинде QR-кодду колдонуу менен 85,2 млрд сом суммасына 64,8 млн төлөм жана которуу өткөрүлгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылга салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 26,2 жана 20,9 эсеге көбөйгөн.

Улуттук банк Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү көбөйтүү боюнча ведомство аралык комиссиянын (Ведомство аралык комиссия) катчылыгы болуу менен 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программанын (мындан ары – Накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программа) иш-чаралар планынын аткарылышын координациялаган жана контролдогон.

Накталай эмес төлөмдөрдү жайылтуу жана санарип банктык кызмат көрсөтүүлөргө өтүүгө өбөлгө түзүү чараларынын бири катары коммерциялык банктардын жана төлөм уюмдарынын республика ичинде мобилдик тиркемелер жана интернет-банкинг аркылуу жүргүзүлгөн улуттук валютадагы акча которуулар үчүн комиссия алуусуна убактылуу тыюу салынган.

Калк үчүн санариптик төлөм кызматтарынын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуунун алкагында “Элкарт Мобайл” жана “Элкарт Трейд” мобилдик тиркемелери, “Элкарт Пэй” контактсыз төлөө системасы аркылуу сунушталган сервистерди жакшыртуу жана көрсөтүлүүчү кызматтардын түрлөрүн кеңейтүү, ошондой эле товарлар жана кызматтар үчүн төлөмдөрдү QR-код аркылуу кабыл алуу жана аларды республиканын аймактарында да жайылтуу боюнча иштер улантылган.

Банк секторунда инновациялык потенциалды жогорулатуу, ошондой эле банк секторунун катышуучуларынын өз ара коопсуз маалымат алмашуусун камсыз кылуу максатында, Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасында ачык банкингди өнүктүрүү концепциясы кабыл алынган. Прикладдык программалоо интерфейсинин бирдиктүү стандарттарын колдонууда банк секторунун катышуучуларына маалымат системаларын интеграциялоону кыйла жеңилдетүүгө мүмкүндүк берилет.

Мындан тышкары, 2024-жылы эл аралык төлөм системаларынын карталарын колдонуу менен төлөмдөрдүн үзгүлтүксүз өткөрүлүшүн камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасында процессинг борборлорун жайгаштыруу боюнча иш-

МАЗМУНУ

чараларды кошо алганда, мамлекет ичиндеги төлөмдөр боюнча финансылык маалыматты топтоо, иштеп чыгуу жана сактоо тууралуу мыйзам талаптарын аткаруу боюнча иш-чаралар жүргүзүлгөн.

## 4.1. Төлөм системасы боюнча баяндама

### 4.1.1. Төлөм инфраструктурасы

*Төлөм системасынын түзүмү*

Кыргыз Республикасынын аймагында төлөм системасынын компоненттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- Улуттук банктын ири төлөмдөр системасы – Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ);

- Чекене төлөмдөр системалары: Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (ПКС), төлөм карталары менен эсептешүү системалары, акча которуу системалары, электрондук акчаны колдонуу менен эсептешүү системалары, банк эмес төлөм системаларынын операторлорунун системалары.

*Накталай эмес эсептешүүлөр*

Кыргыз Республикасында накталай эмес эсептешүүлөр ГСРРВ, ПКС, банктык төлөм карталарын колдонуу менен эсептешүү системалары, электрондук акча менен эсептешүүлөр, акча которуу системалары, банк эмес төлөм системаларынын операторлорунун системалары аркылуу жүргүзүлгөн.

***<u>4.1.1.1-сүрөт.</u>***
Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын түзүмү




МАЗМУНУ

*Банктар аралык төлөм системалары*

Улуттук банк, коммерциялык банктар, Евразия өнүктүрүү банкы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттиги, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду, Мамлекеттик пенсиялык топтолмо фонду, "Борбордук депозитарий" ЖАК жана "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАК банктар аралык төлөм системаларынын катышуучулары болуп саналат.

Отчёттук мезгилде банктар аралык төлөм системалары аркылуу 32,4 трлн сом суммасына 11,6 млн төлөм өткөрүлгөн. 2023-жылга салыштырганда төлөмдөрдүн саны жана көлөмү, тиешелүүлүгүнө жараша, 131,5 жана 7,4 пайызга көбөйгөн.

Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасында жана Пакеттик клиринг системасында төлөмдөрдүн саны 2023-жылга салыштырмалуу, тиешелүүлүгүнө жараша, 42,9 жана 3,6 пайызга өсүшү белгиленген.

***4.1.1.1-график.***

Банктар аралык төлөм системалары боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны (ГСРРВ жана ПКС)

*(миң төлөм)*




2023-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда төлөмдөрдүн көлөмү ГСРРВда эки эседен ашык, ал эми ПКСте – 10,3 пайызга көбөйгөн.

***4.1.1.2-график.***

Банктар аралык төлөм системалары боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн көлөмү (ГСРРВ жана ПКС)

*(млрд сом)*






МАЗМУНУ

Чыгарылган банктык төлөм карталарынын жалпы саны жыл ичинде 33,3 пайызга көбөйүп, 9,2 млн даананы түзгөн, анын ичинен “Элкарт” улуттук системасынын карталарынын саны 3,7 млн даананы түзгөн. “Элкарт” банктык төлөм карталарынын эмиссиясы 2023-жылга салыштырганда 5,2 пайызга көбөйгөн.

*“Элкарт” улуттук төлөм системасы*

***4.1.1.3-график.***

Чыгарылган банктык төлөм карталарынын төлөм системалары боюнча бөлүштүрүлүшү




Отчёттук жылы банктык төлөм карталарын колдонуу менен 1 099,1 млрд сом суммасында 252,0 миллиондон ашык операция жүргүзүлгөн. 2023-жылга салыштырганда операциялардын саны 23,4 пайызга, ал эми көлөмү 33,0 пайызга көбөйгөн.

*Банктык төлөм карталарын пайдалануу менен операциялар*

2024-жылдын жыйынтыгында соода-тейлөө ишканаларында банктык төлөм карталарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын саны 2023-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда 49,5 пайызга, ал эми операциялардын көлөмү 44,2 пайызга жогорулаган.



***4.1.1.4-график.***

Соода-тейлөө ишканаларында өткөрүлгөн төлөмдөрдүн динамикасы



*Төлөм карталарын кабыл алуу жана тейлөө боюнча инфраструктура*

2024-жылдын акырына карата банктык төлөм карталары 2 529 банкоматта жана 36 330 POS-терминалда (анын ичинен Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында соода-тейлөө ишканаларында 33 691 POS-терминал жана коммерциялык банктардын филиалдарында жана сактык кассаларында 2 639 POS-терминал орнотулган) тейленген.

Системалар боюнча алып караганда:

- “Элкарт” улуттук төлөм системасынын карталары – 2 529 банкоматта жана 36 330 POS-терминалда;
- “Золотая Корона” эл аралык төлөм системасынын карталары 400 банкоматта жана 13 183 POS-терминалда;
- “Visa” жана “MasterCard” эл аралык системаларынын карталары 2 510 банкоматта жана 36 092 POS-терминалда;
- “Union Pay” эл аралык системасынын карталары 1 738 банкоматта жана 23 364 POS-терминалда тейленген.

***<u>4.1.1.5-график.</u>***

Банкоматтардын жана POS-терминалдардын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)

*(бирдиктер)*




*Төлөм уюмдары аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына өткөрүлгөн төлөмдөр*

2024-жылдын акырына карата Кыргыз Республикасынын аймагында 49 төлөм уюму жана 48 төлөм системаларынын оператору иш алып барган.

2024-жылы Кыргыз Республикасынын төлөм уюмдары аркылуу жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн көлөмү 2023-жылга салыштырганда 60,3 пайызга көбөйүү менен 608,9 млрд сомду түзгөн, ал эми саны 70,8 млн операцияга же 30,1 пайызга өсүп, 306,0 млн операцияны түзгөн.

***4.1.1.6-график.***

Төлөм уюмдары тарабынан өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү




2024-жылдын акырына карата республика боюнча соода-тейлөө ишканаларында 62,8 миң унификацияланган QR-код орнотулган, анын ичинен коммерциялык банктар – 55,9 миң QR-код, төлөм уюмдары – 6,9 миң QR-код орноткон.

***4.1.1.7-график.***

Соода-тейлөө ишканаларында орнотулган QR-коддордун саны




Отчёттук мезгилде 85,2 млрд сом суммасына 64,8 млн төлөм өткөрүлгөн.

***4.1.1.8-график.***

QR-кодду колдонуу менен өткөрүлгөн төлөмдөрдүн жана которуулардын динамикасы




*Электрондук акча*

Отчёттук мезгил ичинде электрондук акча мурдагыдай эле, Кыргыз Республикасында акча которуу жана төлөө ыкмаларынын бири катары кеңири колдонулган, муну электрондук капчык боюнча көрсөткүчтөрдүн оң динамикасы тастыктап турат.

***4.1.1.9-график.***

Электрондук акчанын көрсөткүчтөрүнүн динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Электрондук капчыктардын саны 2023-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 17,8 пайызга көбөйүп, 7,6 млн бирдикти түзгөн.

Электрондук капчыктардагы электрондук акчанын жалпы калдыгы 2024-жылдын акырына карата 889,2 млн сомду түзгөн, бул 2023-жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 18,6 пайызга көп.

***4.1.1.1-таблица.***

Электрондук акча менен ишке ашырылган операциялар

| Электрондук акча менен операциялардын түрү | | 2023 | 2024 | Өсүш арымы, *пайыздар* |
|---|---|---|---|---|
| Электрондук капчыкты толтуруу жолу менен электрондук акчаларды таратуу | | | | |
| | Саны, *млн* | 11,9 | 21,7 | 82,0 |
| | Көлөмү, *млн сом* | 34 313,0 | 52 676,7 | 53,5 |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө | | | | |
| | Саны, *млн* | 20,8 | 43,3 | 108,3 |
| | Көлөмү, *млн сом* | 29 439,6 | 41 772,4 | 41,9 |
| Которуулар | | | | |
| | Саны, *млн* | 10,2 | 21,1 | 107,2 |
| | Көлөмү, *млн сом* | 25 719,5 | 36 228,1 | 40,9 |
| Электрондук акчанын ордун жабуу | | | | |
| | Саны, *млн* | 3,6 | 4,1 | 15,0 |
| | Көлөмү, *млн сом* | 16 394,7 | 24 043,5 | 46,7 |
| **Бардыгы болуп** | | | | |
| | **Саны, *млн*** | **46,5** | **90,2** | **94,1** |
| | **Көлөмү, *млн сом*** | **105 866,8** | **154 720,7** | **46,1** |

Электрондук акча менен операциялардын жалпы саны жана көлөмү 2023-жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 94,1 жана 46,1 пайызга жогорулаган.



## 4.1.2. Накталай эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар

*Накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программаны ишке ашыруу*

Отчёттук жыл ичинде Ведомство аралык комиссиянын отурумдары туруктуу негизде өткөрүлүп турган. Ведомство аралык комиссиянын курамына Улуттук банк, министрликтер, ведомстволор, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коммерциялык банктар, төлөм системаларынын операторлору жана бизнес-коомчулуктун өкүлдөрү кирет.

Ведомство аралык комиссиянын чечимдери Накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программанын улуттук төлөм системасын өнүктүрүү, республиканын региондорунда товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн QR-кодду жайылтуу, төлөм кызмат көрсөтүүлөрүнүн калктын айрым категорияларына жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу жана мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес түрдө кабыл алуу максатындагы иш-чараларын жүзөгө ашырууга багытталган.

Отчёттук жыл ичинде Накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программанын иш-чаралар планын аткаруунун жыйынтыгында төмөнкү натыйжага жетишилген:

– 645,1 миң адам (пенсионерлердин жалпы санынын 81,0 пайызы) пенсияны коммерциялык банктардагы эсеби аркылуу алган, ал эми 2023-жылы 598,6 миң адам алган (пенсионерлердин жалпы санынын 78,0 пайызы);

– коммерциялык банктардагы эсептер аркылуу социалдык төлөөлөрдү 285,1 миң адам (алуучулардын жалпы санынын 99,2 пайызы), ал эми 2023-жылы 331,8 миң адам алган (алуучулардын жалпы санынын 98,9 пайызы);

– медициналык кызматтарга төлөө үчүн 256 мамлекеттик саламаттыкты сактоо уюмунун 173үндө, ал эми 2023-жылы 255 мамлекеттик саламаттыкты сактоо уюмунун 170инде POS-терминалдар орнотулган;

– бюджеттик уюмдарда “бюджеттик каражаттарды алуучунун” 481 картасы пайдаланылган, алар боюнча жалпы 4 757,3 млн сом суммасына 1 968 транзакция жүргүзүлгөн, ал эми 2023-жылы “бюджеттик каражаттарды алуучунун” 558 картасы пайдаланылып, алар боюнча жалпы 326,6 млн сом суммасына 13 586 транзакция жүргүзүлгөн;

– “Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомунун почта байланышынын 786 бөлүмүнүн 424үндө, ал эми 2023-жылы 827 бөлүмдүн 370инде карта ээлерине пенсия, жөлөк пул жана эмгек акы төлөө, ошондой эле коммуналдык кызматтар үчүн төлөмдөрдү жүргүзүү, салык жана башка төлөмдөрдү төлөө үчүн POS-терминалдар орнотулган;

– бүтүндөй республика боюнча рыноктун катышуучулары тарабынан төлөмдөр көбүрөөк кабыл алынышы үчүн соода-тейлөө ишканаларына 62,8 миңден ашык унификацияланган QR-код, 2023-жылы – 38,9 миң QR-код орнотулган;

– акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштаган 514 мамлекеттик жана муниципалдык мекеменин 306сында мамлекеттик жана муниципалдык төлөмдөр накталай эмес түрдө жүргүзүлгөн.

Кыймылсыз мүлк менен бүтүмдөрдү ишке ашырууда накталай эмес эсептешүүлөрдү көбөйтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 247 “Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү көбөйтүү боюнча кошумча чаралар жөнүндө” токтому кабыл алынган, ага ылайык мамлекеттик каттоодон өтүүгө тийиш болгон жана нотариалдык күбөлүндүрүү талап кылынбаган кыймылсыз мүлккө, жер тилкелерине байланыштуу бүтүмдөр боюнча накталай эмес түрдө эсептешүүлөрдө мамлекеттик алымдын чени төмөндөтүлгөн.

### 4.1.3. Төлөм системасынын ишин көзөмөлдөө (оверсайт)

*Төлөм системаларынын маанилүүлүгү жана жеткиликтүүлүгү*

2024-жылы Улуттук банк төлөм системасынын натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн эл аралык тажрыйбага ылайык, Кыргыз Республикасынын төлөм системасын көзөмөлдөө (оверсайт) иш-чараларын уланткан, анда мониторинг жүргүзүү, баалоо жана төлөм системасын өркүндөтүүгө багытталган чараларды колдонуу каралган. Көзөмөлдөө (оверсайт) алкагында өлкөнүн финансы системасынын туруктуулугу үчүн жогорку мааниге ээ болгон төлөм системалары аныкталган.

Отчёттук жылы ГСРРВ жана ПКС системалуу мааниге ээ төлөм системалары, ал эми ГСРРВ, ПКС жана “Элкарт” банктык төлөм карталары менен эсептешүүлөр системасы улуттук система бойдон калган.

Системалуу мааниге ээ төлөм системалары штаттык режимде иштеген, мониторингдин жыйынтыгы боюнча системалардын жеткиликтүүлүк коэффициенти[1] 99,96 пайыз деңгээлинде жогору бойдон сакталып калган.

“Элкарт” банктык төлөм карталары менен эсептешүүлөрдүн улуттук системасынын жеткиликтүүлүк коэффициенти 99,8 пайызды түзгөн, бул улуттук системаларда 95,0 пайыз өлчөмүндө пландаштырылган көрсөткүчтөн жогору.

Калктын көп сандагы майда төлөмдөрүн өткөргөн банктык төлөм карталары менен эсептешүүлөр системасы, акча которуу системалары, электрондук акча менен эсептешүүлөр системасы сыяктуу чекене төлөм системаларынын үзгүлтүксүз

[1] Жеткиликтүүлүк коэффициенти – бул системанын пайдалануучуларынын кызматтардан жана маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү. Техникалык үзгүлтүктөрдөн жана алдын алуу иштерин жүргүзүүдөн улам системада келип чыккан үзгүлтүктөр системадан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн азайтат.

иштеши алардын финансы системасына ишениминин маанилүү фактору болуп саналат. Бүтүндөй алганда, 2024-жылы Кыргыз Республикасынын аймагында чекене төлөм системалары туруктуу иштеген.

## 4.2. Санарип төлөм технологияларынын өнүгүшү

Улуттук банк отчёттук жылы 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасынын жана Улуттук банктын орто мөөнөттүү стратегиялык документтеринин алкагында жаңы санарип төлөм технологияларын жана инструменттерин киргизүү аркылуу калктын төлөм кызматтарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү иш-чараларын уланткан.

Кыргыз Республикасында ачык банкингди өнүктүрүү концепциясына ылайык, кардардын макулдугу менен ал жөнүндө маалыматты ыкчам алмашуу үчүн коммерциялык банктар жана төлөм уюмдары менен прикладдык программалоо интерфейсинин бирдиктүү стандарттарын иштеп чыгуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлгөн.

*Эки өлчөмдүү штрихкод (QR-код) белгилеринин өнүгүшү*

Отчёттук мезгилде эки өлчөмдүү штрихкод (QR-код) белгилерин колдонуу менен бирдиктүү төлөм мейкиндигин өнүктүрүү жана соода-тейлөө ишканаларында QR-кодду колдонуу аркылуу товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн кабыл алынган төлөмдөрдү кеңири жайылтуу боюнча иштер улантылган.

Ошондой эле коомдук транспортто QR-кодду стандартташтыруу жана интеграциялоо иштери улантылган, бул коммерциялык банктардын жана/же төлөм уюмдарынын мобилдик тиркемелеринен жол кире төлөөгө мүмкүндүк берет.

QR-кодду кеңири жайылтуу максатында Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы менен биргеликте республика боюнча соода-тейлөө ишканаларына товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө накталай эмес төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн QR-коддордун орнотулушуна бир нече көчмө мониторинг жүргүзүлүп, натыйжасында аныкталган кемчиликтер четтетилген.

Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө QR-коддорду колдонуу менен накталай эмес түрдө төлөөнү жайылтуу максатында, Улуттук банк тарабынан республика боюнча калктын ар башка категориялары – пенсионерлер, студенттер жана мектеп окуучулары үчүн окутуу тренингдери өткөрүлгөн.

*Улуттук төлөм системасынын иши*

Отчёттук мезгилде “Элкарт” улуттук төлөм системасынын продукттарын/сервистерин сунуштоо иштери улантылган, анын оператору болуп “БПБ” ЖАК саналат.

***4.2.1-таблица.***

“Элкарт” улуттук төлөм системасынын продукттары/сервистери

| Аталышы | | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|
| Элкарт Мобайл | | | |
| | Саны, *млн төлөм* | 13,3 | 15,3 |
| | Көлөмү, *млрд сом* | 29,5 | 31,3 |
| Элкарт Трейд | | | |
| | Саны, *миң төлөм* | 8,9 | 5,0 |
| | Көлөмү, *млн сом* | 4,6 | 3,1 |
| Элкарт Пэй | | | |
| | Саны, *миң төлөм* | 52,1 | 37,1 |
| | Көлөмү, *млн сом* | 37,3 | 22,9 |
| **Бардыгы** | | | |
| | **Саны, *млн төлөм*** | **74,3** | **57,4** |
| | **Көлөмү, *млрд сом*** | **71,4** | **57,3** |

*Атайын жөнгө салуу режими*

Инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды ишке киргизүүгө байланыштуу банк жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоо чөйрөсүндө коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салууну сынап көрүү максатында, Улуттук банк Кыргыз Республикасынын айрым же бүткүл аймагында атайын жөнгө салуу режиминин алкагында пилоттук жөнгө салууну белгилөөгө укуктуу.

Натыйжада, отчёттук мезгил ичинде атайын жөнгө салуу режиминин алкагында бир банк эмес финансы-кредит уюму жана төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун ишмердигин жүзөгө ашыруучу үч юридикалык жак тарабынан электрондук акчаларды чыгаруу (эмиссиялоо), электрондук капчыктарга кирүү үчүн төлөм карталарын жана Элкарт улуттук төлөм системасынын алдын ала чыгарылган кредиттик карталарын накталай эмес формада насыя берүү үчүн банктык операциялар жана кызмат көрсөтүүлөр боюнча тестирлөө улантылган. Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында жогоруда көрсөтүлгөн банктык операциялар ийгиликтүү тесттен өткөрүлгөн катары таанылгандыгына байланыштуу Кыргыз Республикасынын мыйзамына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлүп жатат.

## 4.3. Санарип сом

"Санарип сом" долбоору Улуттук банктын санарип түрдөгү улуттук валютаны колдонууга киргизүү тууралуу стратегиялык демилгесин билдирет, ал санарип финансылык инфраструктураны өнүктүрүүгө жана финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө багытталган.

2024-жылы санарип сомдун прототибин сыноодон өткөрүү долбоору боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында санарип сомдун мыйзамдуу төлөм каражаты катары укуктук статусун аныктоо үчүн мыйзамдуу негизди иштеп чыгуу жана технологиялык жактан ишке ашыруу иштери жүргүзүлгөн.

*Санарип сомдун прототибин технологиялык сыноодон өткөрүү*

Санарип сомдун прототибин сыноодон өткөрүүнү технологиялык жактан ишке ашырууда санарип сом платформасына карата функционалдык жана техникалык талаптар иштелип чыккан. Концепциянын ишке ашырылышын текшерүү жана борбордук банктардын санарип валюталарын (ББСВ) сунуштоочулардын техникалык чечимдерин изилдөө максатында, 2024-жылдын январь айында Улуттук банк кызыкдар тараптардан маалымат сураштыруу[1] максатында жарыя берген.

ББСВ сунуштоочулары берген материалдардын негизинде ар бир сунуштоочу менен онлайн-жолугушуулар уюштурулган, анда презентациялар, платформалар көрсөтүлгөн жана тесттен өткөрүү мүмкүнчүлүгү талкууланган, чечимдердин функционалы жана алардын талаптарга ылайык келиши, ошондой эле сунуштоочулардын башка өлкөлөрдүн борбордук банктары менен кызматташуу тажрыйбасы изилденген. ББСВ сунуштоочуларынын технологиялык чечимдерине жана сунуштарына техникалык талаптарга ылайык келүүсү боюнча иштелип чыккан комплекстүү критерийлерге ылайык баа берилген.

Калктын, финансы жана банк секторлорунун пикирин билүү, ошондой эле санарип сомдун прототибин тесттен өткөрүү сценарийлерин көбөйтүү максатында, Улуттук банк санарип сомду колдонууга киргизүү боюнча сунуштарды жана идеяларды топтоо тууралуу ачык демилге көтөргөн. Жүргүзүлгөн технологиялык изилдөө иш-чаралары санарип сомдун прототибин сыноодон өткөрүү боюнча техникалык тапшырманы даярдоо иштерине жана жеткире иштеп чыгууга негиз болгон. 2024-жылдын ноябрь айында сунуштоочунун булут чөйрөсүндө санарип сомдун прототибин тесттен өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга сынак жарыяланган.

[1] Маалымат сураштыруу: (Request for Interest (RFI) – потенциалдуу сунуштоочулардан технологиялык чечимдерди сунуштоо мүмкүнчүлүгү тууралуу маалымат топтоо жол-жобосу.

*Санарип сомдун укуктук статусун аныктоо боюнча иш-чаралар*

Улуттук банк санарип сомду технологиялык жактан иштеп чыгуу менен бирге, Кыргыз Республикасынын аймагында санарип сомдун мыйзамдуу төлөм каражаты катары укуктук базасын түзүү иштерин да жүргүзгөн.

Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына улуттук санарип валютанын – санарип сомдун укуктук статусу боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу долбоорлор иштелип чыккан. Мыйзам долбоорлору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан каралган жана макулдашылган, ошондой эле Жогорку Кеңештин профилдик комитеттеринин отурумдарында жактырылган.

# 5-ГЛАВА. НАК АКЧА ЖҮГҮРТҮЛҮШҮ

## 5.1. Нак акчаны жүгүртүүнү уюштуруу

2024-жылы Улуттук банк экономиканын жана калктын улуттук валютанын банкнотторуна жана монеталарына болгон муктаждыгын өз убагында жана үзгүлтүксүз камсыз кылуу, алардын керектүү номиналдагы оптималдуу запасын толуктап туруу, ошондой эле эскилиги жеткен акчаны жүгүртүүдөн алып салуу жана жок кылуу иштерин уланткан.

Нак акчага карата суроо-талап, мурдагы жылдардагыдай эле сакталып калган. 2024-жылы жүгүртүүдөгү нак акчанын көлөмү 16,0 пайызга көбөйүп, 240,4 млрд сомду түзгөн, анын ичинен 99,1 пайыз банкноттордун үлүшүнө, ал эми 0,9 пайыз жүгүртүү монеталарынын үлүшүнө туура келген.

***5.1.1-график.***

Жүгүртүүдөгү нак акча көлөмүнүн динамикасы
*(млрд сом)*




*Нак акчанын купюралык түзүмү*

Улуттук банк жүгүртүүдөгү нак акчанын купюралык түзүмүн талдоонун негизинде жүгүртүүдөгү акчанын түзүмүн жөнгө салат.

Отчёттук жылдын акырына карата нак акча жүгүртүүдө банкноттордун 488,0 млн барагы жана 655,6 млн даана монета болгон.

***5.1.2-график.***

Жүгүртүүдөгү нак акчанын жалпы көлөмүндөгү банкноттордун түзүмү
*(барак)*



***5.1.3-график.***

Жүгүртүүдөгү нак акчанын жалпы көлөмүндөгү монеталардын түзүмү
*(даана)*




Отчёттук жылы коммерциялык банктардын кассасына түшкөн нак акчанын көлөмү 5 288,8 млрд сомду түзүп, өткөн жылга салыштырганда 15,3 пайызга көбөйгөн. Ал эми коммерциялык банктардын кассаларынан нак акча берүү көлөмү 16,1 пайызга өсүп, 5 339,7 млрд сомду түзгөн.

***5.1.1-таблица.***

Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын региондор боюнча жылышы

| | Түшүүсү, *млрд сом* | | Берилиши, *млрд сом* | | Кайтарымдуулук, *пайыздар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023 | 2024 | 2023 | 2024 | 2023 | 2024 |
| **Бардыгы болуп** | **4 585,5** | **5 288,8** | **4 598,9** | **5 339,7** | **99,7** | **99,0** |
| Бишкек шаары | 2 482,1 | 2 960,8 | 2 453,9 | 2 955,1 | 101,1 | 100,2 |
| Ош шаары | 504,7 | 585,1 | 509,2 | 601,9 | 99,1 | 97,2 |
| Баткен облусу | 205,9 | 224,1 | 205,7 | 223,8 | 100,1 | 100,1 |
| Жалал-Абад облусу | 410,8 | 456,7 | 430,2 | 479,4 | 95,5 | 95,3 |
| Ысык-Көл облусу | 211,9 | 228,7 | 219,3 | 235,8 | 96,6 | 97,0 |
| Нарын облусу | 96,7 | 110,5 | 101,6 | 114,6 | 95,2 | 96,4 |
| Ош облусу | 165,7 | 172,0 | 165,6 | 171,8 | 100,1 | 100,1 |
| Талас облусу | 96,8 | 105,2 | 103,6 | 111,5 | 93,4 | 94,3 |
| Чүй облусу | 410,9 | 445,7 | 409,8 | 445,8 | 100,3 | 100,0 |

Банкноттордун дизайнын жана коргоо комплексин өркүндөтүү менен катар эле, жасалма банкноттордун пайда болушунун алдын алуу Улуттук банктын нак акчанын жүгүртүлүшүн натыйжалуу уюштуруудагы башкы милдеттеринин бири болуп саналат.

*Банкноттордун жаңы сериясын чыгаруу*

Отчёттук жылы Улуттук банк улуттук валютанын банкнотторун план боюнча жаңылоону уланткан, ал 2023-жылдын 200, 500 жана 1 000 сом үлгүсүндөгү номиналдары менен банкноттордун жаңы бешинчи сериясы киргизилишине байланыштуу 2023-жылдын майында башталган. Ал эми 20, 50 жана 100 сом номиналындагы банкноттордун бешинчи сериясы 2024-жылдын 15-февралында, 5 000 сом номиналындагы банкнота 2024-жылдын 10-майында жүгүртүүгө чыгарылган.

Улуттук валютанын банкнотторунун бешинчи сериясынын дизайны жаңыланган жана заманбап нак акча жүгүртүү талаптарына жооп берген коргоо элементтеринин үч деңгээлдүү жаңы комплексине ээ: банкноттордун тышкы көрүнүшү өркүндөтүлгөн, көрүүсү начар адамдар үчүн атайын белгилер жана эсептеп-иргөөчү жабдууда банкнотторду натыйжалуу иштеп чыгуу, ошондой эле банкнотторду банкоматтарда жана терминалдарда колдонуу үчүн коргоо элементтери киргизилген.

***5.1.1-сүрөт.***

2023-жылдын үлгүсүндөгү бешинчи сериянын банкноттору




*Жасалма акча жасоого каршы күрөшүү*

Нак акчанын жүгүртүлүшүнүн ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу максатында, Улуттук банк укук коргоо органдары менен өз ара ыкчам иш алып баруу аркылуу жасалма акча жасоо учурларынын алдын алуу жана жайылтылышына бөгөт коюу иштерин уланткан.

Улуттук банктын банкноттордун коргоо элементтерин жаңылоо жана маалымат-билим берүү кампаниясын таасирдүү уюштуруу боюнча өз учурунда көрүлгөн иш-аракеттеринен улам, Кыргыз Республикасындагы жасалма акча жасоо деңгээли төмөн катары классификацияланат жана бир миллион анык банкнотторго карата 0,01 жасалма банкноттор түзөт.

2024-жылы жалпы суммасы 18 миң сомду түзгөн 5 даана[1], ал эми 2023-жылы жалпы суммасы 37,5 миң сомду түзгөн 22 даана жасалма банкноталар аныкталган.

Жасалма акча жасоонун ар бир фактысы боюнча укук коргоо органдары тарабынан кылмыш иши козголуп, ыкчам-издөө иш-чаралары жүргүзүлгөн.

“Сом – Кыргызстандын жүзү” деп аталган жыл сайын өткөрүлүүчү маалымат-билим берүү кампаниясынын алкагында калкка жана банк системасынын өкүлдөрүнө улуттук валютадагы банкноттордун аныктыгынын белгилери, эскилиги жеткен жана кемтиги бар банкнотторду жана монеталарды алмаштыруу тартиби жөнүндө маалымат берилип турган, ошондой эле финансы-кредит уюмдарынын касса кызматкерлери төлөм каражаттарынын аныктыгын текшерүү ыкмалары боюнча окутуудан өткөрүлгөн.

Улуттук валютанын банкнотторун иштеп чыгуунун технологиялык процесстерин оптималдаштыруу максатында 2024-жылы жогорку ылдамдыктагы эсептеп-иргөө системасы өндүрүшкө пайдаланууга киргизилген, ал убакыт чыгымдарын кыскартууга мүмкүндүк берет жана банкнотторду иштеп чыгуунун ишенимдүүлүгүн жогорулатат.

*Мобилдик тиркеме*

Отчёттук жылы Улуттук банк “Кыргыз сом” мобилдик тиркемесин ишке киргизген, анда жаңы бешинчи сериядагы банкноттордун коргоо элементтерин жарыкка салып караган учурда, жантаюу бурчун өзгөртүү менен лупаны колдонууда текшерүү ыкмалары интерактивдүү форматта көрсөтүлөт.

*Сомдун графикалык белгиси*

Улуттук валютанын графикалык символу – Кыргыз Республикасынын улуттук валютасын өндүрүштө, рыноктордо жарнама жайгаштырууда жана жайылтууда, ошондой эле маалымат берүүчү материалдарда жана башка максаттарда, стандартка ылайык белгилөө максатында колдонулуучу сомдун белгиси, ал Unicode

[1] Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын, ИИМ, УКМК жана Башкы прокуратурасынын жалпыланган маалыматтары боюнча.

стандартына (Стандартташтыруу боюнча эл аралык уюм), ошондой эле Microsoft Windows операциялык системасына киргизилген.

***5.1.2-сүрөт.***
Улуттук валютанын графикалык белгиси – сом



## 5.2. Коллекциялык монеталар

2024-жылы Улуттук банк Кыргызстандын тарыхын жана маданиятын чагылдырган коллекциялык монеталарды чыгаруу боюнча иштерин улантуу менен төрт коллекциялык монетаны жүгүртүүгө чыгарган:

– элдик оозеки чыгармачылыкты жайылтуу, кыргыз элинин маданий мурастарын сактоо максатында, “Айкөл Манас” алтын коллекциялык монетасы;

– Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлүшүнүн 100 жылдыгына арналган “Тарыхый окуялар” сериясынан “Кара-Кыргыз автономиялуу облусуна – 100 жыл” күмүш коллекциялык монетасы;

– V дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына арналган “Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары” сериясынан “Ат чабыш” күмүш коллекциялык монетасы;

– Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимге кол коюлушунун 10 жылдыгына арналган “Тарыхый окуялар” сериясынан “Евразия экономикалык бирлигине – 10 жыл” күмүш коллекциялык монетасы.

***5.2.1-сүрөт.***
“Айкөл Манас” алтын коллекциялык монетасы



***5.2.2-сүрөт.***
“Кара-Кыргыз автономиялуу облусуна – 100 жыл” күмүш коллекциялык монетасы




***5.2.3-сүрөт.***
“Ат чабыш” күмүш коллекциялык монетасы




***5.2.4-сүрөт.***
“Евразия экономикалык бирлигине – 10 жыл” күмүш коллекциялык монетасы




Улуттук банк тарабынан чыгарылган коллекциялык монеталар Кыргызстандын коздугун, өзүнчөлүгүн жана уникалдуулугун чагылдырат жана жогорку деңгээлде көркөмдөлүшү жана сапаттуу чегилиши менен айырмаланат. Буга байланыштуу аларга карата суроо-талап туруктуу жана республика ичинде да, анын чегинен тышкары да кеңири таанылган. 2023-жылы улуттук валютанын колдонууга киргизилишинин 30 жылдыгынын урматына жана акчанын байыркы тарыхына арналган “Тарыхый окуялар” сериясынан “Тиричилик буюмдары: тай туяк” коллекциялык монетасы XVIII “Монеталар топ жылдызы – 2024” эл аралык сынагында “Жылдын күмүш монетасы” номинациясы боюнча үчүнчү байгелүү орунду ээлеген.

**5.2.5-сүрөт.**
XVIII “Монеталар топ жылдызы – 2024” эл аралык сынагынын дипломы




## 5.3. Аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалар

Улуттук банк куйманын лигатуралык массасынын курамынын 99,99 пайызын түзгөн химиялык таза негизги металлды камтыган 1 г, 2 г, 5 г, 10 г, 31,1035 (же бир трой унциясы) жана 100 г салмактагы аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймаларды чыгарат. Аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалар каражат топтоодогу тобокелдиктерди диверсификациялоого мүмкүндүк берген банктык продукт болуп саналат жана аларга суроо-талап жогору.

Улуттук банк тарабынан жогоруда аталган өлчөнгөн алтын куймаларды кайра сатып алуу механизми да алардын жогору ликвиддүүлүгүн камсыз кылат.

***5.3.1-сүрөт.***

Улуттук банк тарабынан чыгарылган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалар




Отчёттук мезгил ичинде Улуттук банк жергиликтүү алтын өндүрүүчү компаниялардан аффинаждалган алтынды улуттук валютага сатып алуу аркылуу жергиликтүү чийки заттан аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалардын запасын толуктоону уланткан.

2024-жылы ички рынокто 463,7 млн сом суммасында 63,8 кг көлөмүндө аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалар сатылган, бул өткөн жылдагы көрсөткүчтөн 77,7 пайызга көп. Ал эми кайра сатып алынган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалардын көлөмү отчёттук мезгилде 268,1 млн сом суммасында 37,2 кг түзүп, 2023-жылга салыштырганда 28,7 пайызга көбөйгөн.

***5.3.1-таблица.***

Сатылган жана кайра сатылып алынган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалар тууралуу маалымат

*(миң сом)*

| Салмагы, *грамм* | Сатуу көлөмү | | Кайра сатып алуу | |
|---|---|---|---|---|
| | 2023 | 2024 | 2023 | 2024 |
| 1 | 1 978,5 | 3 440,8 | 1 659,9 | 1 755,3 |
| 2 | 3 054,8 | 5 599,4 | 4 137,3 | 4 789,7 |
| 5 | 41 564,4 | 193 681,9 | 14 165,9 | 129 200,8 |
| 10 | 6 184,3 | 35 403,7 | 6 175,8 | 22 360,8 |
| 31,1035 | 24 683,0 | 49 571,2 | 27 640,7 | 21 483,0 |
| 100 | 128 996,1 | 176 015,7 | 109 481,0 | 88 506,6 |
| **Бардыгы болуп** | **206 461,1** | **463 712,7** | **163 260,6** | **268 096,2** |

***5.3.1-график.***
Сатылган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалардын саны
*(даана)*




***5.3.2-график.***
Кайра сатылып алынган аффинаждалган өлчөнгөн алтын куймалардын саны
*(даана)*




## 5.4. Аффинаждалган алтын куймалар

Баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү, ошондой эле ювелирдик тармакты чийки зат менен камсыз кылуу жана баалуу металлдар менен операцияларды көбөйтүү максатында Улуттук банк Кыргыз Республикасынын ички рыногунда “Кыргызалтын” ААК тарабынан 10 900 граммдан 13 400 граммга чейинки салмакта даярдалган, лигатуралык салмагынын кеминде 99,95 пайызын химиялык таза негизги металл түзгөн, аффинаждалган стандарттуу алтын куймаларды сатууну уланткан.

2024-жылы 441,6 млн сом суммасында 63,5 кг салмакта аффинаждалган алтын куймалар сатып өткөрүлгөн (2023-жылы – 24,4 кг).

Отчёттук мезгилде “Кыргызалтын” ААК тарабынан даярдалган аффинаждалган стандарттуу алтын куймаларды жана Улуттук банк чыгарган өлчөнгөн алтын куймаларды да “Кыргыз фондулук биржасы” ЖАКтын соода аянтынан сатып алуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн.

# 6-ГЛАВА. КӨЗӨМӨЛГӨ АЛЫНГАН УЮМДАРДЫ ЖӨНГӨ САЛУУ

Улуттук банк тарабынан банк жана төлөм системаларынын, ошондой эле аталган банк тарабынан лицензияланууучу жана жөнгө салынуучу башка юридикалык жактардын туруктуулугун камсыз кылуу милдеттерин жүзөгө ашыруунун алкагында өлкөнүн банк жана төлөм системаларында туруктуулукту сактоого жана банктык, төлөм жана микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө багытталган иш-чаралар жүзөгө ашырылган.

Улуттук банк көзөмөлгө алынган уюмдар тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарынын сакталышын камсыз кылуу жагында иш жүргүзгөн.

Коммерциялык банктардын жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын уставдык капиталын көбөйтүү жагында талаптардын аткарылышын контролдоо боюнча иш-чаралар улантылган. Отчёттук жылда бардык коммерциялык банктар уставдык капиталдын минималдуу өлчөмүнө карата белгиленген талаптарды аткарган.

Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын өркүндөтүү банк жана төлөм системаларынын туруктуулугун жогорулатууга, банктык тобокелдиктерди минималдаштырууга, банктык кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүүнү андан ары өнүктүрүүгө, ислам каржылоо принциптери боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүгө, төлөм кызмат көрсөтүүлөрүнүн операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин кеңейтүүгө, ошондой эле эл аралык стандарттарга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы өзгөртүүлөргө ылайык келтирүүгө багытталган.

## 6.1. Лицензия-уруксат берүү иши

“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамга ылайык, Улуттук банк банктарды, банк эмес финансы-кредит уюмдарын жана Улуттук банктын көзөмөлү алдындагы башка юридикалык жактарды лицензиялоону (уруксат документтерин берүүнү), анын ичинде атайын жөнгө салуу режимдеринин алкагында жүзөгө ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу орган болуп саналат.

### 6.1.1. Коммерциялык банктардын ишин лицензиялоо

Коммерциялык банктарга 2024-жыл ичинде банктык операцияларды жүргүзүүгө төмөнкүдөй кошумча уруксаттар берилген:

- “иджара жана иджара мунтахийя биттамлик” келишимдери боюнча улуттук жана/же чет өлкө валютасында “ислам терезеси” аркылуу ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык кошумча банктык операцияларды жана бүтүмдөрдү жүргүзүү укугуна – эки банкка;
- башка эмитенттердин аффинаждалган стандарттык жана өлчөнгөн куймалары түрүндөгү накталай жана накталай эмес формалардагы “Кыргызалтын” ААК тарабынан эмитирленген аффинаждалган стандарттык жана өлчөнгөн куймалар менен гана баалуу металлдар түрүндө операцияларды жүргүзүү укугуна – бир банкка;
- Улуттук банк тарабынан эмитирленген (чыгарылган) аффинаждалган өлчөнгөн куймалар менен операцияларды жүргүзүү укугуна – бир банкка;
- электрондук акча чыгаруу укугуна – бир банкка;

- башка эмитенттердин аффинаждалган стандарттык жана өлчөнгөн куймалары түрүндөгү баалуу металлдар менен накталай жана накталай эмес формада операцияларды жүргүзүү укугуна – бир банкка.

2024-жылы коммерциялык банктар тарабынан республика боюнча үч филиал, 25 сактык жана 29 көчмө касса ачылган, мында 19 филиал, 30 сактык жана 37 көчмө касса жабылган.

*Филиалдар, сактык кассалар жана көчмө кассалар*

***6.1.1.1-таблица.***
Коммерциялык банктардын филиалдары жана обочо жайгашкан бөлүмдөрү жөнүндө маалымат (бир мезгилдин акырына карата)

| | Филиалдардын саны | | Сактык кассаларынын саны | | Көчмө кассалардын саны | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023 | 2024 | 2023 | 2024 | 2023 | 2024 |
| Бишкек шаары | 81 | 78 | 263 | 261 | 33 | 35 |
| Баткен областы | 24 | 24 | 66 | 64 | 6 | 6 |
| Жалал-Абад областы | 46 | 44 | 154 | 155 | 19 | 18 |
| Ысык-Көл областы | 38 | 37 | 62 | 61 | 19 | 19 |
| Нарын областы | 20 | 19 | 26 | 27 | 5 | 4 |
| Ош шаары жана Ош областы | 58 | 53 | 184 | 183 | 33 | 29 |
| Талас областы | 19 | 18 | 26 | 24 | 8 | 6 |
| Чүй областы | 34 | 31 | 81 | 82 | 28 | 26 |
| **Бардыгы болуп** | **320** | **304** | **862** | **857** | **151** | **143** |

## 6.1.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин лицензиялоо

Адистештирилген финансы-кредит уюмдарынын (АФКУ), микрофинансылык компаниялардын (МФК), кредиттик союздардын (КС), алмашуу бюролорунун, кредиттик бюролордун жана турак жай-сактык кредиттик компаниялардын (ТСКК) иши Улуттук банктын лицензиясынын негизинде жүзөгө ашырылат.

Микрокредиттик компаниялар (МКК), микрокредиттик агенттиктер (МКА) жана кепилдик фонддор эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктүн негизинде иш алып барат.

2024-жылдын акырына карата Улуттук банк тарабынан лицензияланууучу жана иши жөнгө салынууучу банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана башка юридикалык жактардын системасына бир АФКУ, 78 кредиттик союз, 108 микрофинансылык уюм (анын ичинде тогуз МФК, 64 МКК жана 35 МКА), 765 алмашуу бюросу, үч кредиттик бюро жана бир кепилдик фонд кирген.

Отчёттук жылы Улуттук банк тарабынан:

– бир лицензия – МФКга, бир лицензия – кредиттик бюрого, 335 – алмашуу бюросуна берилген, анын ичинде 142 бюронун мурдагы лицензиясынын мөөнөтү өтүп кеткен;

– бир күбөлүк – МККга, үч күбөлүк – МКАга берилген.

Иштин токтотулушуна байланыштуу МФКнын бир лицензиясы, кредиттик союздун эки лицензиясы жана алмашуу бюролорунун 170 лицензиясы жокко чыгарылган, анын ичинен 131 лицензия – колдонуу мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу, МККнын 14 күбөлүгү жана МКАнын эки күбөлүгү жокко чыгарылган.

***6.1.2.1-таблица.***

БФКУлардын саны (бир мезгилдин акырына карата)

| Аталышы | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|
| АФКУ | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Микрофинансылык уюмдар (МФК, МКК жана МКА) | 134 | 133 | 130 | 121 | 108 |
| Кредиттик союздар | 92 | 88 | 84 | 81 | 78 |
| Алмашуу бюролору | 387 | 379 | 467 | 609 | 765 |
| Кредиттик бюролор | 2 | 2 | 2 | 2 | 3 |
| Кепилдик фонду | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Турак жай-сактык кредиттик компания | – | 1 | 1 | – | – |
| **Бардыгы болуп** | **617** | **605** | **686** | **815** | **956** |

## 6.1.3. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин лицензиялоо жана каттоо

*Төлөм системаларынын операторлорун, төлөм уюмдарын лицензиялоо*

2024-жылы Улуттук банк тарабынан төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна 21 лицензия жана төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна 21 лицензия берилген.

Отчёттук жылдын акырына карата төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын реестрине төмөнкү кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашырууга лицензиясы бар 49 төлөм уюму жана 48 төлөм системаларынын оператору кирген:

– өз иш натыйжасы болуп саналбаган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү үчүнчү жактардын пайдасына маалымат технологияларына жана электрондук каражаттарга, ошондой эле төлөмдөрдү өткөрүү ыкмаларына негизденген төлөм системалары аркылуу кабыл алуу жана өткөрүү боюнча кызматтарды сунуштоо;

– үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматтарды кабыл алуу, иштеп чыгуу (процессинг, клиринг) жана төлөм системасынын ошол процессинг, клиринг борборунун катышуучуларына берүү боюнча кызматтарды сунуштоо.

***6.1.3.1-график.***

Төлөм уюмдары жана төлөм системаларынын операторлору



*Төлөм системаларынын операторлорун каттоо*

Отчёттук жылы Улуттук банкта эл аралык акча которуу системасынын үч оператору, эл аралык электрондук акча системасынын бир оператору/эмитенти каттоодон өткөн. Эл аралык электрондук акча системасынын бир операторунун/эмитентинин каттоосу аталган электрондук акча системасы жайгашкан өлкөнүн ыйгарым укуктуу органы тарабынан берилген лицензиянын кайтарылып алынышына байланыштуу жокко чыгарылган.

2024-жылдын акырына карата акча которуу системасынын катталган 37 оператору, анын ичинен 19 эл аралык, 18 локалдык (филиалдар аралык), эл аралык электрондук акча системасынын 12 оператору/эмитенти, банктык төлөм карталарын пайдалануу менен эсептешүүлөрдүн эл аралык жети системасы жана өз ара иш алып баруунун эки оператору[1] ишин жүзөгө ашырган.

***6.1.3.2-график.***

Эл аралык төлөм системаларынын операторлору




## 6.2. Көзөмөлгө алынган уюмдардын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө методологиясы

2024-жылы Улуттук банктын негизги чаралары банк системасынын финансылык туруктуулугун бекемдөөгө, микрокаржылоо рыногун өнүктүрүүгө, санарип банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн жана накталай эмес төлөмдөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоого, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарына эл аралык стандарттарды жана алдыңкы тажрыйбаларды киргизүүгө багытталган.

[1] Өз ара иш алып баруу оператору – ошол процессинг, клиринг борборунун төлөм системасынын катышуучуларына үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматты кабыл алуу, иштеп чыгуу жана берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү (процессинг, клиринг) сунуштоого Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясына ээ, төлөм системасынын катышуучулары менен техникалык өз ара иш алып барууну жана QR-кодду колдонуу менен төлөмдөр боюнча акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн клиринг файлдарынын түзүлүшүн камсыз кылган төлөм системасынын оператору.

### 6.2.1. Коммерциялык банктардын ишин жөнгө салуу методологиясы

Улуттук банк отчёттук мезгилде эл аралык стандарттардын негизинде банктык жөнгө салуу, тобокелдиктерди натыйжалуу тескөө, потенциалды өстүрүү жана банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн, анын ичинде майыптыгы бар адамдардын кызматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу боюнча ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү ишин уланткан. Ченемдик укуктук актыларга киргизилген өзгөртүүлөр ислам каржылоо принциптери боюнча операцияларды жүзөгө ашырган банктарды кошо алганда, бардык банктар үчүн бирдей жөнгө салуучу талаптарды түзүү зарылдыгын эске алуу менен бекитилген.

*Тобокелдиктерди тескөө*

Банктардын ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктердин ордун жабуу үчүн ички капиталды жетиштүү деңгээлде кармап туруу жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында кабыл алынган "Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын жетиштүүлүгүнө (шайкештигине) баа берүү боюнча ички жол-жоболор жөнүндө" жобонун Улуттук банк тарабынан бекитилиши банктардын ишин жөнгө салууда жаңылык болуп калды. Бул жобо Базель II[1] бир бөлүгү болуп саналат жана коммерциялык банктарда капиталдын шайкештигин баалоонун өздүк процессинин болушуна, ошондой эле аталган жобо боюнча отчёттун түзүмүнө жана аны берүү тартибине карата талаптарды камтыйт.

Мындан тышкары, Банктык көзөмөл боюнча Базель комитетинин капиталдын талаптары жана стандарттары боюнча сунуш-көрсөтмөлөрүнө ылайык ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин финансы чөйрөсүндөгү мыйзамдарын шайкеш келтирүүнүн алкагында рейтингдик агенттиктердин тышкы баалоолорун кеңейтүү максатында ченемдик укуктук актыларда рейтингдик агенттиктердин тышкы баалоолорун коммерциялык банктар тарабынан колдонуу боюнча критерийлер каралган, алар талаптардын түрүнө же юрисдикциясына жараша таанылышы мүмкүн.

Отчёттук жылы системалуу мааниге ээ банктар тарабынан алардын туруктуулугун бекемдөө максатында суммардык капиталдын жетиштүүлүк (шайкештик) коэффициентинин (К2.1) кеминде 14 пайыз деңгээлинде сакталышы жөнүндө талап күчүнө кирген.

Банктардын маалымат коопсуздугун күчөтүү жана операциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу үчүн маалымат системаларына тышкы аудитти жүргүзүү талаптары кеңейтилди, алар банктарга маалымат системаларындагы чабал жактарды локалдаштырууга, ошондой эле айрым бизнес-процесстерге тематикалык аудитти жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Коммерциялык банктар тарабынан өлкөнүн экономикасынын стратегиялык секторлорун каржылоого түрткү берүү максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимдеринин негизинде берилген гарантиялар/кепилдиктер менен камсыз кылынган валюталык кредиттер боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервдердин өлчөмүнө карата талаптар кайра каралган.

*Натыйжалуу корпоративдик башкаруу*

Банктарды корпоративдик башкаруу системасына карата талаптарды өркүндөтүүнүн алкагында "Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарын корпоративдик башкаруу кодексине минималдуу талаптар жөнүндө" жобонун жаңы редакциясы бекитилген. Жободо корпоративдик башкаруунун ички кодексин, дивиденддерди бөлүштүрүү саясатын, маалымдоо саясатын иштеп чыгуу, экологиялык жана социалдык менеджменттин (Ecological Social Management System) принциптери, башкаруу органдарынын, Шариат кеңешинин жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн исламдык каржылоо принциптерине ылайык банктык ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруудагы өз ара аракеттенүү эрежелери боюнча талаптар каралган.

[1] Банктык көзөмөл боюнча Базель комитети: "Капиталды өлчөө жана капитал стандарттарынын эл аралык конвергенциясы: жаңы ыкмалар", июнь 2004.

*Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо*

Карыз алуучулардын жана күрөө коюучулардын укуктарын коргоо, ошондой эле кредиттер боюнча карыз оорчулугун азайтуу максатында финансы-кредит уюмдар үчүн мөөнөтү өтүп кеткен кредиттик карыз боюнча чегерилген үстөк айыптын (туум/айып пул) максималдуу өлчөмүн 20 пайыздан 10 пайызга чейин төмөндөтүү жагында жаңы талаптар киргизилген.

Күрөөлүк нарктын өтө төмөндөтүлүшүн болтурбоо максатында, финансы-кредиттик уюмдарга кыймылсыз мүлк түрүндөгү күрөөнүн наркын баалоо боюнча баалоо наркынын 50 пайызынан кем эмес талап коюлган.

Улуттук банк жеке адамдарга жана жеке ишкерлерге улуттук валютада берилген, пайыздык чени 27 пайыздан ашкан кредиттер боюнча банктын капиталынын шайкештик экономикалык ченемин эсептөөдө талаптарды күчөтүү жөнүндө чечим кабыл алган. Мында соодага жана коммерциялык операцияларга кредиттер, ошондой эле 18 пайыздан ашпаган чен боюнча берилген улуттук валютадагы керектөө кредиттери боюнча талаптар жеңилдетилген.

Аралыктан банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн коопсуздугун жогорулатуу, кардарлардын укуктарын коргоо жана кредиттерди тариздөөдө алдамчылык тобокелдиктерин төмөндөтүү максатында Улуттук банк тарабынан “токтотуп туруу мезгили” киргизилген. Банктар “токтотуп туруу мезгили” ичинде кардардан кредит тариздетилгендиги тууралуу тастыктоо алуу үчүн контролдук иш-чараларды жүргүзүүгө милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемеси менен бекитилген 2022-2026-жылдарга финансылык жеткиликтүүлүктү жогорулатуу стратегиясын ишке ашыруунун алкагында финансы-кредит уюмдары үчүн талаптагыдай банкинг принциптерин жана кардарларды тейлөөдө социалдык жоопкерчиликтүү ыкмаларды киргизүүгө багытталган сунуш-көрсөтмөлөр иштелип чыккан. Мында негизги басым майыптыгы бар адамдардын банктык кызматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жакшыртууга, анын ичинде инфраструктураны, санарип платформаларды жана тейлөө жол-жоболорун ыңгайлаштырууга багытталган.

*Мыйзамдарга ылайык келтирүү*

Мамлекеттик катышуу үлүшү бар банктардын Мамлекеттик ипотекалык компания менен кызматташуусу үчүн шарттарды түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген мамлекеттик программаларды ишке ашыруунун алкагында кредиттерди берүүгө тиешелүү айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр бекитилген.

Кыргыз Республикасынын “Банктык аманаттарды коргоо жөнүндө” мыйзамына “аманат” аныктамасына электрондук акчаны киргизүү бөлүгүндө өзгөртүүлөр киргизилгендигине байланыштуу, бир катар ченемдик укуктук актыларда банктын аманатчылар алдындагы милдеттенмелери жөнүндө маалымат базасын түзүү формасына карата талаптарга тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген.

Салык мыйзамдарындагы өзгөртүүлөргө ылайык, коммерциялык банктарга салык органынын онлайн кызматынан кардарлардын салыктык каттоо күбөлүктөрүн өз алдынча чыгаруу мүмкүнчүлүгү берилген. Мындан тышкары, өзгөчө режимдеги соода аймактарында патенттин же салыктын негизинде иш жүргүзгөн жеке ишкерлер тарабынан көрсөтүлө турган документтердин тизмеси толукталган.

*Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүү*

Инновациялык банктык продукттардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн ылайык келишинин критерийлери жана “Атайын жөнгө салуу режими жөнүндө” жобонун алкагында атайын жөнгө салуу режиминин катышуучуларына карата талаптар кайра каралган. Бул өзгөртүүлөр инновациялык продукттарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү тестирлөөнүн тажрыйбасын өркүндөтүүгө багытталган.

Чакан жана орто бизнес үчүн банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн колдоо жана жогорулатуу максатында жеке ишкерлердин электрондук капчыктары жана аралыктан идентификацияланган жана верификацияланган банктык эсептери боюнча операцияларга өзүнчө лимиттер көбөйтүлгөн.

*Банктарды лицензиялоо*

Улуттук банк тарабынан “Банктардын ишин лицензиялоо жөнүндө” жобого иш түрлөрүнүн тизмесин кеңейтүү бөлүгүндө өзгөртүүлөр бекитилген, алар банктын акционерлеринин жана кызмат адамдарынын макулдашуусу менен банктык же финансылык ишке байланыштуу иш тажрыйбасы катары таанылат. Өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атынан акционердин ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын банктын капиталына чектүү катышууну сатып алууга Улуттук банктан уруксат алуусуна да тиешелүү болгон.

Банк системасын санариптештирүүнү өнүктүрүүнү эске алуу менен банктардын кызмат адамдарынын квалификациясына карата талаптар кайра каралган. Мындан тышкары, Улуттук банк тарабынан эмитирленген (чыгарылган) аффинаждалган өлчөнгөн куймалар түрүндөгү баалуу металлдар менен банктык операцияларды жүргүзүү укугуна уруксат алууда банктарга карата талаптар өзгөртүлгөн.

### 6.2.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салуу методологиясы

2024-жыл ичинде Улуттук банктын көзөмөлүнө алынган банк эмес уюмдардын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү микрокредиттер рыногун андан ары өнүктүрүүгө, регулятивдик отчёттуулукту жакшыртууга, БФКУ ишиндеги тобокелдиктерди азайтууга, ошондой эле алардын ишин лицензиялоо маселелери боюнча талаптарды актуалдаштырууга багытталган.

*БФКУ кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу*

Микрокредиттерди алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүнүн, аларды берүү процессин оптималдаштыруунун жана операциялык чыгашаларды кыскартуунун алкагында БФКУ тарабынан кардардын жолдошунун/жубайынын макулдугусуз берилүүчү кредиттердин суммасынын чеги көбөйтүлгөн, кредиттердин максаттуу пайдаланылышын текшерүү жөнүндө банк эмес финансы-кредит уюмдарынын отчётторун даярдоо боюнча талаптар жөнөкөйлөтүлгөн. Ошону менен бирге, микрофинансылык уюмдар үчүн кредиттин өлчөмүнө жана түрүнө, кардардын ишине жана кирешесине жараша карыз алуучунун жана кепилдик берүүчүнүн төлөө жөндөмдүүлүгүнө талдоо жүргүзүү жана баа берүү тартибине карата ыкмалар өзгөртүлгөн.

*Карыз алуучулардын жана күрөө коюучулардын укуктарын коргоо*

Карыз алуучу болуп саналбаган күрөө коюучулардын укуктарын коргоо максатында талаптар белгиленген, ага ылайык кредиттин камсыздоосуна бирден ашык күрөө мүлкү берилген жана күрөө коюучу катары үчүнчү жак (карыз алуучу эмес) саналган учурда, банк эмес финансы-кредит уюму кредиттин негизги суммасынын 50 пайыздан ашыгы төлөнгөн учурда күрөөнү алмаштырууга же бошотууга артыкчылыктуу (карыз алуучуга карата) укук берүүгө тийиш.

Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын карыз алуучуларынын карыз оорчулугун төмөндөтүү максатында кредит боюнча чегерилген үстөк айыптын (туум/айып пул) максималдуу өлчөмүн берилген кредиттин суммасынан 20 пайыздан 10 пайызга чейин азайтуу боюнча ченемдер кабыл алынган.

Негизги каражаттар менен операцияларды жөнгө салуу максатында микрофинансылык компаниялар үчүн негизги каражаттарга инвестициялар боюнча ченем белгиленген.

Накталай чет өлкө валюталары менен алмашуу операцияларын жүргүзүү боюнча талаптар жана аларды бузууга жол бергендиги үчүн Улуттук банктын көзөмөлүнө алынган жактар үчүн жоопкерчилик күчөтүлгөн.

*БФКУну лицензиялоо*

2024-жылы БФКУ ишин лицензиялоо чөйрөсүндө микрофинансылык компаниялардын жана “Кредиттик союздардын каржы компаниясы” ААКтын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин иш стажынын болушуна карата талаптарга тиешелүү бир катар ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр киргизилген.

Коммерциялык банкты микрофинансылык компанияга кайра каттоо учурунда лицензия берүү жагындагы талаптар өзгөртүлгөн, бул микрофинансылык компанияга мөөнөттүү аманаттарды (депозиттерди) тартуу укугу менен же укуксуз лицензия алууга мүмкүндүк берет, ошондой эле коммерциялык банктын микрофинансылык компанияга кайра каттоодон өткөн учурда анын уставдык капиталына карата талаптар белгиленген.

*Жөнгө салуу эрежелери*

Кепилдик фонддордун жана "Кредиттик союздардын каржы компаниясы" ААКтын ишин жөнгө салуу эрежелеринин жаңы редакциялары бекитилген.

*Ислам каржылоо принциптери*

Ислам каржылоо принциптери боюнча ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү максатында БФКУнун финансылык отчёттуулугун түзүү, ошондой эле аны жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоо талаптарына өзгөртүүлөр киргизилген.

Микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөр рыногунда орун алган суроо-талапты эске алуу менен микрокредиттик агенттик тарабынан бир кардарга же байланыштуу жактардын тобуна берилүүчү каржылоонун чектүү өлчөмү көбөйтүлгөн. Мындан тышкары, ислам каржылоо принциптери боюнча операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык уюмдардын ишине карата бирдей жөнгө салуучу талаптарды түзүүгө багытталган айрым ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр бекитилген.

### 6.2.3. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин жөнгө салуу методологиясы

*Банктык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүктү жогорулатуу*

Отчёттук жылы Улуттук банк банктык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрүнүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу, ошондой эле керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү жагында иш алып барган.

Ийгиликтүү тестирлөөнүн жыйынтыгында накталай эмес формада кредиттерди берүү үчүн алдын ала чыгарылган кредиттик карталарды чыгаруу жана төлөм карталарынын эквайрингин жүзөгө ашыруу боюнча банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн атайын жөнгө салуучу режимдеринин алкагында мыйзамдарга жана Улуттук банктын бир катар ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр киргизилген.

Улуттук банк агенттердин мобилдик тиркемелери аркылуу колдонуучулар тарабынан ишке ашырылган операциялар боюнча операциялардын тизмесин кеңейткен жана лимиттерди көбөйткөн.

Төлөмдөр боюнча өз убагында аяктаган өз ара эсептешүүлөрдүн үзгүлтүксүздүгүн жана кепилдигин камсыз кылуу максатында эсептешүү банкынын төлөм системасынын катышуучулары менен өз ара иш алып баруу маселелерине тиешелүү "Эсептешүү банкына карата минималдуу талаптар жөнүндө" жобого өзгөртүүлөр киргизилген.

Айрыкча өлкөнүн алыскы региондорунда инновациялык төлөм ыкмаларын өнүктүрүүгө көмөктөшүү максатында Эки өлчөмдүү штрих-код белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды өткөрүү эрежелерине өзгөртүү киргизилген, ага ылайык коммерциялык банктарга финансылык маалыматты кабыл алуу, иштеп чыгуу жана берүү боюнча ишти жүзөгө ашыруу укугуна уруксат алган учурдан тартып өз ара иш алып баруу оператору[1] катары иштөө мүмкүнчүлүгү берилген.

[1] Өз ара иш алып баруу оператору – ошол процессинг, клиринг борборунун төлөм системасынын катышуучуларына үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматты кабыл алуу, иштеп чыгуу жана берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү (процессинг, клиринг) сунуштоого Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясына ээ, төлөм системасынын катышуучулары менен техникалык өз ара иш алып барууну жана QR-кодду колдонуу менен төлөмдөр боюнча акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн клиринг файлдарынын түзүлүшүн камсыз кылган төлөм системасынын оператору.

*Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо*

Башка эмитенттер тарабынан чыгарылган карт ээлерине банкомат аркылуу улуттук валютадагы 200 (эки жүз) эсептик көрсөткүчтөн төмөн эмес суммада же чет өлкө валютасындагы ошол сумманын эквивалентинде бир операция үчүн акча каражаттарын накталай акчага айландыруу мүмкүнчүлүгү берилген.

“Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө” мыйзамга ылайык келтирүү максатында мамлекет ичиндеги төлөмдөрдү жүргүзүү боюнча “Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө” жобого тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген. Өзгөртүүлөргө ылайык, процессинг борборлору Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашып, улуттук төлөм системасынын операторунун процессинг борборуна кошулуу (интеграциялануу) аркылуу эл аралык төлөм системаларынын банктык төлөм карталарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасынын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылууга тийиш.

Санарип банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн калкка Кыргыз Республикасынын аймагында мобилдик тиркемелер жана интернет-банкинг аркылуу улуттук валютада акча которууларды комиссиясыз жүргүзүү мүмкүнчүлүгү берилген.

Кыргыз Республикасынын бюджеттик классификаторуна ылайык келтирүүнүн алкагында төлөм жүгүртүлүшү жөнүндө маалыматты системалаштыруу үчүн Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторуна тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген.



## 6.3. Жөнгө салуу жана көзөмөлдөө

### 6.3.1. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө

Улуттук банк “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын банк системасын, анын ичинде банктардын жана банктык топтордун ишин жөнгө салат жана көзөмөлдөйт.

2024-жыл ичинде Улуттук банк тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүк принциптерин сактоо менен аралыктан иликтөө жана жерине барып текшерүү аркылуу коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөп турган.

*Тышкы көзөмөл жана инспектирлөө*

Коммерциялык банктардын ишине тышкы (аралыктан) көзөмөл туруктуу негизде жүзөгө ашырылат жана мезгил-мезгили менен берилүүчү отчёттуулуктун негизинде финансылык абалдын динамикасына мониторинг жүргүзүүнү, талдоону, инспектордук текшерүүлөрдүн, ички жана тышкы аудиттин натыйжаларын эске алуу менен тобокелдик профилинин өзгөрүшүнө байкоо жүргүзүүнү, ошондой эле банктардын бизнес-планынын өзгөрүүлөрүнө мониторинг жүргүзүүнү жана баа берүүнү камтыйт.

Инспектордук текшерүүлөр түздөн-түз коммерциялык банктарда жүзөгө ашырылат жана корпоративдик башкарууга, тобокелдиктерди тескөө жана ички контролдоо системасына баа берүүнү, маалымат коопсуздугун, ликвиддүүлүктү, рентабелдүүлүктү, капиталдын жетиштүүлүгүн, активдердин жана милдеттенмелердин сапатын, операциялык жана рыноктук тобокелдиктерге дуушарлануу деңгээлин талдоону, ошондой эле террористтик ишти каржылоо жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) (ФТД/ЛПД) тобокелдиктерине контролдукту кошо алганда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык келишин текшерүүнү камтыйт.

*Таасир этүү чаралары*

Отчёттук жылда Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктардын жана алардын бөлүмдөрүнүн (филиалдарынын жана сактык кассаларынын) ишине 146 инспектордук текшерүү жүргүзүлгөн. Текшерүүлөрдүн жана тышкы көзөмөлдүн жыйынтыгы боюнча 253 жазма буйрук, 112 эскертүү (сунуш-көрсөтмө) жөнөтүлүп, жалпы суммасы 25,2 млн сомго 12 айып салынган. Жазма буйруктар

жана эскертүүлөр кредиттик, операциялык, валюталык тобокелдиктерди, ФТД/ЛПД тобокелдиктерин жана маалымат коопсуздугун азайтууга, ошондой эле коммерциялык банктар тарабынан экономикалык ченемдердин жана кассалык тартиптин сакталышы бөлүгүндө банктардын ички контролдоо системасын күчөтүүгө багытталган.

2024-жылы Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан 53 отурум өткөрүлүп, анда көзөмөл чараларын колдонууну жана коммерциялык банктардын кызмат адамдарын макулдашууну кошо алганда, коммерциялык банктардын ишин жөнгө салууга тиешелүү 124 маселе каралган.

### 6.3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын ишин көзөмөлдөө

*Тышкы көзөмөл жана инспектирлөө*

Улуттук банк 2024-жылы БФКУлардын ишине тышкы (аралыктан) көзөмөл жана жеринде барып инспектордук текшерүүлөр аркылуу, анын ичинде микрофинансылык уюмдардын ишине тобокелдикти аныктоого багытталган ыкмалдарды колдонуу менен көзөмөл жүргүзгөн.

Улуттук банк БФКУлардын туруктуулугун камсыз кылуу, финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча милдеттерди жүзөгө ашыруу, ошондой эле көзөмөлдүккө алуунун алдын алуу чараларын көрүү максатында БФКУлардын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча ишти уланткан.

БФКУ ишинин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына, анын ичинде финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо маселелерине ылайык келүүсүнө баа берүү максатында 2024-жылы Улуттук банк тарабынан 12 микрофинансылык уюмдун, 27 кредиттик союздун жана 160 алмашуу бюронун ишине текшерүү жүргүзүлгөн.

*Таасир этүү чаралары*

Отчёттук жылда БФКУлардын жана Улуттук банктын көзөмөлүнө алынган башка юридикалык жактардын ишин көзөмөлдөө иш-чараларынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын бузууга жол бергендиги үчүн алмашуу бюролоруна 349 жазма буйрук, микрофинансылык уюмдарга 166 жазма буйрук, кредиттик союздарга 156 жазма буйрук жана адистештирилген финансы-кредит уюмуна 11 жазма буйрук жөнөтүлгөн. Мындан тышкары, 84 алмашуу бюросунун жана бир кредиттик союздун лицензияларынын аракети убактылуу токтотулган, бир микрофинансылык уюмдун эсептик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүгү, ошондой эле жети алмашуу бюросунун жана бир кредиттик союздун лицензиялары кайтарылып алынган.

Ошондой эле Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык 35 алмашуу бюросуна, 17 микрофинансылык уюмга жана 6 кредиттик союзга карата жалпы суммасы 3,2 млн сом айып салуу түрүндөгү таасир этүү чаралары колдонулган.

*Лицензиясыз иш боюнча чаралар*

Отчёттук жылда Улуттук банк тарабынан накталай чет өлкө валюталарын алмашуу чөйрөсүндө лицензиясыз ишти аныктоо жана ага бөгөт коюу боюнча иштер улантылган. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы менен биргелешкен иш-чаралардын алкагында 194 текшерүү жүргүзүлгөн. Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык 192 жеке адамга жана 2 юридикалык жакка жалпы суммасы 3,5 млн сом айып пул салынган.

### 6.3.3. Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө

2024-жылы Улуттук банк ички контролдоо системасына баа берүүнү, аткаруучулук тартипти, Улуттук банкка берилген отчёттордун жана маалыматтардын тууралыгын жана аныктыгын эске алуу менен жеринде барып аралыктан талдоо жана текшерүүлөрдү жүргүзүү аркылуу төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишине көзөмөлдүктү жүзөгө ашырган. Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын сактоо, төлөм системаларынын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу, төлөм кызматтарын керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо, ПФТД/ЛПД, маалымат системаларынын жана аппараттык-программалык комплекстердин коопсуздугу маселелерине өзгөчө көңүл бурулган.

*Төлөм системаларынын операторлорун жана төлөм уюмдарын аралыктан көзөмөлдөө*

Аралыктан көзөмөлдөө мезгил-мезгили менен берилүүчү отчёттордун жана көзөмөлдө турган уюмдардан, ошондой эле башка булактардан алынган маалыматтардын Улуттук банкка берилген отчёттордун жана маалыматтардын өз учурунда берилишин, тууралыгын жана аныктыгын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын сакталышын талдоо аркылуу ишке ашырылган.

*Төлөм системаларынын операторлорун жана төлөм уюмдарын инспектордук текшерүү*

2024-жылы Улуттук банк 15 инспектордук текшерүүнү жеринде барып жүргүзгөн, анын ичинде 4 – атайын жөнгө салуу режиминин алкагында жүргүзүлгөн. Текшерүүлөр тобокелдиктерди тескөө системасын, ички контролду, аппараттык-программалык комплекстин иштешин баалоону, маалымат коопсуздук жана төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, анын ичинде ПФТД/ЛПД боюнча белгиленген талаптарды сактоо маселелерин камтыган.

*Төлөм системаларынын операторлоруна жана төлөм уюмдарына карата таасир этүү чаралары*

Тышкы көзөмөлдүн жана инспектордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишинде аныкталган мыйзам бузууларга жана кемчиликтерге байланыштуу Улуттук банк тарабынан 38 жазма буйрук жөнөтүлгөн, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык көзөмөлгө алынган уюмдарга 385 миң сом өлчөмүндө 7 айып пул салынган. Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын бузууга жол бергендиги үчүн Улуттук банктын Төлөм системасы боюнча комитетинин чечими менен жогоруда аталган оператордун бир лицензиясы жана уюмдун бир лицензиясы кайтарылып алынган.

*Төлөм системасы боюнча комитет*

Отчёттук жылы Төлөм системасы боюнча комитет тарабынан 31 отурум өткөрүлүп, анда төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин жөнгө салуу жана лицензиялоо, анын ичинде атайын жөнгө салуу режиминин алкагында лицензияларды берүү/узартуу, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун макулдашуу боюнча 57 маселе каралган.

# 7-ГЛАВА. КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮН УКУГУН КОРГОО ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК САБАТТУУЛУКТУ ЖОГОРУЛАТУУ

Отчёттук жылда Улуттук банк банктык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укугун коргоо ишин уланткан. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо механизмдерин өнүктүрүү жана өркүндөтүү рынокто жаңы инновациялык банк продукттарынын пайда болушуна жараша чоң мааниге ээ болууда. Бул иш банктык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн кайрылууларын кароо жана ушул боюнча мыйзамдарды жакшыртуу жагында жүргүзүлгөн.

2024-жылы Улуттук банктын ишинин негизги багыттарынын бири катары калктын финансылык жеткиликтүүлүгүн жана финансылык сабаттуулугун жогорулатуу саналат.

## 7.1. Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо

Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо ишинин алкагында жарандардын жазуу түрүндөгү кайрылуулары менен иш жүргүзүлүп, калкты кабыл алуу форматында консультациялар берилип, жеринде текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

*Финансылык кызматтардан керектөөчүлөрдүн кайрылууларын кароо*

2024-жылы Улуттук банк тарабынан 1 126 кайрылуу (2023-жылы – 927), анын ичинен коммерциялык банктардын иш маселелери боюнча – 796 (2023-жылы – 666), банк эмес финансы-кредит уюмдарынын – 204 (2023-жылы – 184), төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын – 34 (2023-жылы – 4) жана башка маселелер боюнча – 92 кайрылуу (2023 – жылы-73) каралган.

Керектөөчүлөрдүн кайрылуулары негизинен банктык эсептерди, аманаттарды тейлөөгө, акча которууга, карыздарды кайра каржылоого, мыйзамдардын талаптарына келишимдердин шарттарын текшерүүгө, күрөө предметин сатуу жол-жоболоруна, сот чечимдерин аткарууга, ошондой эле алдамчылык операциялар фактыларына тиешелүү болгон.

Кайрылууларды кароонун жыйынтыгында 1 100 кайрылуу боюнча коюлган маселелерди чечүү максатында түшүндүрмөлөр берилген, анын ичинде 229 кайрылуу толук көлөмдө канааттандырылган. Соттук чечимдердин болушунан улам 26 кайрылуу канааттандыруусуз калтырылган.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын айрым талаптарын бузууларга жана аныкталган кемчиликтерге байланыштуу таасир этүү чаралары колдонулган – көзөмөлгө алынган уюмдарга 10 жазма буйрук жөнөтүлгөн. Таасир этүү чаралары керектөөчүлөрдүн келип түшкөн кайрылууларын өз убагында жана сапаттуу кароону камсыз кылуу бөлүгүндө ички контролдоо системасын күчөтүү, керектөөчүлөрдүн укугун сактоо боюнча ички ченемдик документтерди Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарына ылайык келтирүү, кредитти тариздөөдө жана берүүдө маалыматтарды ачып көрсөтүү максатында колдонулган.

Банктык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн пайдаланган 1 200дөн ашуун жаранга жеке кабыл алуу форматында консультациялык-укуктук жардам көрсөтүлгөн.

*Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоону күчөтүү боюнча чаралар*

Заманбап технологиялар банктык кызмат көрсөтүүлөрдү алууну жөнөкөйлөтүү жана тездетүү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берет. Муну менен катар, алдамчылыктын ар кандай ыкмаларынан жарандардын акча каражаттарын жоготуу тобокелдиктери көбөйүүдө. Ушул шарттарда отчёттук жылда иштин олуттуу бөлүгү Кыргыз Республикасынын банк системасында алдамчылык операциялардын деңгээлин төмөндөтүү жана алдын алуу боюнча мыйзамдарды өркүндөтүүгө багытталган.

Онлайн-кредиттерди тариздөөдө жарандардын алдамчылыкка кабылышына жол бербөө жана коопсуздук чараларын күчөтүү максатында Улуттук банк “токтотуп туруу мезгилин” киргизүү жөнүндө токтом кабыл алган, ага ылайык, онлайн-кредиттөө боюнча каражаттар белгилүү бир убакыт өткөндөн кийин кардардын эсебине чегерилет. Мындан тышкары, Улуттук банктын токтомуна ылайык, банктар кардарлардын тобокелдик профилин эске алуу менен 100 миң сомдон жогору суммадагы билдирмелерди тастыктоо үчүн контролдук чалуу жүргүзүүгө милдеттүү.

Финансы системасында алдамчылык аракеттерди минималдаштыруу боюнча натыйжалуу комплекстүү чараларды иштеп чыгуу үчүн Улуттук банктын буйругу менен Улуттук банктын, мамлекеттик органдардын, коммерциялык банктардын жана уюлдук байланыш операторлорунун өкүлдөрүнөн турган ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлгөн.

Ведомстволор аралык жумушчу топтун ишинин алкагында финансылык алдамчылыкка каршы күрөшүү чаралары талкууланган. Улуттук банк алдамчылык операциялары боюнча маалымат алмашуу платформасынын концепциясынын долбоорун иштеп чыккан.

2024-жылы чекене накталай эмес төлөмдөрдү жүргүзүү чөйрөсүн кеңейтүү жагында иштер улантылган. Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн андан ары көбөйтүү жана калк үчүн санарип банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында Улуттук банк Башкармасынын токтому кабыл алынган, ага ылайык, Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарына жана төлөм уюмдарына Кыргыз Республикасынын ичинде мобилдик тиркемелер жана интернет-банкинг аркылуу улуттук валютада акча которууларды жүзөгө ашыруу боюнча кызмат көрсөткөндүгү үчүн 2025-жылдын 31-декабрына чейин жеке адамдардан комиссиялык сый акы алууга убактылуу тыюу салынат.



## 7.2. Финансылык сабаттуулукту жогорулатуу

Калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу Улуттук банктын ишинин артыкчылыктуу багыттарынын бири бойдон калууда. Калктын финансылык сабаттуулугунун деңгээлин жакшыртуу жеке финансыны жоопкерчиликтүү башкарууга, каражат топтоого жана чыгашаны пландаштырууга мүмкүндүк берет, ички инвестициялардын өсүшүн жогорулатууга, кредиттик тартипти чыңдоого көмөк көрсөтүү менен алдамчылык учурларын азайтат. Бул факторлор өз кезегинде өлкөнүн социалдык туруктуулугуна жана жалпы экономикасына оң таасирин тийгизет.

2024-жылы Улуттук банк тарабынан финансылык сабаттуулук боюнча иш-чаралар 2022-2026-жылдарга финансылык жеткиликтүүлүктү жогорулатуу стратегиясын, ошондой эле башка мамлекеттик программаларды жана концепцияларды жүзөгө ашыруунун алкагында өткөрүлгөн.

*Финансылык сабаттуулук боюнча семинарлар жана лекциялар*

Ар кандай максаттуу топтор, анын ичинде жаштар, мамлекеттик органдардын кызматкерлери, аз камсыз болгон үй-бүлөлөр жана башкалар үчүн өлкөнүн бардык региондорунда финансылык сабаттуулук боюнча семинарлар жана лекциялар өткөрүлгөн. Семинарлардын жана лекциялардын жүрүшүндө катышуучуларга үй-бүлөлүк бюджетти башкаруу, каражат топтоо, кредиттер, инвестициялоо, финансылык коопсуздук, керектөөчүлөрдүн укугун коргоо, жаңы финансылык технологиялар жана продукттар темаларын камтыган финансылык сабаттуулуктун негиздери жеткиликтүү формада түшүндүрүлгөн.

Жаштардын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу үчүн Улуттук банк тарабынан өлкөнүн бардык областтарында 100гө жакын окутуу иш-чаралары уюштурулуп, ага 3 миңден ашуун адам катышкан.

Маалымат алуу деңгээлин жогорулатуу жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана мыйзам чыгаруу бийлик органдары менен өз ара иш алып барууну бекемдөө алкагында Улуттук банк тарабынан алардын кызматкерлери үчүн финансылык сабаттуулук иш-чаралары жөнүндө семинарлар өткөрүлгөн.

Айрым иш мамлекеттик жөлөк пул алган аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн финансылык сабаттуулугун жогорулатууга багытталган. Жалал-Абад областында Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин социалдык жардам боюнча мамлекеттик программасына катышкан 90 жаран үчүн семинарлар өткөрүлгөн.

*Финансылык билим берүүнүн эл аралык тажрыйбасын жайылтуу*

Жалпы билим берүү мектептеринде финансылык билим берүүнү жакшыртуу үчүн финансылык сабаттуулукту окутуунун эл аралык тажрыйбасына ылайык Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте орто мектептердин 10-класстарынын окуучулары үчүн “Адам жана коом” предметин билим берүү стандартына киргизүү максатында модификацияланган программанын жана окуу-методикалык колдонмонун долбоорун иштеп чыгуу боюнча иштерди жүргүзгөн.

Мындан тышкары, 2024-жылы Улуттук банк мектеп окуучуларынын арасында финансылык сабаттуулукту илгерилетүү максатында мектеп мугалимдеринин жана мектептен тышкаркы билим берүүнүн областтык борборлорунун базасында түзүлгөн финансылык сабаттуулук боюнча ийримдердин жетекчилеринин квалификациясын жогорулатуу ишин жүргүзгөн.

*Мигранттардын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу*

Эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн финансылык сабаттуулугун жогорулатуу артыкчылыктуу багыттардын бири болуп калды. Миграция боюнча эл аралык уюмдун Кыргызстандагы кеңсесинин колдоосу менен мигранттарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө жардам көрсөтүү боюнча долбоорлор ишине тартылган өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү үчүн финансылык сабаттуулук боюнча семинарлар өткөрүлгөн. “Борбордук Азиядагы жөнгө салынуучу эмгек миграциясына көмөктөшүү программасы” аталышындагы регионалдык долбоордун алкагында финансылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча иш-чараларды ишке ашыруу максатында Регионалдык координациялык механизмдин үчүнчү отурумуна катышуу менен финансылык сабаттуулук боюнча окутуу модулун түзүү иштери жүргүзүлгөн.

*Жыл сайын өткөрүлүүчү иш-чаралар*

Улуттук банк жаштарды тартуу жана калктын каражат топтоо көндүмүн калыптандыруу максатында акыркы он жылдан бери жыл сайын “Глобалдуу акча жумалыгы” (Global Money Week) жана “Дүйнөлүк каражат топтоо күнү” (World Savings Day) маалымат-билим берүү кампанияларын өткөрүп келет.

Бул кампаниялардын жүрүшүндө 2024-жылы өнөктөш уюмдардын колдоосу менен 480ге жакын ар кандай маалымат-билим берүү иш-чаралары өткөрүлгөн: мектептерде финансылык сабаттуулук боюнча сабактар, ЖОЖдордо лекциялар жана тренингдер, финансылык сабаттуулук боюнча олимпиада, экскурсиялар, коммерциялык банктарда ачык эшиктер күнү, балдардын сүрөт жана видеороликтер сынактары, интерактивдүү оюндар жана башкалар. Түздөн-түз катышкан калктын саны 19 миңден ашуун адамды, кыйыр саны – 1,2 млн адамды түзгөн.

Мындан тышкары, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде Дүйнөлүк каражат топтоо күнүнүн 100 жылдыгына карата финансылык жармаңке уюштурулуп, ага миңден ашык адам: ЖОЖдордун окутуучулары жана студенттери, орто мектептердин окуучулары, Бишкек шаарынын тургундары жана коноктору катышкан. Жармаңкенин катышуучуларына финансылык сабаттуулук, коммерциялык банктар, камсыздандыруу компаниялары, пенсиялык фонддор жана башка финансылык уюмдар тарабынан көрсөтүлүүчү банктык продукттардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн шарттары жөнүндө маалымат берилген. Активдүү катышуучулар атайын сыйлыктар жана сувенирлер менен сыйланган.

*Интернет-ресурстар жана социалдык тармактар*

Финансылык сабаттуулукту илгерилетүү максатында Улуттук банк www.finsabat.kg маалымат-билим берүү порталын жана социалдык тармактарда Финсабаттын расмий баракчаларын кошо алганда, интернет-ресурстарды жигердүү пайдаланган. Маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында визуалдык продукция түрүндө 100дөн ашык кыска видеолор, ошондой эле подкасттар, макалалар жана башка материалдар даярдалган. Маалымат материалдары финансыны пландаштыруу, каражат топтоо, кредит, инвестициялоо, финансылык коопсуздук, керектөөчүлөрдүн укугун коргоо, жаңы финансылык технологиялар, продукттар темаларына жана башкаларга арналган. Улуттук банктын финансылык сабаттуулук ресурстарында 420дан ашык материал жарыяланган, аларды бир жыл ичинде 536 миңден ашуун интернет колдонуучулары көрүшкөн.

# 8-ГЛАВА. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШУУ

2024-жылы Улуттук банк эл аралык финансылык уюмдар, борбордук (улуттук) банктар менен, ошондой эле интеграциялык бирикмелердин алкагында эл аралык кызматташтыкты чыңдоо жагында жигердүү иш алып барган. Мында, негизги басым эл аралык иш-чараларга катышууга, тажрыйба алмашууга жана финансы секторунун негизги маселелерин талкуулоого жасалган.

*Эл аралык финансылык уюмдар менен кызматташуу*

Улуттук банк Эл аралык валюта фондунда (ЭВФ) Кыргыз Республикасынын атынан башкаруучу кеңсе катары иш алып баруу менен, ошондой эле ЭВФ менен кызматташуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын өз ара байланышынын регламентине[1] ылайык Кыргыз Республикасынын ЭВФ менен кызматташуусунун алкагында координатордун функцияларын аткарат.

ЭВФ менен өз ара иш алып баруу 2024-жыл ичинде өлкөнүн ЭВФке мүчөлүгүнүн алкагындагы экономикалык саясат маселелери, ошондой эле Улуттук банктын айрым иш багыттары, анын ичинде техникалык кызматташтык боюнча да жүргүзүлгөн.

2024-жылдын январында ЭВФтин Аткаруу кеңеши тарабынан өлкөнүн макроэкономикалык саясатына баа берүүнү жана кыргыз бийликтери үчүн ЭВФтин сунуш-көрсөтмөлөрүн камтыган аталган фонддун персоналынын Кыргыз Республикасы боюнча өлкөлүк отчёту каралып, жактырылгандан кийин ЭВФ Макулдашуусунун IV беренесине ылайык консультациялар ийгиликтүү жыйынтыкталган. Отчёттук жылдын сентябрында ЭВФ өкүлдөрүнүн Кыргыз Республикасына болгон иш сапары учурунда өлкөдөгү экономикалык абалды жана IV берене боюнча кезектеги консультацияларга даярдык көрүүнүн алкагында жүргүзүлүп жаткан саясатты алдын ала талкуулоо болуп өткөн.

ЭВФтин директорунун орун басары-тескөөчүсү Бо Ли мырзанын Кыргыз Республикасына болгон расмий иш сапарынын жүрүшүндө Улуттук банк тарабынан мамлекеттик органдардын, эл аралык уюмдардын, өнүктүрүү фонддорунун жана банк секторунун өкүлдөрүнүн катышуусунда экономикалык форум уюштурулган. Экономикалык форум регионалдык кызматташтык, жашыл экономиканы өнүктүрүү, климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлаштыруу жана анын терс кесепеттерин кыскартуу стратегиялары, ошондой эле инвестицияларды тартуу сыяктуу актуалдуу темаларды талкуулоодо уникалдуу аянтча болгон. ЭВФтин директорунун орун басарынын-тескөөчүсүнүн иш сапары өлкө бийлиги менен ЭВФтин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн, донорлордун жана инвесторлордун ортосундагы диалогду күчөткөн.

Улуттук банк ЭВФ менен кызматташуунун алкагында Лаос Элдик Демократиялык Республикасынын банкына акча-кредит саясатынын негиздерин күчөтүү жана монетардык операцияларды жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү боюнча техникалык жардам көрсөткөн. Улуттук банк акча-кредит саясатынын инструменттерин иштеп чыгуу жана өркүндөтүү боюнча өз тажрыйбасын сунуштап, аларды колдонуу боюнча тажрыйбалык сунуш-көрсөтмөлөрү менен бөлүшкөн.

Отчёттук жылы Улуттук банк Дүйнөлүк банктын жана OGResearch консалтинг компаниясынын колдоосу менен монетардык саясат боюнча чечимдерди кабыл алууда анын жыйынтыктарын андан ары колдонуу үчүн жалпы тең салмактуулуктун динамикалык стохастикалык моделин (DSGE-модель)[2] иштеп чыгууну ийгиликтүү аяктаган. Иштелип чыккан DSGE-модель Улуттук банк тарабынан Кыргыз

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 27-февралындагы № 115/07/1-1 токтому.

[2] DSGE-модель (Dynamic Stochastic General Equilibrium) – бул экономикалык процесстерди талдоо жана болжолдоо үчүн макроэкономикада колдонулган динамикалык жалпы тең салмактуулуктун стохастикалык модели.

Республикасынын экономикасын өнүктүрүүнүн ар кандай сценарийлерин талдоо жана моделин түзүү үчүн колдонулат, ошондой эле акча-кредит саясатын жүргүзүүдө ички жана тышкы таасирлерди жөнгө салууга мүмкүндүк берет.

Улуттук банк тарабынан санарип финансылык инфраструктураны өнүктүрүү жана санарип төлөм технологияларынын заманбап тенденцияларын жана тез өнүгүүсүн эске алуу менен төлөм системасы боюнча ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү маселелери боюнча Дүйнөлүк банктын консультанттары менен активдүү иш жүргүзүлгөн. Консультанттар менен өз ара иш алып баруунун натыйжасында аталган банкта капиталдын жетиштүүлүгүн баалоо үчүн ченемдик укуктук документтер жана банктык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын сактоо боюнча рынокто финансы-кредит уюмдарынын иш-аракеттерин көзөмөлдөө боюнча колдонмо иштелип чыккан.

Дүйнөлүк банк тарабынан Улуттук банкка финансы-кредит уюмдарын жөнгө салуу жана көзөмөлдөө инструменттерин өркүндөтүүгө багытталган “Финансылык туруктуулукту жогорулатуу, инновациялык финансылык продукттарды илгерилетүү жана финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү” долбоорун ишке ашырууда көмөк көрсөтүлгөн.

Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы менен кызматташуу бир нече багыт боюнча жүргүзүлөт. 2024-жылы Улуттук банк аталган банк менен Кыргыз Республикасынын акча рыногун талдоо боюнча биргелешкен долбоорду (Money Market Diagnostic Framework – MMDF) баштоо жөнүндө макулдашууга жетишкен. Бул долбоордун жыйынтыгында жаңы финансылык инструменттерди өнүктүрүү жана банктар аралык акча рыногунун катышуучуларын активдештирүү боюнча чараларды ишке ашыруу күтүлүүдө, бул улуттук капитал рыногун чыңдоо жана кредиттөөнүн рыноктук механизмдерин илгерилетүү үчүн шарттарды түзөт.

2024-жылы Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы менен климатты корпоративдик башкарууну жөнгө салуу жана тескөө, климаттык тобокелдиктерди тескөө жана финансы секторуна өтүүнү пландаштыруу жагында Кызматташуу жөнүндө меморандумга кол коюлган, анын алкагында Улуттук банктын, коммерциялык банктардын, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын кызматкерлери үчүн мастер-класстардын сериясы өткөрүлгөн. Ошондой эле аталган банк менен Кыргызстанда ишкер аялдарга финансыдан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө жана финансылык экосистеманы түзүүгө багытталган ишкер аялдарды каржылоо жөнүндө меморандумга кол коюлган.

Отчёттук жылы Ислам өнүктүрүү банкынын ислам каржылоо принциптери жагында адистердин потенциалын өстүрүү, ченемдик укуктук базаны жакшыртуу, ошондой эле калктын ислам каржылоо принциптери жөнүндө маалымат алуу деңгээлин жогорулатуу боюнча техникалык жардамын ишке ашыруудагы иш-чаралары аяктаган.

Улуттук банк иши жана финансы институтунун (NIBAF) – Пакистан Борбордук банкынын окуу борборунун катышуусунда Улуттук банктын жана финансы-кредит уюмдарынын адистери, анын ичинде Шарият кеңештеринин мүчөлөрү үчүн “Ислам банк иши”, “Шарият башкармалыгы” жана “Ислам финансы-кредит уюмдарына көзөмөл” багыттары боюнча семинарлар уюштурулган. Эл аралык консультанттар менен ислам каржылоо принциптерин өнүктүрүү үчүн ченемдик укуктук базаны жакшыртуу боюнча иштер аяктаган.

Ислам өнүктүрүү банкынын колдоосу менен эки китеп – араб тилинен орус тилине жана англис тилинен кыргыз тилине которулган, ошондой эле ислам каржылоо принциптери боюнча брошюра чыгарылган. Бул адабияттын чыгарылышы калк арасында ислам каржылоо принциптеринин маңызын туура түшүнүүнү калыптандырууга багытталган.

2024-жылдын мартында “Ислам каржылоо принциптерин өнүктүрүүдө финансылык сабаттуулуктун ролу” форуму уюштурулган, анын максаты ислам

каржылоо принциптерин өнүктүрүү маселелеринде калктын финансылык сабаттуулугунун жана маалымат алуусунун ролун белгилөө болуп саналат.

Отчёттук жылда Улуттук банктын өкүлдөрү Ислам финансы кызмат көрсөтүүлөрү боюнча кеңешке (IFSB) мүчөлүгүнүн алкагында редакциялык комиссиянын курамында IFSB ислам камсыздандыруу жана капитал рыногу боюнча эки стандарттын орус тилине которулушун текшерүү ишин жүргүзгөн.

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын интеграциялык бирикмелер менен кызматташуусун өнүктүрүүгө жигердүү көмөк көрсөткөн.

Бишкекте өткөн Түрк мамлекеттер уюмунун 11-саммитинде катышуучу өлкөлөрдүн улуттук (борбордук) банктарынын жетекчилери аталган уюмга мүчө мамлекеттердин улуттук (борбордук) банктарынын кеңешин түзүү жөнүндө меморандум түзүлгөн. Меморандумдун максаты акча-кредит саясаты, финансылык туруктуулук, төлөм системаларын, финансылык технологияларды жана өз ара кызыкчылык туудурган башка чөйрөлөрдү өнүктүрүү жагында биргелешкен консультацияларды жана изилдөөлөрдү жүргүзүү жолу менен улуттук (борбордук) банктардын ортосундагы натыйжалуу кызматташтыкты бекемдөө болуп саналат.

*Интеграциялык институттар менен кызматташуу*

Улуттук банк ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын валюта саясаты боюнча консультациялык кеңешинин, ошондой эле Евразия экономикалык комиссиясына караштуу Макроэкономикалык саясат, статистика жана финансы рыноктору боюнча консультативдик комитеттердин курамында ишин уланткан. Мындан тышкары, Улуттук банк улуттук төлөм системаларын өнүктүрүүнү координациялоо боюнча жумушчу топтун ишине катышкан.

Иштин жүрүшүндө акча-кредит саясаты, бажы алымдарын бөлүштүрүү механизми, финансы рыногу чөйрөсүндөгү мыйзамдарды шайкеш келтирүү маселелери жана ЕАЭБ өлкөлөрүндөгү учурдагы абал талкууланган. ЕАЭБдин жалпы финансы рыногун түзүү концепциясын, ЕАЭБ алкагында экономикалык интеграцияны жана статистиканы өнүктүрүүгө багытталган пландарды жана программаларды, ошондой эле борбордук банктардын санарип валюталары маселелери боюнча методологиялык иштерди жүзөгө ашыруу иши улантылган.

Борбордук (улуттук) банктардын Евразия кеңешинин аянтчасында төлөм балансынын абалы, эл аралык резервдердин динамикасы, банк секторунун жана валюта рынокторунун финансылык туруктуулугу, финансылык жеткиликтүүлүктүн улуттук стратегияларын ишке ашыруу, ошондой эле аталган кеңешке мүчө персоналды кесиптик окутуу талкууланган.

Шанхай Кызматташтык Уюму (ШКУ) менен өз ара иш алып баруунун алкагында Улуттук банк ШКУга мүчө мамлекеттердин өз ара эсептешүүлөрүндө улуттук валюталардын үлүшүн бара-бара көбөйтүү боюнча жол картасынын пункттарын ишке ашыруу менен эксперттик отурумдарга катышкан.

2024-жылы Улуттук банк "Санарип сом" прототибин сыноодон өткөрүү долбоорун ишке ашыруунун алкагында эл аралык кызматташтыкты кеңейткен. Улуттук банктын өкүлдөрү Гонконгдо өткөн Web 3.0 жазгы саммитине катышып, анда Улуттук банктын санарип валюталар жана инновациялык финансылык технологиялар боюнча тажрыйбасы көрсөтүлгөн.

Борбордук банктардын санарип валюталарын киргизүү боюнча тажрыйба алмашуу максатында Грузиянын Улуттук банкы жана "Казакстан Республикасынын Улуттук банкынын улуттук төлөм корпорациясы" акционердик коому менен жолугушуулар өтүп, Массачусетс технологиялык институтунун экономикалык талдоо жана долбоорлоо лабораториясы менен кызматташтык түзүлгөн.

*Улуттук (борбордук) банктар менен кызматташуу*

Улуттук банктын өкүлдөрү Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жана Азербайжандын улуттук (борбордук) банктарынын регионалдык жолугушуусуна катышып, анда төлөм индустриясындагы акыркы тенденциялар, OpenAPI жана Open Banking технологияларын киргизүү, Кыргыз Республикасынын төлөм системасын жана борбордук банктардын санарип валюталарын өнүктүрүү маселеси талкууланган.

Жолугушуунун жыйынтыгында төлөм системалары жагында өнүгүү жана тажрыйба алмашуу тууралуу макулдашуулар жетишилген.

Эки тараптуу мамилелерди чыңдоо жана банк чөйрөсүндө тажрыйба алмашуу максатында Улуттук банк менен Монголия Борбордук банкынын ортосунда Өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга кол коюлган. Мындан тышкары, корпоративдик башкаруу, тобокелдиктерди тескөө жана ички контролдоо жагында мамилелерди түзүү жана маалымат алмашуунун жана кызматташуунун натыйжалуулугун жогорулатуу каралган Монголиялык финансылык жөнгө салуу комиссиясы менен Өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга кол коюлган.

Улуттук банк акча-кредит саясаты, финансы сектору, төлөм системалары, финансылык технологиялар жана финансылык сабаттуулук жагында өз ара колдоо көрсөтүү, кызматташуу, тажрыйба жана маалымат алмашуу максатында Азербайжан Республикасынын Борбордук банкы менен Өз ара кызматташуу жөнүндө меморандумга кол койгон.

Улуттук банк менен Индиянын Резервдик банкынын ортосундагы кызматташтыкты кеңейтүү максатында банкинг, маалымат алмашуу жана улуттук төлөм системаларын интеграциялоо чөйрөсүндө кызматташууга багытталган келишим түзүлгөн.

Улуттук банк менен Өзбекстан Республикасынын Борбордук банкынын ортосунда банктык көзөмөл жана терроризмди каржылоого жана акчанын изин жашырууга каршы күрөшүү чөйрөсүндө кызматташуу жагында келишимдер түзүлгөн.

Улуттук банк Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосунда калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу жагында кызматташуу жана тажрыйба алмашуу жөнүндө меморандумга кол койгон.

Улуттук банк Түркия Республикасынын Президентине караштуу Финансы башкармалыгы менен Өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга кол койгон, ал финансылык технологиялар жагында кызматташууга жана Кыргызстанда финансылык технологиялардын экосистемасын өнүктүрүү стратегиясын түзүүгө, ошондой эле окуу сапарларын жана кесиптик алмашуу программаларын уюштурууга багытталган.

Улуттук банктын өкүлдөрү Малайзиянын Негара банкы тарабынан уюштурулган Ислам экономикасы жана финансы боюнча глобалдык форумга катышкан. Форумда глобалдык ислам экономикасын туруктуу өнүктүрүүнү реформалоо; заманбап экономикалык ой жүгүртүүнү ислам экономикасынын принциптери менен интеграциялоо; финансылык жеткиликтүүлүк жана экономикалык өсүштүн, инклюзивдүүлүктүн жана климатка тиешелүү аракеттердин ортосундагы өз ара байланыш маселелери каралган.

Отчёттук жылда Улуттук банк Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен соода-экономикалык, илимий-техникалык жана маданий-гуманитардык чөйрөлөрдө кызматташуусу боюнча өкмөттөр аралык комиссиялардын ишине катышкан. Өкмөттөр аралык комиссиялардын алкагында Улуттук банк Кыргызстандын коммерциялык банктары менен Австрия, Азербайжан, Улуу Британия, Индия, Кытай жана Түштүк Корея коммерциялык банктарынын ортосунда корреспонденттик мамилелерди түзүү жана кеңейтүү маселелерин иштеп чыккан. Кувейт, Малайзия, БАЭ жана Пакистан менен Кыргыз Республикасында ислам банкингин өнүктүрүү үчүн кызматташуу маселеси иштелип чыккан.

Улуттук банктын 2024-жылдагы иши өнөктөштөр менен конструктивдүү диалогду колдоого жана эл аралык милдеттенмелерди аткарууга багытталган.

# 9-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК ӨНҮГҮШҮ

Отчёттук жылда Улуттук банктын институционалдык өнүгүшүнө багытталган иштер улантылган, анын алкагында Улуттук банктын уюштуруу түзүмү оптималдаштырылып, бизнес-процесстер өркүндөтүлгөн, кызматчылардын кесиптик деңгээлин жогорулатуу үчүн зарыл шарттар түзүлгөн.

Негизги иш багыттары боюнча Улуттук банктын функцияларынын жана милдеттеринин натыйжалуу аткарылышы Улуттук банктын комитеттеринин, комиссияларынын жана түзүмдүк бөлүмдөрүнүн иши менен камсыз кылынган.

Улуттук банктын туруктуу иштеши тобокелдиктерди тескөөнү жана ички контролдоону камтыган корпоративдик башкаруу системасы тарабынан колдоого алынган. Тобокелдикти аныктоого багытталган ыкмага негизделген ички аудитордук текшерүүлөр жүргүзүлүп, Улуттук банк тышкы аудитор менен өз ара иш алып барган.

Акча-кредит саясаты, банктардын, микрофинансылык уюмдардын, төлөм уюмдарынын жана Улуттук банктын көзөмөлүндөгү башка юридикалык жактардын ишин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү боюнча иштер улантылган.

Улуттук банк коомчулукка, мамлекеттик органдарга жана уюмдарга маалымдоо, ошондой эле кайтарым байланышты колдоо аркылуу Улуттук банктын ишине ишеним көрсөтүү деңгээлин жогорулатууга багытталган коммуникациялык саясатты ишке ашырууну улантскан.

## 9.1. Уюштуруу түзүмүн өнүктүрүү

Улуттук банктын негизги милдеттери жана функциялары “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына ылайык аныкталган жана Улуттук банктын чогуу алганда анын уюштуруу түзүмүн түзгөн түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ортосунда бөлүштүрүлгөн. Отчёттук жылдын акырына карата Улуттук банкта борбордук аппараттын 33 түзүмдүк бөлүмү, беш областтык башкармалык жана Улуттук банктын Баткен областындагы өкүлчүлүгү иштеп турган.

Улуттук банк стратегиялык артыкчылыктарды жана борбордук банктардын эл аралык иштөө тажрыйбасын эске алуу менен уюштуруу түзүмүн өркүндөтүү боюнча иштерди туруктуу негизде жүргүзүп турат.

Улуттук банктын уюштуруу түзүмүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун алкагында 2024-жылы төмөнкүлөр кайра өзгөртүлүп түзүлгөн:

- Экономика башкармалыгы – Улуттук банктын мыйзам чегинде бекитилген ыйгарым укуктарына ылайык келтирүү жана Улуттук банктын акча-кредит саясатынын функцияларын так чагылдыруу максатында Акча-кредит саясаты башкармалыгына өзгөртүп түзүлгөн;

- Төлөм системалары башкармалыгы – төлөм системасынын субъекттерине лицензияларды берүүгө, методологияны иштеп чыгууга жана төлөм системасынын ишине андан ары көзөмөл жүргүзүүгө байланыштуу жоопкерчилик чөйрөсүн чектөө үчүн Төлөм системаларына көзөмөл башкармалыгына жана Төлөм системалары методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгына бөлүнгөн;

- Коммуникация жана эл аралык кызматташуу башкармалыгы – өз алдынча Эл аралык кызматташуу бөлүмүнө жана Коомчулук менен иш алып баруу бөлүмүнө бөлүнгөн.

Өз алдынча Эл аралык кызматташуу бөлүмүн түзүү эл аралык кызматташтыкты координациялоо процессин оптималдаштырууга жана Улуттук банктын ишине

тиешелүү демилгелерди жана долбоорлорду илгерилетүү боюнча ишти күчөтүүгө мүмкүндүк берди.

Коомчулук менен иштөө бөлүмүнүн иши бирдиктүү коммуникациялык саясатты, финансылык сабаттуулук боюнча демилгелерди илгерилетүүгө, ЖМК менен өз ара аракеттенүүгө жана коомдук кабылдаманын ишин камсыздоого багытталган.

Эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен Улуттук банктын түзүмүндө Комплаенс бөлүмү түзүлгөн, анын функциясына Улуттук банктын ишиндеги комплаенс-тобокелдиктерди тескөө кирет.

*Улуттук банктын кызматчыларынын саны*

2024-жылдын акырына карата Улуттук банктын кызматкерлеринин тизме боюнча саны 718 адамды түзгөн, алардын ичинен 633 адам – борбордук аппаратта жана 85 адам областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүктө иштеген.

***9.1.1-таблица.***

Улуттук банктын кызматчыларынын саны (бир мезгилдин акырына карата, адам)

| | 2023 | 2024 |
|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **721** | **718** |
| Борбордук аппарат | 637 | 633 |
| Областтык башкармалыктар жана Баткен областындагы өкүлчүлүк | 84 | 85 |

Улуттук банк кызматчылардын гендердик балансынын сакталышына көңүл бурат. 2024-жылдын акырына карата 347 аял, 371 эркек иштеген: борбордук аппаратта аялдардын саны 316, эркектердин саны 317; областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө аялдардын саны 31, эркектердики саны 54 болгон.

Пайыздык катышта аялдар – 48,3 пайызды, эркектер 51,7 пайызды түзгөн.

***9.1.1-график.***

Кызматчылардын гендер боюнча катышы

*(пайыздарда)*




Жаш курагы боюнча персоналдын негизги бөлүгү 31 жаштан 40 жашка чейинки курактагы кызматчыларга туура келет.

***9.1.2-график.***

Кызматчылардын жаш курагы боюнча катышы




Отчёттук мезгилдин акырына карата кызматчылардын 30 пайызынын 15 жылдан ашык иш стажы болгон.

***9.1.3-график.***

Кызматчылардын иш стажы боюнча катышы




Эмгек акы төлөө боюнча рыноктун атаандаштык шарттарында Улуттук банкта акыркы үч жыл ичинде кадрлардын иштен кетүүсүнүн өсүшү байкалган. Отчёттук жылда кадрлардын иштен кетүүсү 14,1 пайызды түзгөн.

***9.1.4-график.***

Кадрлардын иштен кетүүсү




*Сынак аркылуу тандоо*

Улуттук банкта квалификациялуу адистерди ишке тартууга өзгөчө көңүл бурулат. Ишке кабыл алууда ачык-айкын, бирдей жана адилеттүү мамилени камсыз кылуу үчүн сынак аркылуу тандоо системасы колдонулат, ал талапкерлердин кесиптик компетенттүүлүгүн жана инсандык сапаттарын баалоого мүмкүнчүлүк берет. Бош турган кызмат орундарына сынак өткөрүлө тургандыгы жөнүндө кулактандыруулар жалпыга маалымдоо каражаттарында, социалдык тармактарда жана Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланат. 2024-жылы 70 сынак, анын ичинен 11 сынак – Улуттук банктын областтык башкармалыктарында өткөрүлгөн, алардын жыйынтыгы боюнча Улуттук банкка 39 талапкер – сынактын жеңүүчүсү ишке кабыл алынган.

*“Жаш адистер” программасы*

Улуттук банктын кадрлар резервин толуктоо максатында жыл сайын “Жаш адистер” программасы ишке ашырылууда, анын алкагында ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү, акыркы курстардын студенттери, жаш курагы 27 жаштан ашпаган талапкерлер өлкөнүн борбордук банкында иш боюнча такшалуудан өтө алышат.

*Персоналды кесиптик окутуу*

Кадрдык потенциалды чыңдоо жана Улуттук банктын кызматчыларынын квалификациясын жогорулатуу үчүн окуу иш-чаралары үзгүлтүксүз негизде өткөрүлүп турат. 2024-жылы кызматчылар Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн окутуу уюмдарында, ошондой эле борбордук (улуттук) банктарда окутуудан өтүшкөн, анын ичинде аралык форматта да окутуу жүргөн.

Отчёттук жылы окутуудагы негизги багыттар болуп акча-кредит саясаты, санарип валюта, тобокелдиктерди баалоо жана экологиялык, социалдык жана корпоративдик башкаруунун негиздери (ESG)[1], ислам банкинги, киберкоопсуздук саналган. Ошондой эле кызматчыларга билим алуу жана аны FRM (Financial Risk Manager), CIA (Certified Internal Auditor), CAP (Certified Accounting Practitioner), CIPA (Certified International Professional Accountant), CERM (Certified Expert in Risk Management) эл аралык сертификаттары менен тастыктоо мүмкүнчүлүгү берилген. Жыл сайын Дүйнөлүк банктын, KOICA, JICA, JDS, JISPA стипендиялык программалары боюнча Улуттук банктын кызматчылары узак мөөнөттүү окутуунун алкагында магистрдик программаларды өтүшөт. Отчёттук жылы 11 кызматчы ар башка өлкөлөрдө (Германия, Корея, АКШ, Япония) окуусун уланткан.

[1] ESG (Environmental, Social, Governance) principles – айлана-чөйрөнү коргоого, социалдык ыңгайлуу шарттарды түзүүгө, кызматкерлерге ак ниеттүү мамиле кылууга жана талаптагыдай корпоративдик башкарууга негизделген иш принциптери.

## 9.2. Улуттук банкта чечимдерди кабыл алуу системасы

Улуттук банкта чечимдерди кабыл алуу системасына Улуттук банк Башкармасы, комитеттер жана комиссиялар кирет.

Банк Башкармасы Улуттук банктын негизги иш багыттарын аныктаган жогорку башкаруу органы болуп саналат. Башкарманын ыйгарым укуктары "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында белгиленген. Улуттук банк Башкармасы коллегиалдуу органдарды (комитеттерди, комиссияларды) түзүүгө, алардын ыйгарым укуктарын жана жоопкерчиликтерин аныктоого, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында анын өзгөчө компетенциясына таандык болгондорду кошпогондо, өзүнүн ыйгарым укуктарынын бир бөлүгүн комитеттерге жана комиссияларга өткөрүп берүүгө укуктуу. Улуттук банктын комитеттерин жана комиссияларын Башкарманын мүчөлөрү жетектейт.

Башкарманын, комитеттердин, комиссиялардын чечимдерин жана банктын операциялык ишин Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрү аткарышат.

*Башкарманын иши*

Башкарма акча-кредит саясатын; коммерциялык банктардын, БФКУлардын жана Улуттук банктын көзөмөлүндөгү башка юридикалык жактардын, төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин көзөмөлдөө жаатындагы саясатты; банк секторун, БФКУ секторун жана төлөм системасын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктайт; акча белгилеринин жаңы үлгүлөрүн жана номиналдарын чыгаруу тартибин жана банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүдөн алып коюу тартибин белгилейт; ченемдик укуктук актыларды кабыл алат; жылдык отчётту бекитет жана Улуттук банктын компетенциясына кирген башка маселелер боюнча чечимдерди кабыл алат.

Башкарманын 2024-жылдагы иши жылдык жана чейректик бекитилген пландардын негизинде жүзөгө ашырылган. Башкарманын 86 отуруму болуп, анда 323 маселе каралып, 190 токтом кабыл алынган, анын ичинде:

- акча-кредит саясаты жана эл аралык резервдерди тескөө боюнча 19 маселе каралып, 19 токтом кабыл алынган;
- коммерциялык банктардын, БФКУлардын жана Улуттук банк тарабынан лицензияланган жана жөнгө салынган башка уюмдардын иши боюнча 116 маселе каралып, 79 токтом кабыл алынган, анын ичинде алардын ишин ченемдик укуктук жөнгө салуу боюнча 41 токтом кабыл алынган;
- төлөм системасынын иши жана ишин жөнгө салуу боюнча 38 маселе каралып, 15 токтом кабыл алынган;
- Улуттук банктын уюштуруу ишин кошо алганда, башка маселелер боюнча 77 токтом кабыл алынган.

*Комитеттердин жана комиссиялардын иши*

Комитеттер жана комиссиялар Улуттук банктын функцияларын жана милдеттерин натыйжалуу аткаруу максатында өз ишин туруктуу негизде жүзөгө ашырышууда. 2024-жылдын акырында 11 комитет жана 13 комиссия иштеген. Комитеттердин жана комиссиялардын иши жөнүндө маалыматтар ушул отчёттун 2-тиркемесинде чагылдырылган.

## 9.3. Тобокелдиктерди тескөө системасы жана ички контролдоо

Улуттук банктын тобокелдиктерди тескөө системасы корпоративдик башкаруу системасынын элементи болуп саналат. Улуттук банктын тобокелдиктерди тескөө процесси мезгилдүү мүнөзгө ээ жана тобокелдикке баа берүү (тобокелдикти идентификациялоо, талдоо жана өлчөө), тобокелдикке чара көрүү, натыйжалуулугуна мониторинг жана контролдоо жүргүзүү, ошондой эле тобокелдиктерди тескөө боюнча отчёттуулук сыяктуу базалык этаптардан турат.

Улуттук банктагы ички контролдоо корпоративдик башкаруу системасынын элементи болуу менен, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына ылайык уюштурулган жана ички контролдоо жагындагы алдыңкы тажрыйбалар эске алынган.

Улуттук банктагы тобокелдиктерди тескөө системасы жана ички контролдоо ички аудиттин COSO ERM[1], ISO 31000 эл аралык стандарттарына ылайык үч коргоо линиясынын негизинде түзүлүп, ага жүктөлгөн максаттарды, милдеттерди жана функцияларды аткаруу үчүн Улуттук банктын туруктуу ишин колдоого багытталган.

Биринчи коргоо линиясы тобокелдиктерди идентификациялоону жана Улуттук банктын операциялык ишин жүзөгө ашыруу процессинде контролдук аракеттерди камсыз кылат.

*Финансылык жана операциялык тобокелдиктерди тескөө*

Экинчи коргоо линиясында Улуттук банктын тобокелдиктерин тескөө боюнча методологиялык жана контролдоо функциялары, анын ичинде финансылык тобокелдиктерди минималдаштыруу жана алтын валюта резервдеринин сакталышын камсыз кылуу үчүн белгиленген лимиттердин жана чектөөлөрдүн аткарылышын контролдоо каралган, операциялык тобокелдиктерге өз алдынча баа берүүнү кошо алганда, Улуттук банктын ишине операциялык тобокелдиктердин таасирин азайтуу боюнча чаралар топтому жүзөгө ашырылат.

*Ички аудит бөлүмү*

Үчүнчү коргоо линиясы Улуттук банктын тобокелдиктерди тескөө жана ички контролдоо системасынын абалына көз карандысыз жана объективдүү баа берүүнү билдирет. Аталган линиянын функциясын аудит объекттеринин ишине көз карандысыз, Улуттук банк Башкармасына жана Аудит боюнча комитетке отчёт берүүчү Ички аудит бөлүмү аткарат.

Ички аудит бөлүмү тарабынан 2024-жылы Улуттук банктын ишинин негизги багыттары жана бизнес-процесстери, анын ичинде эл аралык резервдерди натыйжалуу жайгаштыруу, коммерциялык банктарды лицензиялоо, БАФКУ ишине тобокелдикке багытталган тышкы көзөмөлдү жүзөгө ашыруу маселелери боюнча аудитордук текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

*Аудит боюнча комитет*

Аудит боюнча комитет талаптагыдай ички контролдоо системасын камсыз кылууда жана тобокелдиктерди тескөө системасынын натыйжалуулугун жогорулатууда Улуттук банк Башкармасына көмөк көрсөтүү менен бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана Улуттук банктын финансылык отчёттуулугун даярдоо жол-жоболорун контролдойт, тышкы аудитор менен өз ара мамилелерди жөнгө салуу жагында Улуттук банк Башкармасына сунуш-көрсөтмөлөрдү берип, тышкы аудитордун ишине баа берет.

Аудит боюнча комитет тарабынан отчёттук мезгилде бир катар отурумдар өткөрүлгөн, анда Улуттук банктын консолидацияланган жана өзүнчө финансылык отчёттору; ички контролдоо системасына баяндама; ички жана тышкы аудиттердин сунуш-көрсөтмөлөрүнүн аткарылышына мониторинг жүргүзүү; Ички аудит бөлүмүнүн иши боюнча материалдар; Улуттук банктын Эсепке алуу саясатына өзгөртүүлөрдү киргизүү каралган.

*Тышкы аудит*

Улуттук банктын 2024-жыл үчүн консолидацияланган жана өзүнчө финансылык отчётунун тышкы аудити Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому менен бекитилген “Бейкер Тилли Бишкек” ЖЧК аудитордук уюму тарабынан жүргүзүлгөн. Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча корутунду алынган, ага ылайык финансылык отчёт бардык олуттуу мамилелерде Улуттук банктын 2024-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча финансылык абалын ишенимдүү чагылдырат.

[1] The Committee of Sponsoring Organizations of the Treadway Commission (COSO) – компаниялардын уюштуруу иштерин башкаруу, ички контролдоо жана тобокелдиктерди тескөө маселелери боюнча корпоративдик колдонмо үчүн сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу максатында түзүлгөн ыктыярдуу жеке уюм.

МАЗМУНУ

*Келечек милдеттер*

Тобокелдиктерди тескөө системасын өнүктүрүүнүн келечек багыты туруктуу өнүгүү принциптерин жайылтуу жана климаттык тобокелдиктердин Улуттук банктын ишине тийгизген таасирине баа берүү болуп саналат. Улуттук банктын ESG-принциптерин колдонууга киргизүү боюнча стратегиясын аныктоо маселеси каралууда жана эл аралык тажрыйба иликтенүүдө.

## 9.4. Мыйзамдарды өркүндөтүү

*Ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу*

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” мыйзамына ылайык, ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу укугуна ээ.

Улуттук банк акча-кредит саясаты, банктардын, микрофинансылык уюмдардын, төлөм уюмдарынын жана Улуттук банктын көзөмөлүнө алынган башка юридикалык жактардын ишин жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү иштерин жүргүзөт. Отчёттук жылы Улуттук банк тарабынан аталган чөйрөлөрдө укуктук мамилелерди жөнгө салуучу 65 токтом кабыл алынган.

Муну менен катар эле, Улуттук банктын демилгеси боюнча төмөнкү мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилген:

- бир микрокредиттик компания тарабынан банктык операциялардын чектелген тизмегин сынап көрүү боюнча атайын жөнгө салуу режимин ийгиликтүү аяктоонун жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы микрофинансы уюмдары жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилген, анда микрофинансылык жана микрокредиттик компаниялар тарабынан накталай эмес формада кредит берүү үчүн улуттук төлөм системасынын кредиттик карталарын чыгаруу жана төлөм карталарынын эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо мүмкүнчүлүгү каралган;
- накталай эмес төлөмдөрдү өнүктүрүү, эл аралык төлөм системаларынын карталарын колдонуу менен төлөмдөрдүн үзгүлтүксүз өтүшүн камсыз кылуу жана талап кылынган инновациялык технологиялардын жана сервистердин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилген, ага ылайык процессинг борборлору Кыргыз Республикасынын аймагында болууга тийиш;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин катышуусу менен инвестициялык долбоорлордун алкагында отун-энергетикалык комплекси чөйрөсүнө инвестиция тартууга өбөлгө түзүү максатында, бааларды (тарифтерди) чет өлкө валютасында аныктоо мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилген.

Мындан тышкары, Улуттук банк 2024-жылы төмөнкү мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү демилгелеген:

- улуттук валютанын санарип түрдөгү прототибин – “санарип сомду” колдонууга киргизүү жана бул үчүн укуктук негиз түзүү, ошондой эле санарип сомду мыйзамдуу төлөм каражаты катары аныктоо максатында, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” жана “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына Кыргыз Республикасында санарип валюта “санарип сомдун” укуктук статусу боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө “Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоорлору иштелип чыккан. Мыйзам долбоорлору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна сунушталган;
- накталай эмес төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү өнүктүрүү алкагында, бир төлөм уюму электрондук акчаны эмиссиялоону сынап көрүү боюнча атайын жөнгө

салуу режимин ийгиликтүү аяктоосунун жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөр даярдалган, алар төлөм уюмдарына банктар менен катар эле электрондук акча чыгарууга мүмкүндүк берет. Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна сунушталган.

*Консультанттын функциясын аткаруу*

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 38-беренесине ылайык, Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине консультация берет.

Мамлекеттик органдар менен өз ара иш алып баруу алкагында, мыйзам долбоорлору жана башка финансылык, банктык жана төлөм системалары, бюджет-салык саясаты маселелерине жана Улуттук банктын ишине тиешелүү башка маселелер тууралуу ченемдик укуктук актылар боюнча Улуттук банк тарабынан корутундулар берилген. Отчёттук жыл ичинде мамлекеттик бийлик органдарынын дарегине 650дөн ашык кат жөнөтүлгөн.

2024-жылы Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, Кыргыз Республикасынын министрликтери, ведомстволору демилгелеген жана бюджет-салык, инвестициялык жана Улуттук банктын компетенциясына тиешелүү башка чөйрөлөрдөгү мыйзамдарды өркүндөтүүгө багытталган мыйзам долбоорлорун кароого жана илгерилетүүгө катышкан.

Ошондой эле Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин социалдык-экономикалык, бюджет-салык жана башка чөйрөлөрүндөгү ченемдик укуктук базаны өркүндөтүүгө багытталган 56 чечиминин долбоорун кароого катышкан.



## 9.5. Коммуникациялык саясат

Улуттук банктын коммуникациялык саясаты маалыматтын транспаренттүүлүгү, аныктыгы, жеткиликтүүлүгү жана ыкчамдыгы, ошондой эле кайтарым байланышты колдоо принциптерине таянган ички жана тышкы коммуникациянын натыйжалуу системасы аркылуу ишке ашырылат.

*Коомчулукка маалымдоо*

Коомчулукка Улуттук банктын ишинин негизги багыттары тууралуу маалымат берүү, кабыл алынып жаткан чечимдердин себебин жана маңызын түшүндүрүү, банктык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөргө келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктер жана башкалар жөнүндө эскертүү жүргүзүлүп жаткан коммуникациялык саясаттын негизги элементтери болуп саналат. 2024-жылы аудиторияны кеңири камтуу үчүн коммуникациянын ар кандай каналдары жана форматтары: Улуттук банктын расмий интернет-сайты, социалдык тармактардагы расмий баракчалары, мессенджерлер (WhatsApp, Telegram), телекөрсөтүү, интернет-басылмалар, басма сөз ЖМКлары жана радиостанциялар пайдаланылды.

*Жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара иш алып баруу*

Негизи, иштин маанилүү бөлүгү катары жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара иш алып баруу саналат. Улуттук банк 2024-жылы өз иши жөнүндө 170ден ашуун басылма даярдап, ар кандай маалымат аянтчаларында жарыялаган. Күн сайын республикалык жана регионалдык телеканал эфирлеринде валюта курстары жана өлчөнгөн алтын куймалардын наркы жөнүндө инфографика менен коштолгон “Улуттук банк билдирет” рубрикасы, ошондой эле финансылык сабаттуулук боюнча “Финсабат” теле берүүлөрү даярдалып, көрсөтүлүп турган.

Отчёттук мезгил ичинде Улуттук банкка журналисттерден 236 суроо-талап түшкөн, алардын ар бирине жооп жөнөтүлгөн. Медиа мейкиндикке мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча жалпыга маалымдоо каражаттарында Улуттук банктын иши жөнүндө 11 897 басылма жарыяланган.

Коомчулук менен коммуникацияны ишке ашыруу максатында мурдагыдай эле туруктуу негизде пресс-конференциялар жана брифингдер уюштурулуп турган. Отчёттук жыл ичинде Улуттук банктын өкүлдөрү жалпыга маалымдоо каражаттарында Улуттук банктын акча-кредит саясаты, валюта рыногунда жагдай, банктык кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүү, банкноттторду жана коллекциялык монеталарды чыгаруу, керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жагында актуалдуу маселелер жөнүндө 100дөн ашуун маалымат беришкен.

Коммуникация каналдарынын маанилүүсү катары мурдагыдай эле Улуттук банктын www.nbkr.kg расмий интернет сайты колдонулган, ал аркылуу коомчулукка Улуттук банк тарабынан кабыл алынган чечимдер жана жүргүзүлүп жаткан саясат, учурдагы инфляция деңгээли, валюта курстары, мезгилдүү басылмалар, отчёттор, улам жаңыртылып турууч статистикалык маалыматтар, ошондой эле башка маалымат берилип турган.

Социалдык медиа маалымат таратуунун кыйла натыйжалуу каналы экендигин эске алуу менен Улуттук банк социалдык тармактарды жана мессенджерлерди жигердүү колдонгон. Улуттук банктын расмий баракчаларында соцтармактарда жеке видеоконтент жайгаштырылып, инфографикалар, инфокарталар жана башка продукциялар жарыяланган. Социалдык тармак баракчалары аркылуу да коомчулук менен ыкчам өз ара байланышуу жана түшүндүрүү иштери камсыздалган. Атап айтканда, Улуттук банктын өкүлдөрүнүн катышуусунда актуалдуу маселелерге арналган 24 түз эфир уюштурулуп, анын жүрүшүндө соцтармак пайдалануучулары тиешелүү маселелер боюнча өз суроолорун берип, ал эми жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү маалыматтарды пайдалануу менен материалдарды даярдашкан.

Региондордо коомчулук менен коммуникация Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү аркылуу камсыздалган, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарында Улуттук банктын иши жөнүндө 45 маалыматтык жана аналитикалык материалдар жарыяланган.

*Коомдук кабылдама*

Калк менен өз ара байланышты камсыздоо инструменттеринин эң эле негизгиси катары Улуттук банктын борбордук аппаратында, областтык башкармалыктарында жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө жайгашкан коомдук кабылдамалар аркылуу камсыздалган. Коомдук кабылдамалардын иши консультация берүүгө жана Улуттук банктын компетенциясына кирген маселелер боюнча маалымат берүүгө, жарандардын Улуттук банктын жетекчилиги жана адистери менен жолугушуусун уюштурууга багытталган. Алсак, жыл ичинде өз ара байланыш каналдары аркылуу (жазуу жүзүндө жана оозеки, расмий WhatsApp-каналы аркылуу кайрылуулар) коомдук кабылдамага 9 000 жакын кайрылуу түшкөн.

2024-жылы финансылык алдамчылыкка жол бербөө чараларына өзгөчө көңүл бурулган. Улуттук банк укук коргоо жана башка мамлекеттик органдар, коммерциялык банктар жана мобилдик байланыш операторлору менен тыгыз кызматташтыкта комплекстүү маалымдоо-алдын алуу иштерин жүргүзгөн.

Улуттук банк санарип технологияларды пайдалануу менен жүргүзүлүп жаткан жаңы алдамчылык схемалары жөнүндө калкка туруктуу негизде маалымдап турган, ошондой эле мындай алдамчылык схемаларына дуушар болбоо үчүн кеңири сунуш-көрсөтмөлөрдү тараткан. Атап айтканда, маалыматтык билдирүүлөр, макалалар, интернет басылмалардын сайттарында баннерлер, маалымат карталары даярдалып, жайгаштырылган, Улуттук банктын өкүлдөрү жалпыга маалымдоо каражаттарында жана социалдык тармактарда маалымат берүүсү уюштурулган, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги жана “Кыргызстан банктарынын союзу” юридикалык жактар бирикмеси менен биргеликте пресс-конференция өткөрүлгөн.

Мындан тышкары, Улуттук банк алдамчылар жөнүндө эскертүү видеороликтерин даярдаган, алар Бишкек шаарынын коомдук транспортторунда

көрсөтүлүп турган. Улуттук банктын демилгеси боюнча мобилдик байланыш операторлорунун көмөктөшүүсү менен алдамчылык коркунучу жөнүндө SMS-билдирүүлөр жөнөтүлгөн.

*Жогорку Кеңеш менен өз ара иш алып баруу*

Коомчулукка маалымдоо иши Жогорку Кеңештин депутаттары менен өз ара иш алып баруу аркылуу да жүзөгө ашырылган. Отчёттук жыл ичинде мыйзам чыгаруу органына Улуттук банктын ишине тиешелүү маселелер боюнча 73 кат жөнөтүлгөн. Жогорку Кеңештин депутаттары үчүн семинарлар өткөрүлүп, анын жүрүшүндө Улуттук банктын негизги иш багыттары, анын ичинде “Санарип сом” долбоорун ишке ашыруу боюнча маалымат берилген.

Улуттук банктын нумизматикалык музейинин экспозициясында акча жүгүртүлүшүнүн өнүгүү тарыхы боюнча материалдар камтылып, 2024-жылы жарандарды кабыл алуусун уланткан. Мектеп окуучулары жана студенттер, чет өлкөлүк жарандар, мамлекеттик органдардын, ЖМК өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын тургундары жана коноктору үчүн экскурсиялар уюштурулган.

Жыл ичинде 127 экскурсия өткөрүлүп, келгендердин жалпы саны 2 367 адамды түзгөн.

Экскурсиялардын жүрүшүндө коноктор ар кандай мезгилдерде чыгарылган жана улуттук валютанын өнүгүү жана калыптануу этаптарын чагылдырган банкноттордун жана монеталардын эскиздери жана үлгүлөрү менен таанышышкан.

Музейде Кыргызстандын аймагынан табылган байыркы замандын акча белгилеринин экспозициялары, ошондой эле азыркы мезгилдин банкноттору жана монеталары коюлган. Мындан тышкары, коноктордун назарына даярдоонун ар кандай технологияларын колдонуу менен жасалган алтын, күмүш жана жез-никель эстелик монеталарынын коллекциялары, алтын куймалары, ошондой эле Улуттук банк тарабынан чыгарылган жана эл аралык сынактарда байгелүү орундарды жеңип алган башка нумизматикалык продукциялар сунушталган.

Ошону менен бирге эле Талас шаардык көркөм сүрөт искусство музейинде, Улуттук банктын Ысык-Көл жана Жалал-Абад областтык башкармалыктарынын имараттарында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Элдик Курултайын өткөрүүнүн алкагында нумизматикалык баалуулуктардын көчмө көргөзмөлөрү уюштурулуп, өткөрүлгөн. Көргөзмөлөргө 2 000ден ашуун адам келген.

# ТИРКЕМЕЛЕР

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
2024-жыл үчүн отчётуна карата
**1-тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2024-жылдагы уюштуруу түзүмү



Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
2024-жыл үчүн отчётуна карата
**2-тиркеме**

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын негизги комитеттери жана комиссиялары

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын комитеттери

| № | Аталышы | Комитеттердин иши |
|---|---|---|
| 1. | ***Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети*** | Улуттук банктын акча-кредит саясатын жүргүзүүдө тактикалык чечимдерди иштеп чыгат. Комитеттин негизги милдеттерине акча-кредит чөйрөсүндөгү түптөлгөн жагдайга баа берүү жана мониторинг жүргүзүү, ачык жана валюта рынокторундагы операциялар боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу, банк системасындагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу жана акча-кредит саясатынын инструменттерин колдонуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү кароо кирет.<br>2024-жылы комитетте 54 отурум өткөрүлүп, 132 маселе каралган. |
| 2. | ***Инвестициялык комитет*** | Улуттук банктын инвестициялык саясатынын алкагында эл аралык резервдерди тескөө боюнча тактикалык чечимдерди карайт жана кабыл алат. Улуттук банктын инвестициялык саясатынын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү жана баа берүү, ошондой эле эл аралык финансы рынокторундагы жагдайды эске алуу менен инвестициялык иштин натыйжалуулугун талдоо комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат.<br>2024-жылы комитетте 33 отурум өткөрүлүп, 80 маселе каралган. |
| 3. | ***Көзөмөл боюнча комитет*** | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши жөнгө салынуучу коммерциялык банктардын, банк эмес финансы-кредит уюмдарынын жана башка уюмдардын ишин лицензиялоо, жөнгө салуу жана көзөмөлдөө маселелери боюнча чечимдерди кабыл алат.<br>Отчёттук мезгил аралыгында комитеттин 53 отуруму өтүп, 155 маселе каралган. |
| 4. | ***Төлөм системасы боюнча комитет*** | Кыргыз Республикасынын төлөм системасын өнүктүрүүнүн багыттары, төлөм системасынын натыйжалуулугун, ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу үчүн инновациялык төлөм технологиялары боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү (корутундуларды) берет, ошондой эле лицензиялоо маселелери боюнча, анын ичинде атайын жөнгө салуу режиминин чегинде, төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча чечимдерди кабыл алат.<br>2024-жылы комитетте 31 отурум өткөрүлүп, 57 маселе каралган. |
| 5. | ***Аудит боюнча комитет*** | Улуттук банк Башкармасына Улуттук банкта ички контролдоо системасын талапка ылайык камсыздоого, бухгалтердик эсепке алууну жүргүзүү жол-жоболоруна жана финансылык отчёттордун даярдалышына контролду камсыз кылууга көмөк көрсөтөт, ошондой эле ички аудит бөлүмүнүн ишине көзөмөл жүргүзөт. Комитет ички аудит бөлүмүнүн иши жөнүндө материалдарды, Улуттук банктын финансылык отчётторунун, ички жана тышкы аудиттин сунуш-көрсөтмөлөрүнүн ишке ашырылышына мониторингди, ички контролдоо системасы боюнча материалдарды карап чыгат.<br>Отчёттук жыл ичинде комитеттин 25 отуруму өткөрүлүп, 43 маселе каралган. |

| | | |
|---|---|---|
| 6. | ***Тобокелдиктер боюнча комитет*** | Улуттук банктын ишине мүнөздүү тобокелдиктерди идентификациялоо, аларга баа берүү жана чектөө жагында түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин координациялоо аркылуу Улуттук банктын ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди азайтуу боюнча чараларды көрөт.<br>2024-жылы комитетте 6 отурум өтүп, 17 маселе каралган. |
| 7. | ***Маалымат технологиялары боюнча координациялык комитет*** | Улуттук банкта маалымат технологияларын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктайт жана аларды ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын аткарылышын контролдойт; маалымат технологиялары боюнча ишке ашырылып жаткан долбоорлорду координациялайт, долбоорлор боюнча техникалык чечимдерди жана алардын артыкчылыктарын аныктайт.<br>Отчёттук мезгил аралыгында комитетте 10 отурум өтүп, 36 маселе каралган. |
| 8. | ***Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдарын тескөө боюнча комитет*** | Каралган ыйгарым укуктарынын чегинде Улуттук банктын туунду жана ассоциацияланган уюмдарын тескөө чөйрөсүндө чечимдерди кабыл алат жана менчик ээси катары Улуттук банктын юридикалык жактардын ишине катышуу маселелери боюнча Улуттук банк Башкармасына сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат.<br>Отчёттук мезгил аралыгында комитеттин 14 отуруму өткөрүлүп, 28 маселе каралган. |
| 9. | ***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюджетин түзүү жана ишин пландаштыруу боюнча комитети*** | Улуттук банктын бюджетин түзүү жана пландаштыруу процесстерине тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алат.<br>2024-жылы комитеттин 20 отуруму өткөрүлүп, Улуттук банктын бюджеттеринин аткарылышы жөнүндө отчёттор, ошондой эле бюджеттердин долбоорлору жана алдыдагы жылга пландар каралган. |
| 10. | ***Курулуш боюнча комитети*** | Улуттук банктын объектилеринде жүргүзүлгөн курулуш иштерин координациялайт жана контроль жүргүзөт; курулуштун максатка ылайыктуулугун жана артыкчылыктарын аныктайт.<br>2024-жылы комитетте 10 отурум өтүп, 27 маселе каралган. |
| 11. | ***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын маалымат коопсуздугу боюнча комитети*** | Улуттук банкта маалымат коопсуздугун өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктайт, аларды ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын аткарылышын контролдойт; Кыргыз Республикасынын банк системасынын маалымат коопсуздугун камсыз кылууга багытталган иш-аракеттерди аныктайт жана координациялайт.<br>Комитеттин отуруму иш зарылчылыгына жараша өткөрүлөт. |

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын комиссиялары

| № | Аталышы | Комиссиялардын иши |
|---|---|---|
| 1. | ***Этиканы сактоо жана коррупцияга жол бербөө боюнча комиссия*** | Кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө мыйзамдарга ылайык, ошондой эле коррупцияга каршы багытталган чараларды ишке ашыруу жана мониторинг жүргүзүү аркылуу коррупцияны алдын алуу жана ага каршы аракеттерди көрүү маселелери боюнча Улуттук банктын ишин камсыз кылат.<br>2024-жылы комиссиянын 4 отуруму өтүп, 4 маселе каралган. |

| | | |
|---|---|---|
| 2. | ***Методологиялык комиссия*** | Банк терминдерин жана алардын түшүндүрмөсүн бекитет; иште жаңы багыттардын киргизилишине байланыштуу, документтердин долбоорлорун алардын методологиялык жактан иштелип чыгышы көз карашында карап чыгат.<br>2024-жылы комитеттин 2 отуруму өткөрүлүп, 2 маселе каралган. |
| 3. | ***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уюштуруу негизин өнүктүрүү боюнча комиссия*** | Улуттук банктын ишин уюштурууну өркүндөтүү маселелерин карайт жана ал боюнча сунуштарды даярдайт.<br>Отчёттук жылы комиссия 5 отурум өткөрүп, анда 12 маселе каралган. |
| 4. | ***Эмгек маселелери боюнча талаш-тартыштарды жөнгө салуу комиссиясы*** | Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык Улуттук банкта жеке эмгек маселелери боюнча талаш-тартыштарды карайт.<br>2024-жылы Улуттук банкта жеке эмгек маселелери боюнча талаш-тартыштар жаралган эмес, ушуга байланыштуу комиссиянын отуруму өткөрүлгөн жок. |
| 5. | ***Дисциплинардык комиссия*** | Укук бузууларды жасоо менен байланышкан жагдайларды карайт жана Улуттук банктын кызматкерлерине тартип жаза чараларын колдонуу/колдонбоо боюнча сунуштарды берет.<br>2024-жылы дисциплинардык комиссиянын отуруму болгон эмес. |
| 6. | ***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын туунду уюмдарына орду жабылуучу инвестициялар наркын баалоо боюнча комиссия*** | Туунду компанияларга инвестициялардын орду толтурулуучу наркын эсептөө методологиясын аныктайт жана Улуттук банктын туунду компанияларга инвестицияларынын орду толтурулуучу наркына баа берүүнү жүргүзөт.<br>Отчёттук жыл ичинде комиссиянын бир отуруму өтүп, 1 маселе каралган. |
| 7. | ***Улуттук банктын имараттарында жана курулмаларында утурумдук ремонт иштери боюнча комиссия*** | Улуттук банктын имараттарын жана курулмаларын капиталдык же күндөлүк ремонт иштерин жүргүзүү зарылдыгын аныктоо үчүн кароону жүзөгө ашырат.<br>2024-жылы комиссия тарабынан түзүмдүк бөлүмдөрдүн билдирмеси боюнча жайларды 4 жолу текшерүү жүргүзүлгөн. |
| 8. | ***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын сыйлыктары боюнча комиссия*** | Улуттук банктын кызматчыларын жана башка уюмдардын өкүлдөрүн Улуттук банктын сыйлыктары менен сыйлоо чөйрөсүндө Улуттук банктын бирдиктүү саясатын ишке ашырат.<br>2024-жылы комиссиянын 8 отуруму өтүп, 16 маселе каралган. |
| 9. | ***Укук бузуулар боюнча иштерди кароо комиссиясы*** | Аныкталган укук бузуулар жана салынган айып пулдар боюнча талаш маселелер келип чыккан учурда Укук бузуулар жөнүндө кодекске ылайык Улуттук банктын ишин камсыздайт.<br>2024-жылы 3 отурум өткөрүлүп, 3 маселе каралган. |

| | | |
|---|---|---|
| 10. | ***Борбордук эксперттик комиссия*** | Документтерди экспертизалоо, аларды тандоо жана Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фондунун мамлекеттик сактоосуна өткөрүүгө даярдоо боюнча методикалык жана практикалык иштерди уюштурат жана жүргүзөт.<br>Отчёттук мезгил аралыгында 2 отурум өткөрүлүп, 2 маселе каралган. |
| 11. | ***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын финансылык активдерин жана милдеттенмелерин классификациялоо боюнча комиссия*** | Финансылык отчёттуулуктун эл аралык стандарттарына ылайык Улуттук банктын финансылык активдеринин жана милдеттенмелеринин классификациясын аныктайт.<br>2024-жылы 4 отурум өткөрүлүп, 4 маселе каралган. |
